Благодаря всем вышеуказанным факторам, все попытки оппонентов ислама дискредитировать его в глазах веруюүих, причем различных религий и конфессий, не только не приводит к ожидаемым результатам, а зачастую к прямо противоположным. Количество приверженцев ислама постоянно возрастает в мире. Главным образом это происходит за счет высоких репродуктивных способностей мусульманского населения мира. С другой стороны, это происходит благодаря осознанному вовлечению в ислам все новых приверженцев, находяүих в нем те или иные привлекательные для себя стороны, черты. Отметим, что консерватизм мусульманского вероучения для многих людей, особенно же приверженцев традиционных строгих форм жизни, представляется наиболее привлекательной его стороной. Мусульманский мир, имеюүий, как уже указывалось выше, значительный негативный опыт взаимодействия с христианским миром, не может воспринять большинства современных глобалистских ценностей, которые в массовом мусульманском сознании ассоциируются главным образом с западными ценностями и стандартами, которые претендуют на роль универсальных, не являясь на деле таковыми.

Традиционные обүества и обүества, близкие к ним по своей сути и формальным признакам, четко ориентированы на семейные интересы и ценности; и, отстаивая их, они с необходимостью отстаивают и все то, что подкрепляет и усиливает эти ценности. А религия как раз является одним из самых действенных средств, поддерживаюүих и укрепляюүих авторитет этих ценностей, а с ними, конечно, и сами семьи. Таким образом, устойчивость института семьи, которая находится в прямой связи с ее многочисленностью, определенным образом сказывается на характере трансформации религиозного сознания.

**Использованная литература:**

1.Филатов С. Указ. соч. – С. 20.
2.Сюкияйнен Л. Исламская политико-правовая культура и демократизация в мусульманском мире: конфликт или совместимость? – М., 2006. – С. 87.
3.Валлерстайн И. Политика «едва уловимой многосторонности», www.postindustrial.ru.
4.Малашенко А. Мусульмане в начале века: надежды и угрозы. http://pubs.carnegie.ru.

***

[1] Малашенко А. Мусульмане в начале века: надежды и угрозы. http://pubs.carnegie.ru.
[2] Там же.

Кыдыралиев С. - т.и.д., проф.,ЖАМУ

**Кыргыз улутунун жана билим берүүсүнүн учурдагы көйгөйлөрү.**

Азыркы глобалдаштыруу шартында дүйнөлүк мамлекеттер арасында дүйнөлүк рынокту ээлеш үчүн атаандашуу күч алды. Өнөр жайлуу, күчтүү мамлекеттер дүйнөлүк рынокко өз товарларын чыгарып байып жатышат. Чабал мамлекеттер начарлап, күчтүүлөргө көз каранды болуп жатат. Ушундай шартта биздин Кыргызстаныбыздын акыбалы кандай болот? Келечеги кандай болот деген суроо ар бир адамды ойлондурбай койбойт.

Кыргызстан мамлекети негизги жергиликтүү улуттун атына коюлган. Ошондуктан мамлекеттин тагдыры кыргыз элинин жөндөмдүүлүгүнө, акылдуулугуна, билимдүүлүгүнө жараша болот.

Кыргызстандын өз алдынча мамлекет болгонуна 20 жыл болуп калды. Бирок биздин өлкө өз алдынча өнүгүү жолуна али да болсо түшө албай жатат. Мунун обңективдүү жана субңективдүү себептери бар. Бул макала ушул себептерди талдап, жыйынтык чыгарууга арналган.

Азыркы учурда улуттар жөндөмдүүлүктөрү жана жашоого ыңгайлашуусу боюнча эки түргө бөлүнөт: 1) көчмөн улуттар 2)өнөр жайлуу улуттар.

Көчмөн улутундагылар табияттын жемиштеринен пайдаланышып күн кечиришет. Алар көбүнчө мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен алектенишет. Өнөр жайлуу улуттар завод фабрикаларды курушуп,аларды иштетишип керектүү товарларды экспортко чыгарышып, сатышып, мамлекеттүүлүгүн курушуп, өнүктүрүшөт.

Байыртадан кыргыз улуту көчмөндүк менен өнүгүп келген. Советтер Союзу убагында кыргыздар көчмөн улутунан өнөр жайлуу улутуна айлана баштаган. Ал учурда Кыргызстанда көптөгөн завод фабрикалар иштеп турган. Мисал үчүн Бишкекте В. И. Ленин, М. В. Фрунзе атындагы заводдор, «Кыргыз электродвигатель», «Авточогултуучу»,«Кыргызавтомаш». «Көзөгүч»(заводсверл), «Айгүл», «Кыргызэлектроника» «Тери иштетүүчү» заводдору, «Трикотаж» фабрикасы, Камволдук ноту комбинаты, Антибиотик заводу иштеп турушкан. Ошондой эле завод фабрикалары Токмокто, Каджы-Сайда, Миң-Кушта, Ошто, Жалал-Абадда, Таш-Көмүрдө, Кочкор-Атада, Майлуу-Сууда, Кара-Көлдө, Хайдаркентте, Кызыл-Кыяда, Сүлүктүдө, Көк-Жангакта, ж. б. шаарларда иштеп турган. Ушул заводдордо миңдеген кыргыз улутундагы жарандар иштешип, өздөрүнүн тарыхый көчмөн турмушунан өнөр-жай турмушуна өтө баштаган. Б. а. көчмөн жашоодогу жөндөмдүүлүктөрүнө өнөр-жай жөндөмдүүлүктөрүн кошуп,аң-сезимдери өсө баштаган. Кыргыздардын ичинен токарлар, токуучулар, тигүүчүлөр, ширетүүчүлөр, цехтин жетекчилери, инженерлер, технологдор, башкы инженерлер, заводдун директорлору чыгышкан. Ушул кесиптин ээлери кыргыздарды көчмөн улутунан өнөр жайлуу улутка айландырган десек болот. Ал эми азыркы учурда өлкөдө мамлекеттик башкаруу, саламаттыкты сактоо, билим берүү, энергетика,соода мекемелери эле калды. Мындан башка Кум-Төр алтын заводу, Кызыл-Кыядагы цемент заводу өңдөгөн чет мамлекетке баш ийген бирин-серин гана ишканалар калды. Жалпысынан алганда баягы өнөр жайлуу улутка айланып бара жаткан кыргыз улуту эгемендүүлүк шартында жумушсуздуктун айынан кайрадан көчмөн улутуна айланып бара жатканы өкүнүчтүү. Жумушсуздуктун айынан ошол кыргыздардын бир бөлүгү кайрадан тоо таянып мал багып кетишти, бир бөлүгү Россия, Казакстан өндөгөн башка мамлекеттерге жумуш издеп көчүп кетишти. Ушул жагдай мамлекеттин бюджеттин азаюусуна, билим берүү, саламаттыкты сактоо мекемелеринин начарлоосуна алып келди. Атап айтканда мугалимдер менен врачтардын маяналарынын азайышына алып келди. Бул нааразычылыкты туудурду. Билим берүү мекемелери менен өнөр жай ишканаларынын ортосунда түз байланыш бар. Өнөр жай ишканаларынын жоюлушу билим берүү мекемелеринин начарлашына алып келди. Себеби дегенде мектептердеги, ЖОЖдагы окуу каражаттары, атап айтканда физикалык приборлор, химиялык реактивдер, станоктор,тракторлор, ж. б. каражаттар иштеп жаткан завод фабрикалардан алынчу.

Мындан сырткары окуучулар,студенттер окуу практикаларын, экскурсияларын, завод фабрикаларга барып өткөрүшчү. Завод фабрикалар маяна табуучу гана жер болбостон, аӊ сезимди, жашоо жөндөмдүүлүктөрдү өстүрүүчү жер болгон. Мисалы: металл иштетүүчү, кездеме токуучу станокторду алсак, алар бир эле убакта математиканын, физиканын, химиянын, ж. б. илимдердин жетишкендиги жөнүндө адамдарга маалымат берет, б. а. алардын аӊ сезимин өстүрүп, өнөр жайлык билимди жогорулатат. Мындан сырткары завод фабрикалар жарандарга социалдык жактан да жашоо турмуш дэӊгээлин жогорулатканга чоӊ таасирин тийгизчү. Ар бир ишкананын алдында өздөрүнүн жатаканалары, ашканалары, кесиптик окуу жайлары, библиотекалары, медпункттар бар эле. Тоодон түшкөн кыргыз жаштары ошол жатаканаларда жашап, кесиптик окуу жайларда окушуп, завод фабрикаларда иштешчү.

Завод фабрикалардын жоюлушу,өнөр жайынын кыйрашы орто мектептерди, техникумдарды, ЖОЖын бүтүргөн жарандардын жумушсуздугун күчөтүп, алардын көӊүлүн суутуп, депрессиялык абалга алып келди. Жарандардын орточо жашоо убактысы Советтер Союзу убагында 72 жаш болсо, ал эми азыркы учурда 62 жашты түзүп калды. Буга акы төлөө менен жүрүүлүчү медициналык жардам жана окуу процесстери өз таасирин албетте тийгизди. Айыл чарбасындагы жерлерди менчиктештирүү жана башка реформалар өз жемишин берген жок. Тескерисинче биздин базарларга чет өлкөдөн айыл чарба жемиштери келип биздин дыйкандарды банкрот кыла баштады. Бул учурда кыргыз жарандары өз күчтөрүн сатканы, жумуш издеп чет мамлекеттерге кете башташты. Азыр алдуу,күчтүү жумушка жарамдуу жарандардын жарымынан көбү өлкөбүздү таштап кетишти. 1 млндон ашык адам кетти. Бул сан абдан көп. Сыртка чыгып иштөө албетте керек. Башка мамлекеттерде сыртка чыгып иштөө 15-20%тен ашпайт. Биздикиндей бул сан көбөйсө мамлекеттин жашоосунун денгээлине терс таасирин тийгизет жана кризистик абалга алып келет. Көчмөндүк психологияны жойбосок болбойт. Өнөр жайлуу улут менен көчмөн улутунун айырмасын түшүндүрүү үчүн төмөндөгүдөй мисал келтирейин. Улуу Ата мекендик согушта немецтер менен япондуктар жеӊилип, утулушуп Германия жана Япония өтө талкаланган. Бул эки өлкөдө табият байлыктары дээрлик жок. Немецтерде жана япон улуттарында өнөр жайлуу жөндөмдүүлүк дээринде болгон. Ошондуктан алар талкаланган өлкөлөрүн бат эле калыбына келтирип, өнөр жай багытында өнүктүрүп, дүйнөнүн эӊ алдынкы өлкөсүнө айландырышты. Бизде мындай каардуу согуш болбосо деле көчмөндүк турмуштан арыла албай келебиз. Демек бизде өнөр жайлуу жөндөмдүүлүк жок, болсо да өтө аз. Бизде өнөр жайлуу жөндөмдүүлүгүбүздүн жоктугуна бир мисал келтире кетейин. Жалал-Абад облусунун Аксы району менен Өзбекстан чектешет.Чаткал тоо кыркалары Аксы аркылуу Өзбекстандын териториясына өтүп кетет.Ушул тоо кыркаларынын этегинде Өзбекстандын териториясында Ангрен деген кичи шаарда кен катары ак топурак(каолин)чыгат. Ушул ак топурактан (каолинден) Ангрендиктер фарфор идиштерин, фарфор электризоляторлорун, сантехникалык буюмдарды ж.б.ды жасап, аларды экспортко чыгарып сатып пайдасын көрүшөт. Ушундай эле каолин чек арага жакын жерде биздин Аксы районубуздан да чыгат. Ак топурак алыстан эле жолдун боюнан көрүнүп турат. Биздин чоӊдорубуздун деле, элибиздин деле каолинди иштете турган ою жок. Кээ бир окумуштууларга, академиктерге айтсам, текебердүүлүк менен жийиркеничтүү карашат. Төмөнкү катмардагы чор таман адамдар жасай турган жумуш катары көрүшөт. Мындан биздин текебердүүлүгүбүз, төрөпейилдүүлүгүбүз базар экономикасына туура келбей тургандыгын көрсөк болот. Же болбосо өзбектердин отурукташкан, өнөр жайлуу калк экендигин, кыргыздардын оӊой менен ийилип жумуш жасабаган, көчмөн, текебердүү калк экенин көрсөк болот.Биз эгерде пейилибизди оӊ базар экономикасына ыӊгайлаштырып оӊдобосок, анда глобалдаштыруу шартында мамлекетибизди жоготуп,элибиз оӊой оокат издеп, цыгандарга окшоп тарап кетиши мүмкүн. Ушундай коркунуч бар.

Өнөр жайлык жөндөмдүүлүктү пайда кылыш үчүн жаштарыбызды кандай окутушубуз керек, кандай тарбиялашыбыз керек деген суроо туулат? Азыркы учурда биздин билим берүү системабыз кыргыз улутун көчмөндүк абалдан өнөр жайлуу абалга өткөрө алган

жок. Айыл чарбасынын деңгээли деле жылдан-жылга төмөндөп баратат. Себеби дегенде өнөр жайынан жардам болбосо айыл чарбасы өзүнчө өнүгө албайт. Анткени бүтүн дүйнөдө айыл чарбасы, мамлекеттик дотация менен жашайт. Анын себеби айыл чарбасы жылына бир жолу гана киреше алат, калган убакта чыгаша чыгарып турат. Туризм деле ошондой. Демек биз өнөр жай тармагын өнүктүрбөсөк болбойт.

Россиядагы өнөр жайынын өнүгүү тарыхын карап көрсөк, аларда деле өнөр жайы өзүнөн өзү өнүккөн эмес. Өнөр жайына элди авторитардык башкаруу жолу менен күчкө салып иштеткен учурлар болгон.Россияда металл өндүрүү, парфюмердик буюмдарды өндүрүү, металлдардан буюм жасоо франциялык ишкерлер тарабынан колго алынып, кара жумуштарга орустар иштешкен. Кийинчерээк Петр I-нин жардамы менен билим берүү системасы өнүгүп, орустардын аң-сезими өсүп, деңиз кемелерин, курал жарактарды, параовоздорду, автомобилдерди, танктарды, самолетторду, космос кораблдерин ж.б.ды жасаганды үйрөнүп, орустар дүйнөнүн эң алдыңкы улуттарынын бири болуп калышкан. Орустардын мындай өнүгүшүнө Петр I ге окшогон орус мамлекет башчылары, өздөрү заводдордо новатор жумушчу болуп иштешип карапайым элге мисал көрсөткөнү чоң ролду ойногон. Биринчи болуп мамлекет башчылары,мамлекеттин байлыгын көбөйтүп, өз элин багып алганы аракет кылышкан.

Мамлекет куруу үчүн ар бир адам мамлекетке керек экендигин,эгер керек болсо кайсы жумушуна керек экендигин билүүсү зарыл. Өкмөт башчылары өздору кайсы жакка кетсеңер кете бергиле десе,ошондон башка оор трагедия жок деп эсептеймин. Мен бийликке отура берейин сен кайсы жакка барсаң бара бер,сен мага тийбе, мен сага тийбеймин деген принцип улуттун тарап кетишине алып келет.

Өнөр жайлуу жөндөмдүүлүк деген эмне? Ал эмнеден келип чыгат? Ушул суроолорго жооп берип кетейин. Өнөр жайлуу жөндөмдүүлүк бул илимий техникалык жетишкендиктерди пайдаланып, дүйнөлүк рынокто конкуренцияга туруштук бере ала турган товарларды иштеп чыгаруу жөндөмдүүлүгү. Мындай жөндөмдүүлүккө ар кандай улут ээ боло бербейт. Жалкоолукту жеңген, эмгекчил, тапкыч, шыктуу, уста, билимдүү улут ээ боло алат. Өнөр жай товарларын чыгарууну билимдүү, жөндөмдүү таза жүргөн, Путинге окшогон өкмөт башчылары же Н. Назарбаевге окшогон улут башчылары гана уюштура алат. Даяр нерсени сатып жеген, паракор өкмөт муну эч убакта уюштура албайт. Өнөр жайды өнүктүрүш үчүн экономиканын «товар-акча-товар» деген формуласын жакшы билиш керек. Андан кийин глобалдаштыруу шартында жаңы информациялык технологияларды, интернетти жакшы билүү зарыл. Б.а.чыгарган товарың кайсыл жерге өтөт, атаандаштарыңы таанышың керек. Товар чыгарган киши инженердик психологияга ээ болуш керек. Адам машина менен «тил табышканда» гана чыгарган товар сапаттуу, арзан жана базарда өтүмдүү болот.

Азыркы учурда биздин мамлекетибиздин башчылары, мугалимдердин жана врачтардын маянасын көбөйтүп жатышат. Эгерде биз мамлекеттин ичиндеги товар чыгарууну колго албасак, анда бул маяналарды көтөрүүдөн деле майнап чыгышы кыйын. Себеби дегенде билим берүү жана ден-соолукту сактоо мекемелеринин материалдык базасын көтөрбөй туруп, жөн эле айлыктарды көтөрүү чоң ийгиликтерге алып келбейт. Ошондуктан биз көчмөндүк жагдайдан өнөр жайлык жагдайга өтүшүбүз керек. Кыргыз улуту үчүн бул абдан оор болот. Бир эле күндө биздин жөндөмдүүлүгүбүз өзгөрүп калбайт. Ошондой болсо да биз аракет кылышыбыз керек. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн куруп, башка өнөр жайлуу мамлекеттер менен тең ата болуп жашоо оңой иш эмес. Эмне кылыш керек?-деген суроо туулат. Өзүбүздү өзүбүз көчмөн турмушунан өнөр жайлуу турмушка өткөрүшүбүз керек. Тоо кендерибизди чет мамлекеттерге бербешибиз керек. Муну биз Кум-Төр кенин берип, алардын 9%не чекебиз жылыган жок. Андан сырткы карызыбыз азайып калган жок. Азыркы учурда Кыргызыстанда экономиканы оңдош үчүн төмөнкүдөй иштер жүрүп жатат.

1) Чет мамлекетке күч сатуу, же болбосо чет мамлекетке барып жалданып иштеп, кайтып Кыргызстанга акча жөнөтүү. Бул аргасыз чара Кыргызстанга келген акчалар кайрадан эле чет мамлекеттен чыккан кийим-кечектерди, машиналарды, тамак-аштарды алууга

жумшалууда. Кыргызстанга бул акчалар жукпай жатат. Башкача айтканда чет элдик товар чыгаруучуларды биз колдоп жатабыз. Демек бул жол келечексиз.

2) Туризм багыты кээде өнүгүп, кээде өнүкпөй жатат. Туруктуу доход алып келбей жатат.

3) Мал чарбачылыгы жана дыйканчылык. Абдан аз доход алып келет. Күйүүчү, майлоочу материалдары жана техника өтө кымбат.

4) Алтын өндурүү негизиенен чет мамлекеттер тарабынан колго алынган. Кыргыз үчүн пайдасы өтө аз. Кум-Төрдөн алынган алтындын пайдасынын 91% ти Канадага, 9% ти Кыргызстанга түшөт. Мунун пайдасынан зыяны көп.

5) Цемент, айнек, көмүр өндрүүдөн өтө аз доход түзөт. Кийим тигүү иштери жүрүп жатат.

6) Алкоголдук ичимдиктер жана суусундуктарды чыгаруу бул да аз санда. Алып сатуу иштери жүрүп жатат.

Бир караганда биздин өлкө өнүгүү үчүн бардык нерсе бардай көрүнөт, акылдуу адамдарыбыз бар. Мисал үчүн улуттук илимдер академиябыз бар, университеттерде окумуштууларыбыз, бизнесмендерибиз бар, сүйлөсө тилинен чаң чыккан саясатчыларыбыз бар. Бирок элди алектендирип жумуш менен камсыз кылгам, эртеңки күнүнө ишенич пайда кылып, шарт түзгөн жетекчилер жок болуп жатат, билим берүү системасынын берген билими өндүрүштүк күчкө айланбай, жумушсуздукту көбөйтүп жатат. Эгер ушундай боло берсе,эсибизге келбесек, анда үчүнчү революция деле алыс эместей көрүнөт. Кыргызстанда бар илим,билим элдин жашоо деңгээлин жогорулатууга, мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө кызмат кылбай жатат. Мисал үчүн Улуттук илимдер академиясы жылына 143млн. сом сарптайт экен. Ал эми өлкөбүзгө алып келген пайдасы жокко эсе. Кризис шартында госбюджеттен мынча акчаны жок кылуу акылга сыйбаган кемчилдик. Бул үчүн ким күнөөлүү? Албетте адреси жок,максатсыз акча бөлгөн өкмөт башчылары күнөөлүү. Илим менен техниканын жетишкендиктерин элдин жашоо деңгээлин жогорулатууга колдоно албаган жетекчилер күнөөлүү. Окумуштууларга мамлекет шарт түзүп берсе иштей беришет. Мисал үчүн атактуу химик Д.И.Менделеевди өнөр жай боюнча чалгынчы катары пайдаланышкан. Мамлекеттин азыркы абалына кимдир бирөө, же бир партия жооп бериши керек. Болсо болду, болбосо кетип калабыз деген көчмөндүк психология менен иштеген өкмөт башчыларынын эч кимге кереги жок. Жоопкерсиздик демократиянын деле эч кимге кереги жок.

Жыйынтыктап айтканда кыргыз улуту башка жака тарап кетпес үчүн жана Кыргызстан мамлекетин түптөш үчүн, кыргыз улутун өнөр жайлуу улутка айландыруу зарыл. Ошондуктан биз төмөнкү жумуштарды жасашыбыз керек.

1. Улуттук интелегенция бир чечимге келип өз элине туура жол көрсөтүшү керек. Өз күчүбүзгө өзүбүз таянышыбыз керек.
2. Коррупцияны жоюп таза кол менен иштешибиз керек. Таза эмгек жогору бааланышы керек.
3. Улуттук илимдер академиясына, илим изилдөө ишканаларына, университеттерге,мамлекет керектүү жергиликтүү материалдардан өнөр жай товарларын чыгаруу боюнча технологияларды иштеп чыгаруу үчүн өкмөт тапшырма заказ бериш керек. Аткаруучулар товарлардын үлгүлөрүн чыгарып, дүйнөлүк базарга алып чыгып маркетинг жүргүзүш керек жана көп санда серияга чыгарыш керек. Мындай жумушту кыргыздын бизнесмендери өз алдынча жасай алышпайт. Бул окумуштуулардын колунан келет. Же болбосо бизнесмендер менен окумуштуулар бирдикте иш жүргүзүшү керек. Атаандаштыктан утуп чыгуу үчүн чымырканган эмгек керек.
4. Окумуштуулардан, инженерлерден, жумушчулардан турган бригадаларды түзүп, кредитке жабдыктарды алып, тоо кендерин өзүбүз иштетишибиз керек.
5. Мектептеги, ЖОЖ-гы окуу процесстерин көчмөн турмуштан өнөр жайлуу турмшука өткөнгө ылайыкташыбыз керек. Башкача айтканда политехникалык билимге жана жөндөмдүүлүккө ээ болушубуз керек.
6. Биздин улут завод фабрика куруш үчүн акча жок деп айтат, бирок аш-тойлорго,

сөөк коюуга акыркы малын сатып эч нерсесин аябайт. Статистика боюнча Кыргызстан жылына бул иштерге 300 млн сомдон ашык каражат сарптайт. Бул бюджеттин бештен бирин түзөт. Ушул акчаларды биз максаттуу пайдаланышыбыз керек.

7. Дүйнөлүк рынокто жакшы өтө турган товарларды тандап алып өзүбүздүн чийки заттардан ошол товарларды өз күчүбүздү, билимибизди, талантыбызды колдонуп чыгарбасак болбойт.
8. Өзүбүздүн көчмөндүк психологиябызды өнөр жайлык психологияга өзгөртүшүбүз керек. Бул үчүн биз көптөгөн психологиялык тоскоолдуктарды жеңип өтсөк, өзүбүздү баатыр катары сезип калаар элек.
9. Товар чыгарыш үчүн өкмөт башчылары гарантия болуп, иш жүргүзүшүбүз керек. Эмесе фискалдык органдар эле өндүрүштү токтотуп коюшат. Экономикалык дипломатияны уюштурушубуз керек.

***

С.Кыдыралиев- т.и.д.,проф.

## Алымбек датка жана кыргыз улутунун азыркы акыбалы.

Алымбек Асан улуу (ошол кездеги расмий документтер боюнча Ибн-Хасан бий Алымбек деп жазылчу экен) болжол менен 1800-жылдарда Алай районунда Гүлчөнүн Каргаша кыштагында төрөлгөн. Адигине уруусунун Баргы бутагынан болгон. 1863-жылы киши колдуу болуп дүйнөдөн кайткан. Бул кишинин образы Т.Касымбековдун Ш.Абдрамановдун чыгармаларында чагылдырылган. Менин Алымбек даткага кайрылганымдын себеби, СССР кулагандан кийин, Кыргыз улутунун жашоо деңгээли өнөр-жайы талкалангандан кийин, Алымбек датка жашаган деңгээлге чейин түшүп кетти. Радио, теле көрсөтүүлөр, автомобилдер, интернеттин бар экендигине карабастан, биз кайрадан өндүрүш жагынан феодалдык - патриархардык деңгээлге өндүрүш жагынан түштүк. Өз алдынча болгонубузга 20 жыл болду. Биз жашоо таянычыбызды таап, андан түртүлүп андан алдыга карап кыймылдап өсүшүбүз керек. Биздин мамлекеттик ишмерлер, бизнесмендер Алымбек даткадан сабак алыш керек. Ошондуктан бул макала азыр актуалдуу.

Биринчи Алымбек датка өз улутуна күйгөн, улутту алдыга сүйрөгөн мамлекеттик ишмер болгон. Адамдар менен иштегенди жакшы билген. Атасы соодагер болгон. Алымбек 13-14 жаштарынан тартып эле атасынын соода иштерине кошулуп Кашкар, Жаркен, Ташкент, Самарканд, Букара, Кокон, Стамбул, Кабул шаарларында болуп, байлык, бийлик жөнүндө эрте ойлонгон. Адегенде өз үйүндөгү жалданма молдодон, анан медреседен билим алган. Ал замананын алдыңкы жигиттеринен болгон.

Жаш мырзанын чечкиндүү мүнөздөрүн акыл-эсин байкап Кокон ханы Мадали кан 30 жашка толо элек Алымбекке «датка» деген эң жогорку наамды ыйгарат. Азыркы заман менен Алымбек датканын жашаган доорунун окшоштуктары:

1. Жеке менчик азыркыдай эле болгон. Капитализм болгон жер жеке менчикте болгон.
2. Жеке менчик ишканалары бар мамлекеттик кызматкерлер азыр деле бар мурун деле болгон.
3. Салык деле азыркыдай эле болгон.

Алымбек датка жеке ишкердик менен мамлекеттик кызматты айкалыштыра билген мамлекеттик ишкер болгон. Датка наамын Мадали кандын колунан алуу менен бирге, «Алайдын башкаруучусу»деген чексиз зор бийликти да, жер сууну да кошо алат. Андан көп өтпөй, Кокон хандыгынын төрт областынын (Кокон, Маргалан, Наманган, Анжиян) эң чоң областы болгон Анжиянга аким болуп дайындалган. Анжиян шаарында турган. Анжиян областына Анжиян, Ош аймактары, Алай багыты, Жалал-Абад тарап, Ноокен, Арстанбап, Кетмен-Төбө, Тогуз-Торо чөлкөмдөрү,ошону менен бирге Борбордук Тянь-Шань, азыркы

Нарын областы кирген. Бул ишеним Кокон кандыгы тарабынан бекеринен көрсөтүлгөн эмес, бул кезде ал бир гана Адигине уруусунун башчысы гана болбой, ордодо бүт кыргыздардын кызыкчылыгын коргоочу таасирдүү адам катары эсептелип калган.

Бийлик жагынан гана эмес, бул учурда Алымбек датка байлык жагынан да Фергана өрөөнүндөгү эң бай адамдардын бирине айланган. Ал өндүрүштүн сырын билген, товар өндүрүп, аны базарга өткөрүп, иштегендерге иш акы берген уюштуруучу болгон. Сооданы дагы жакшы билген, эл агартуу боюнча дагы чоң иштерди жасаган.

Эл агартуунун мударистерине, сабаттуу кишилерине колдоо көрсөтүп медресе куруп берген.

Алымбек датканын байлыгы аябай эле зор болгон экен. Азыркы түшүнүк менен айта турган болсок, миллиардер деп атасак болот. Ал баарынан мурда өз кызыкчылыгын гана камын эмес, кыргыз улутунун, жалпы эле калың Фергана элдеринин камын көргөндүгү көзгө түшүп турат. Баарынан мурда Ош шаарынын дал ортосуна бүт Фергана өрөөнүндө теңдешсиз, ал турсун Кокон хандыгынын кан сарайы жана баш медресесинин имараттарынан да кооз имарат-ак медресесин курдуруп, анда кыргыз-кыпчак, өзбек, тажик, уйгур балдарын окутканын айтып кетиш керек. Медресеге Алымбек датка башкы мудариси кылып, өз окумуштуулугу менен көп Чыгыш өлкөлөрүнө белгилүү болгон окумуштуу Хаджи-Мухамадди чакырган. Дагы башка таанымал мударистер сабак беришкен.

Кыргыз элинин рухий тарыхына актаңдай акын 500дөй комуз күүлөрүн черткен, атактуу өнөрпоз катары белгилүү Арстанбек Буйлаш уулу ушул Алымбек датканын ырчысы болуп жүрүп такшалып, оң сол кыргызга башы көрүнгөн.

Медересенин имараты Ак-Буура дарыясынын оң жээгине-Кара-Суу жолу келген жерге салынган. Буга жааматташ салынган жана Шайык-Дөбө, дагы башка шаар аймактарында жана Анжиян, Шаркан аймактарында Алымбек датканын 160 дүкөндөрү иштеп турган. Аларда сатылуучу товарлары Алымбектин иш башкаруучу адамдары анын көрсөтүүсү боюнча өз өндүрүшүнөн камсыз кылып турушкан. Алымбек датка шаар ичинде боз үйдө жашаганы менен, шаардын өнүгүшүндө баа жеткис көп иштерди жүзөгө ашырган. Шаардын карым-катнашын жакшыртуу үчүн Ак-Буурага 8-9 көпүрө салдырган.

Ош шаарынын оң-сол тарабындагы элдер үчүн, созулуп жаткан талааларды суу менен камсыз кылуу үчүн дарыянын оң-сол жээктерин карай бир нече чоң каналдарды каздырган. Аларга эң эле көп тегирмен, акжубаз, майжубаздарды курдурган. Жибек, жүн, пахта, тери иштетүүчү ишканаларды да салдырган. Башкача айтканда жергиликтүү чийки заттарды иштетип даяр товарларды чыгарып саткан десек болот.

Эми кайрылып, азыркы улутубуздун жашоо акывалына кайра келсек, 20 жылдык эгемендүүлүк учурунда кыргызда Алымбек даткага окшогон ишкерлер, мамлекеттик ишмерлер чыктыбы? Эгер чыкса, алардын элге кандай пайдасы тийди деген суроо туулбай койбойт.

Мамлекет күчтүү болуш үчүн анын өзүнүн өндүрүшү болушу керек. Жогоруда айтылгандай Алымбек датканын жибек, пахта, тери иштете турган өндүрүшү болгон экен. Андан тышкары май чыгаруучу, күрүчтү актоочу цехтери болгон. Медресени каржылаган, окуучуларга стипендия берген. Азыр бизде жибек, пахта тери иштете турган ишканаларыбыз жок. Демек доход дагы жок. Элдер жумушсуз. Чек араларыбыз ачык турат. Жыйган малдарыбыз тонолуп жатат.

Сөздүн кыскасын айтканда ар бирибиз кыска өмүр сүрөбүз. Ушул өмүрдө тапкандарыбызды Алымбек даткага окшоп элибизге жумшап, бош жүргөн жарандарыбызга жумуш берип, аларды башка мамлекеттерге таратып кетирбей мамлекеттүүлүгүбүздү көтөрүшүбүз керек. Алымбек датка Курманжан даткалар бүт өмүрүн элге арнаган адамдар болгон экен.

**Жыйынтык сөз.**

1. Базар экономикасы шартында улуттук мамлекет куруш үчүн Алымбек даткага

окшогон экономикалык жана саясий жактан жетилген улуттук лидерлер керек экен. Көрсө, ал жибек иштетүүчү, тери иштетүүчү, пахта иштетүүчү, күрүч, май чыгаруучу заводдорду куруп, жергиликтүү мындай чийки заттардан даяр продукция чыгарып, соода мекемелери аркылуу саттырып, киреше таап, медресе курдуруп, жалаң гана кыргыз эмес өзбек, тажиктердин башын бириктирген лидер болгон. Мындан сырткары кернейчи-сурнайчыларга, акындарга, мударистерге, кошокчуларга жана башка маданият адамдарына маяна берип, улуттун айланасында бириктирип турган.

Эми азыркы учурга келип, анализ жүргүзөлү. Азыр пахта, жибек, тери иштетүүчү бир дагы ишкана калган жок. Жибек (пилла) чыгарууну унуттук, пахтаны, терини алып кетишип, чет мамлекеттик компаниялар кайрадан өзүбүзгө кийим кылып сатышып, пайда көрүп жатышат. Ал эми кыргыз улуту жумушсуз калып, чет мамлекеттерге негизинен Россияга көчүп кетишти. Азыр жумушка жарамдуу калктын жарымынан көбү чет жактарда жүрүшөт. Башкача айтканда жумушсуздуктун айынан кыргыз улуту экиге бөлүнүп калды. Биринчиси Кыргызстанда калган кыргыздар, экинчиси башка мамлекеттин жарандыгын алган кыргыздар. Ушунун бардыгы улуттун лидеринин жоктугунан келип чыгып жатат. Улуттук лидери бар республика катары Казахстанды көрсөк болот. Н.Назарбаев бар экен бир дагы казак жумуш издеп сыртка кеткен жок. Казахстан дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттеринин катарына кошулду десек ката болбойт.

Өз алдынчалык келгенден бери биз улуттук идеялогиябызды таппай келебиз. Биринчи Манаска кайрылып, анын жети осуятын айтып жазып чыктык. Теңир идеялогиясына кайрылдык, Манастын туулган жери Алтайдан топурак жана карагайлардын көчөттөрүн алып келдик. Революциялар болгон сайын биз Манаска кайрылабыз. Бирок бул иш чаралар кыргыздын жумушсуздуктун айынан экиге бөлүнүп кетишин токтото албай жатат. Мамлекеттүүлүгүбүзгө доо кетип жатат.

Демек, улуттук идеялогия деген бул улуттук мамлекетти куруп, башка улуттук мамлекеттер менен тең ата болуп жашоо деген идеяны билгизет. Улуттук идеялогия улуттун татыктуу жашашын камсыз кыла ала турган, маданиятын өстүрө турган, улуттун көксөгөнүнө жеткире турган идеяларды өз ичине камтышы керек. Улуттук идеялогияны ишке ашыра турган улуттук лидер керек. Эгер лидер жок болсо, анда улуттук идеялогия кургак сөз боюнча кала берет. Лидердин элди алга сүрөгөн ураану улуттук идеялогия болушу керек.

Азыр бизде улуттук деп аталган ишканаларыбыз бар. Мисал үчүн улуттук илимдер академиясы, улуттук университет, улуттук китепкана, улуттук коопсуздук комитети, улуттук консерватория, телерадио комитети жана башкалар. Бул ишканалар күнүмдүк турмуштагы жумуштарды жасашып эле жүрүшөт. Улуттук статусту алып алышып, айлыктарын көбөйтүшүп улуттун өнүгүшүнө эч кандай салым кошушкан жок. Мисалы жогоруда айтылган кыргыз улутунун экиге бөлүнүп кетишине жол бербей турган эч нерсе жасашкан жок. Себеби дегенде буларды иштеткен лидер жок. Лидер болгондо буларга улуттун өнүгүшүнө байланыштуу тапшырмаларды берип, учурдагы мамлекеттик максатка ылайык иштетет болчу.

2. Глобалдаштыруу шартында Кыргызстанга окшогон экономикалык жактан начар мамлекеттерди, эл аралык адистешкен күчтүү корпорациалар көз каранды кылып алып жатышат. Мисал үчүн адистешкен алтын өндүрүүчү, тери иштетүүчү, пахта, жибек иштетүүчү жана башка чийки заттарды иштетүүчү компонияларга өлкөбүз көз каранды болуп жатат. Алар лидердин жоктугунан пайдаланып, пара берүү, сатып алуу, туура эмес информация берүү ыкмаларын пайдаланышып, өлкөнү начарлатууда жумушсуздукту көбөйтүүдө. Мисал үчүн «Кум-Төр оперейтинг компани» алтын өндүрүү боюнча тапкан пайдасынын 91% ин өзү алып 9%ин Кыргызстанга калтырып жатат. Мунун пайдасынан зыяны көп. Бул бир гана мисал, мындайлар толуп жатат. Мамлекет начар болгон үчүн 20 жылдан бери, каражат жоктугунан чек арабызды тосо албай келебиз. Мисал үчүн Өзбекстан менен болгон чек ара, алар жактан бир жактуу гана тикенек зым менен тосулган. Ортодо нейтралдуу тилке (территория) жок. Кыргызстан жактан Өзбекстандын тикенек зымына параллель тикенек зым жок, дубал да жок. Аны куруш үчүн казынада каражат жок. Эч качан чек ара бир

жактуу болбош керек. Бул чек арадагы малдардын жоголушуна, а түгүл адамдардын жоголушуна алып келүүдө. Себеби дегенде Өзбекстандын чек арасы алар каалаганда ачылып, каалаганда жабылып калып жатат. Чек арасыз кантип көз карандысыз мамлекет курдук деп айтууга ооз барат.

3. Азыркы биздин мамлекеттин чиновниктери жумуш ордун биз жарандарга таап бербейбиз, бул биздин милдетибиз эмес, иштегендерден налог гана чогултабыз деген позицияны карманышат. Лидер болбосо кедей адам өзүнө өзү кантип ишкана куруп, киреше таба алат? Ошол эле убакта ишкана куруш үчүн долбоор түзө ала турган технологияларды чыгара турган илим изилдөө ишканалары мамлекетке баш ийишет, айлык алышат, бирок ишкерлер үчүн эл үчүн эч нерсе жасашпайт. Ошондуктан банктардан процентке акча алышып, ишкана кургандар, катарынан банкрот болушуп, банктарга үй-жайларын алдырып коюшууда. Ушундай кыйынчылыктарга карабастан Кыргызстан боюнча улуттук товар чыгаргандар бар. Алардын катарында «Максым-Шоро» «Актык» деген ичимдиктерди айтсак болот. Булар экаономикалык жактан чабал компаниялар, мүмкүн булардан чыныгы лидерлер чыгып калаар деп үмүт кылып туралы.

***

Мамырасулов А.С. - окут.
Пратова А.Т. - үйрөнчүк окут.

**Профессор Хасанов А.Х.- чебер устат, тарбиячы жана чыгаан окумуштуу.**

Кыргыз элден эзелтеден калыптанган салт боюнча ар бир адам өзүнүн жети атасына чейин так билүүсү эң ыйык милдет катары эсептелип келген. Анткени нарктуу ата-бабаларыбыз байыртадан эле карт тарыхты дурус билмейин, өткөндөгү өксүктөр менен өркүнүбүз өсүп, өрүшүбүз кеңейген мезгилдерди терең кыйын экендигине небак көздөрү жеткен. Кезинде алгачкы жазма тарыхчыларыбыздын бири, тунгуч агартуучубуз Осмонаалы Сыдыков дагы тарыхты билүүнүн зарылдыгын, пайдасын, «жүрөгүндө оту бар жигиттерге тарых билүү керектигин жана ал тарых абдан бир эске ала турган илим» экендигин баса белгилегени (1) белгилүү.

Чебер устат, тарбиячы жана чыгаан окумуштуу Хасанов Анварбек Хасанович дагы бүткүл чыгармачыл өмүрү, кайрат-демин, руханий казынасын жаштарды тарых сабактарына сугарып ак болоттой курчутууга арнап-сарптады. Жан дүйнөсү абдан бай тубаса педагог катары ал улуттук аң-сезимдин, абийирдин, улуттук ар намыстын жана жоопкерчиликтин, мекенди сүйүүнүн калыптанышын, өсүп-өнүгүшүн тарых билим-илимсиз эч элестете алчу эмес. Андыктан ал ар дайым бир гана өзү окуткан окуучуларына эмес андан тышкары Ала-Тоолук калайык калкка абалкы, жаңы жана соңку тарыхыбызды үйрөтүүгө көп күч жумшап, аталган маселелерге басым жасап келди.

Анварбек Хасанович ар элдин башкы касиеттерине гүл азык боло турган ошондой өзөктүү идеяларды ар бир жарандын жан дүйнөсүнөн жай тапкандай, жүрөгүнө жакын мүдөө тилектерге айландыра алгыдай сыйкырдуу өнөрү бар чебер устат болчу. Менимче агай бекеринен адамдардын кулк-мүнөзүнө, ой-максатына, коомдук көз караштарына өз өлкөсүнө, мамлекетине карата мамилесине, ички дүйнөсүнө от тамызып таштоочу, өтө жооптуу илимди дээрлик 50 жыл (жарым кылым) бою аркалабаса керек.

Окумуштуунун педагогдук ишмердүүлүгүнүн башаты тээ алыскы XX кылымдын 30-жылдарынын орто ченин камтыйт. Кадыр эсе ал болгондо да студент кезинен эле окутуучулук кесипке тартылганы архивдик даректерде бадырая жазылып калган. Алсак, Ж.Баласагын атындагы КУУнун архивинде сакталып турган аалымдын өздүк иш кагаздарындагы так маалымат-кабарга караганда ал 1935-жылдан тартып, КМПИнин алдындагы пед. рабфакта

жана даярдоо бөлүмүндө окутуучу катары тарых сабагын өтө баштаган (1935-1937). Ошондо ал болгону КМПИнин тарых факультетинин 2-курсунун студенти 21 гана жаштагы жаш жигит эле. (2). Ал эми 5-курска келгенде, 1937-жылы КМПИнин тарых факультетинде СССР тарыхы сабагы боюнча окутуучулукка дайындалат. Бирок ал буга чейин 14 жашынан тартып, Түркстан Сибирь темир жолунун курулушунда Жалгыз-Төбө, Балыкчы-Көл, Аягуз станцияларында арабакеч катарында эл тартып, кийин 1931-1934-жж. райохотсоюзунда катчы, Балыкчы районунда ОСО Авиахимдин төрагасы кызматында (3), иш кайнаган жерде ар дайым адамдардын арасында аралашып жүрүп, кыйла такшалган болчу.

1938-жылы КМПИни ийгиликтүү аяктаган соң, аны биротоло тарых факультетине окутуучулук орунга алып калышкан. 1939-1941-жж. ал КМПИде СССР тарыхы адистиги боюнча аспирантурада окуйт. 1942-жылдын апрель айында ОАМУда Кыргызстандан эң алгачкы т.и.к. илимий даражасын алуу үчүн жазган диссертациясын коргогон. Ал эми 1946-жылы 28-сентябрда СССР Жогорку Билим Берүү Министрлигинин алдындагы жогорку аттестациялык Комиссиясы Хасанов Анварбек Хасановичке КМПИнин СССР тарыхы кафедрасы доцент окумуштуу наамын ыйгаруу жөнүндө чечим кабыл алат.

Улуу Ата-Мекендик согуш учурунда (1942-ж. октябры 1945-ж.15 - октябры) адегенде Рузаевка шаарындагы Жумушчу Дыйкан Кызыл армиясынын үгүттөөчүлөрүнүн Аскердик Саясий окуу жайынын үгүттөөчүсү жана ошол эле учурда окутуучусу, (1942-ж. октябры 1943-ж. майы) андан соң Белорус-Литва АО полкунун агитатору жана дивизиялык партиялык мектептин окутуучусу (1943-1945-жж.) болгон. 1945-ж. октябрда Советтик Армиянын катарынан кайтып келгенден тартып, 1946-ж. 1-июлга чейин КМПИнин СССР тарыхы кафедрасынын доценти, 1946-ж. июлдан - 1951-ж. 15-сентябрына чейин аталган кафедраны башкарат. (4) Анварбек Хасанович Хасанов 1951-1962-жж. кафедранын катардагы доценти, ал эми 1962-ж. 1-апрелинен тартып (5) өмүрүнүн акырына чейин дээрлик 22 жылдан ашык убакыт кайрадан СССР тарыхы кафедрасынын башчысы кызматында эмгектенди. Ортодо 1963-ж. (5.XII)-1964-жылдары (1-октябрь) КМУ тарых факультетинин деканынын милдетин да кошумча аткарган (109-бет, 123-бет) Хасанов А.Х. Кыргызстанда саясий жана илимий билимдерди жайылтуу боюнча Коомду уюштуруунун демилгечилеринин бири болгон. 1947-ж. тартып, Республикалык Коомдун уюштуруу комитетинин мүчөсү, 1949-1956-жж. Коомдун Башкармалыгынын Президиумунун, кийинчерээк кыйла жыл башкармалыктын мүчөлүгүнө үзгүлтүксүз шайланып турган (6). Мындан тышкары 1941-ж. июнь-августа ККПБК парткурсунда, 1945-1956-жж. Кыргызстан КП БК алдындагы республикалык партиялык мектептин тарых кафедрасында доцент, 1946-ж. 1963-ж. чейин КПСС БК ЗВПШ кыргыз консультативдик пунктунда доценти кызматында да бирге иштеп келген (7). Агай телегейи тегиз, толкуп ташып турган чагында 1962-ж. Москвадагы СССР ИА ЧТИ докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргойт. Ошондуктан кийинки жылы СССР ЖАОББ министрлигинин алдындагы ЖАК тарабынан (1963-ж. 6-июль) ага т.и.д. илимий даражасы (8), 1964-ж. 25-мартта профессор илимий наамы ыйгарылган [9]. Андан жыл айланбай, 1965-ж. апрелде Кыргыз ССР ИА жалпы жыйынында корреспондент-мүчөлүккө шайланат (10).

Айтылган маалыматтардан ачык көрүнүп тургандай, Анварбек Хасанович Хасанов агартуу системасынын бардык баскычтарын ирээти менен кезегин бузбай басып өтүп, улам барган сайын ийне менен кудук казгандай интеллектуалдык көрөнгөсүн байытып отурган. Арийне, ал байлыгын баба дыйкан жылыга жазга маал кош чыкканда айдоого даркан талаага үрөн сепкендей жүздөгөн шакирттерине, студенттерге берүүгө ашыкчу. СССР элдеринин жаңы доордогу тарыхы боюнча жана Эл достугу, анын тарыхый тамырлары тууралуу окуган лекциялары ал кезде факультеттин, университеттин ажарын ачып, көркүнө көрк кошуп тургандай туюлчу бизге. Адатта аалымдын сабагы мазмунунун байлыгы, ой толгоолорунун оргиналдуулугу, жыйынтык тыянактарынын ынанымдуулугу менен айырмаланчу. Айрыкча ар кыл аргументтерге ширелген эл достугу, ынтымагы жөнүндө эл аралаганда такай айта жүрчү түбөлүктүү идеялары азыр да өз маанисин жоготпой тургандай сыяктанат. Анан калса аң сезими күчтүү агай студенттерге, ар дайым камкордук көрүп, көмөк көрсөтүп абдан аяр

мамиле кылаар эле. Андай мамилени жаңыдан кафедрасында иштей баштаган жаш окутуучулардан, улгайган кесиптештеринен да талап кылганына далай жолу өзүбүз күбө болгон элек.

Айтор табият тартуулаган шык-жөндөмү келишкен кылдат тарбиячы, чебер устат эле - биздин агай. Башкасын айтпаганда да, анык илимий жетекчилиги менен Кыргызстанда 24 кандидаттык, 8 докторлук диссертациянын корголушу мээнетинин өтө берекелүү болгонунан кабар берет. Алардын катарында т.и. докторлору кийинки академик С. Табышалиев, А. Чукубаев, Ж. Саркеев, М. Кучуков, М. Исабекова, Т. мырзабеков, Ж. Жакыпбеков, Т. Өмүрбеков ж.б. бар эле.

Профессор Хасанов А.Х. өз мезгилинде союздук деңгээлге көтөрүлө алган чыгаан тарыхчы болгону илимий коомчулукка жакшы маалым. Ал замандаштары алгачкы академиктер Б. Жамгерчинов, С. Ильясов ж.б. менен бирге Кыргызстанда тарых илиминин түптөлүшүнө, салым кошкону шексиз. Анварбек Хасановичтин алгачкы курч мүнөзүндөгү терең мазмундуу илимий макалалары адеп 1941-ж. тартып, ММКда жарыялана баштаган. Бирок чоң илимпоз, дасыккан окумуштуу катары чыгармачылыгы ташкындаган курагы XX к. 60-70-жж. туура келет. Дал ошол жылдарда ааалымдын калеминен "Из истории - Киргизии с Россией" (1959), "Экономические и политические связи Киргизии с Россией" (1960), "Взаимоотношения киргизов с Кокандском хандством и Роосией" (1971), "Народные движения в Киргизии в период Кокандского хантсва" (М., 1977) сыяктуу ондон ашуун көлөмдүү эмгектер, 200гө жакын илимий-популярдуу китепчелер менен макалалар жаралган. Алардын көбү азыр сейрек кездешүүчү китептерге айланып кеткени маалым.

А. Хасанов айрым бир маселени изилдөө менен чектелбеген көп кырдуу окумуштуу эле. Алсак, ал кезинде профессор З. Эралиев баса белгилегендей үч багытта алектенген: (11)

1. Кыргызстандын Россияга киргизилиши жана анын прогрессивдүү натыйжалары;
2. XIX к. экинчи жарымы - XX к. башындагы Кыргызстандын жана жалпы эле Орто Азия элдеринин улуттук - боштондук кыймылы;
3. СССР элдеринин достугунун тарыхы;

Профессор З. Эралиевдин аныктамасына кошумча иретинде биз А. Хасановдун илимий изилдөөлөрүнүн дагы бир багыты же 4-өнүгүү Улуу инсандын Кыргызстандын тарыхындагы ролун ачып берүү болгону айтпаса да түшүнүктүү демекчибиз.

А.Хасановдун докторлук диссертациясына академик И. Додонов мындайча баа берген экен: "Автордун (А. Хасановдун) сиңирген эмгеги жогорудагы жоболорду толук ачып берүү үчүн көп сандаган архивдик булактардан өтө зор материалды мобилизациялагандыгында турат. Ал кыргыздардын Кокон хандыгы жана Россия менен өз ара мамилесин оригиналдуу чечмелеп, алдыга коюлган проблемаларды өз ара мамилесин оригиналдуу чечмелеп, алдыга коюлган проблемаларды өз бетинче чече алган, оомалуу-төкмөлүү, оош кыйышы көп ошол процесстин карама каршылыктуулугун жана татаалдыгын өтө ишенимдүү ача алган" (12).

Ал эми Өзбекстандык таанымал тарыхчы, профессор Х. Зияев А. Хасановдун көз карашы бир калыптагы, туруктуу, мыкты окумуштуу катары артыкча касиеттери тууралуу мындай деп баса белгилеген: " А.Х.Хасанов - крупный ученый и известный педагог - пользовался большим авторитетом среди научной обүественности Узбекистана. Его оригиналные научные труды нашли свое отражение не только в истории киргизов, но и узбеков. В этом плане следует отметить труды А.Х. Хасанова, посвяүенные истории народно-освободительного движений в конце XIX века. В оценке этих движений Анварбек Хасанович всегда занимал неизменную позицию, тогда как другие ученые меняли свои концепции в зависимости от указаний "сверху"" (13).

Албетте А. Хасановдун илимий эмгектерине атак-данктуу ал аалымдардан артык аныктаманы, бааны бериш мен үчүн кыйын. Анын үстүнө бул өңүттө алдыда дагы айтыла турган ойлор.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Сыдыков О. Тарых кыргыз Шадмания: Кыргыз санжырасы. Ф.: Кыргызстан, 1990 22-23-беттер. а. Ж. Баласагын атындагы КУУ архиви. СССР тарыхы кафедрасынын башчысы А.Х.Хасановдун өздүк иши. Н: 18.09.51. О: 3.07.84. 9, 11, 15, 33, 34, 79; 86, 90, 99-100, 116, 201, 234, 291, 316, 317-беттер
2. Эралиев З.Э. А. Хасанов - видный ученый историк Советского Кыргызстана. // Исторического чтения. Ф., 1989 5-6-беттер;
3. Зияев Х.С. История народно-освободительных движений в трудах А.Х.Хасанова // Хасанов А. Избранные труды, очерки по истории Киргизии. / Сост. А.Церенова - Б., М.: 2004. 207-208-5-беттер.


***


Найманбаев М.Ж. п.и.к., доцент - ЖАМУ

Чоюнова А.Т. доцент. м.а.-ЖАМУ

Божуева Э. доцент. м.а.- ЖАМУ


**Жаш муундарды фольклор аркылуу тарбиялоо.**

Тарыхта жаш муундарды тарбиялоо үчүн эл искусствосунун бир формасы болгон фольклорду жомокторду, жаңылмачтарды, санат-насыят ырларын, эпосторду, табышмактарды, уламыштарды, тамсилдерди, макал-лакаптарды ойлоп чыгып, музыканын ар кыл жанрларын өнүктүргөн. Фольклордук чыгармалар жазма адабияты жок элге табылгыс идеологиялык курал болгон. Бекеринен фольклор деген түшүнүк жеке эле эл чыгармачылыгы дегенди билдирбестен ал эл акылы, эл мурасы деп түшүндүрүлөт. Бул өзү көркөм чыгармачылык аркылуу берилген элдин дүйнөгө болгон көз карашы, ою, мүдөөсү. Жаш муундарды эл чыгармаларынын мазмунундагы гана акыл менен тарбиялабастан, элдик таланттардын күндөлүк жүрүм-туруму, үлгүсү аркылуу да тарбиялайт. Чынында эле калк арасында жашаган манасчылар, ырчылар, комузчулар, уздар эң сыйлуу адамдардан. Анын үстүнө эл таланттары бир эле иш жасоо менен чектелбестен башка да көп ишти жасай билишкен. Бир эле адам азыркы биздин түшүнүктөр менен айтканда искусствонун өкүлү, эстетик, тарыхчы, философ, тарбиячы, аспаптарды жана тиричилик буюмдарын жасай билген кол өнөрчү, эң негизгиси элин-жерин сүйгөн патриот.

М.Горький: «Элдик оозеки чыгармачылыкты билбей туруп, эмгекчи элдин чыныгы тарыхын билүүгө болбойт»-деп белгилеген.

Өткөндөгү оозеки адабиятыбыздын укмуштай байлыгы, тамырынын тереңдиги элдик учкул сөздөрдөн, таамай айтылган макал-лакаптардан көрүнүп турат. Көчмөн элдер башынан өткөргөн тарыхын, татаал тайгак баскан жолун, турмушун, күрөшүн, муң-зарын, өлбөс сүйүүлөрүн өзүлөрү үчүн да, келечек муундары үчүн да, оозеки адабиятында, үч кыл комуздун өлбөс күүлөрүндө доордон-доорго, муундан-муунга өткөрүп келишкен.

Жогорудагы айтылгандарды окутуу процессинде ырааттуу, эффективдүү колдонуу аркылуу сабактын тарбиялык мазмунун жогорулатуу, анын маңыз-маанисин ачып көрсөтүү мезгил талабы.

Сабактын тарбия берүүчүлүк милдеттерин аныктоодо барыдан мурда окуучуларда дүйнөгө болгон көз караштын негизги идеяларын (мисалы, дүйнөнүн материалдуулугун,дүйнөнүн таанып билүүчүлүгүн ж.б.) кандай жол менен калыптандыруу керек экендигин аныктоо керек. Андан кийин окуучуларга укуктук, эмгектик,адептик, эстетикалык тарбия берүүнү кандайча чечүү керектигин аныктоо зарыл.

Сабактын жүрүшүндө төмөнкүдөй негизги дүйнөгө көз караштык идеялардын мисалы, дүйнөнүн материалдуулугу, кубулуштардын себеп-натыйжалуу байланышы, жаратылыштагы жана коомдогу өсүп-өнүгүү, дүйнөнүн жана анын закон ченемдүүлүктөрүнүн таанылып

билинүүчүлүгү ж.б. калыптанышына жардам кылуу боюнча тиешелүү мисалдарды келтирүү зарыл.

Сабактын жүрүшүндө окуучуларга адептүүлүккө тарбиялоо милдетин ишке ашыруу максатында окуучуларды патротизмге, гумандуулукка ж.б. тарбиялоого жардам берүүчү маселелерди окуп үйрөнүүнү камсыз кылуу.

Окуу-тарбия иштерин жүргүзүүдө элдик тарбия-таалим салттарын ыктуу пайдалана билүү жана элдик тарбия салттарын сөзсүз түрдө эске алуу зарыл болуп эсептелет.

Эне тили предметинин эң негизги милдети - өз улутунун рухий, этикалык-эстетикалык жана көркөм байлыгын ар бир окуучунун аң - сезимине жеткирүү болуп саналат. Ансыз ал - эне тили предмети катары өз милдетин так аткара албай калган болот. Анткени, кыргыз эли көптөгөн кылымдар бою өз тилине кам көрүп, өнүктүрүп кылымдардын түпкүрүнөн ушул күнгө чейин сактап келди. Элдин эл катары, улут катары сакталып турушунда эне тилинин ролу абдан чоң. Эне тили жоголсо, анда улут да жок болот. Оозеки кеп аркылуу кыргыз эли өлбөс – өчпөс чыгармаларды жаратып, алар ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп, ушул кезге чейин келип жетти. Ал чыгармаларда кыргыз элинин көчмөн философиясы, тарыхы, маданияты, астрономиялык билимдери, эстетикалык табити, билим жана тарбия берүү салттары ж.б. чагылдырылган. Мына ушундай рухий дөөлөттөрдү, баалуулуктарды турмуш шартыбызга жараша эффективдүү колдоно билүү окуучулар үчүн жугумдуу тарбиялык таасир берүү болор эле деген ойдобуз.

Тарбиялык маселелер эске алынбай, окуу процессинде китептегинин адабий-лингвистикалык табиятын кайталап талдоо менен чектелген окуу процесси учурда эң зарыл көрөңгөнү унутта калтырганга барабар. Анын үстүнө, мурун айтылгандай билим берүүгө өзгөчө маани берилип, белгилүү бир билим деңгээли менен гана баланын тарбиялуулугу аныкталат - деген бир жактуу мамиле кылуу, чет өлкөлөрдүн билим берүү технологияларына жапырт ыктоо кайрадан элдик, чыныгы улуттук билим, тарбия берүү салттарыбызды, принциптерибизди, методдорубузду белгилүү бир негизде жерүү жолуна алып келбей койбойт. Бул албетте, биз күткөн жыйынтыктарга, натыйжага алып барбайт. Ал эми элдик билим, тарбия берүү салттары, элдик чыгармалардын идеялдары элдин жашоо турмушунан өнүгүп чыгып, анын элегинен өтүп, реалдуу тажрыйба катары эсептелет жана алар түбөлүктүү түшүнүктөр бойдон кала бермекчи.

Кыргыз эли өзүнүн келечектеги өнүгүүсүн, аталардын баатырдык күрөштөрү, даңктуу эмгектери, атуулдук-адамкерчиликтүү руханий дүйнөсү аркылуу бүгүнкү атуулдарынын кайра жаралуусун камсыз кылгысы келсе, ишти азыртан баштап, улуттук таалим – тарбияны бала бакчалардан тартып, баштоосу зарыл. Андан ары улантып, мектептин башталгыч класстарында эне тили аркылуу сөз байлыгын өстүрүп, макал-лакаптардын, табышмактардын, жомоктордун маанисин чечмелөөгө көбүрөөк көңүл буруп, балдар үчүн ырларды, санат-насыяттарды үйрөтүү максаттуу жүргүзүлүшү керек.

Улуттук баалуулуктарды, дөөлөттөрдү натыйжалуу өздөштүрүү, балдарды бала бакчадан, башталгыч класстардан тартып улуттук тарбия идеялары аркылуу калыптандыруу иштери өзүнө көптөгөн максаттардын комплексин ишке ашырууну көңүлгө алат.

Биринчиден, окуучулардын улуу муундар калтырган рухий фольклордук байлыктарды окуп-үйрөнүү аркылуу өздөштүрүү, алардын мани-маңызына көңүл коюп, аңдап туюусу. Бул иштер окуучунун чыгармачылык аракеттенүүлөрүнүн башаты болуу менен рухий өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизет. Айрыкча 6,7,8,9,10 жаштардагы балдардын жомокторго, уламыштарга, табышмактарга жана балдар ырларына болгон кызыгуулары жогору болот жана көбүнчө көргөзмөлүү-элестүү ой жүгүртүү буларда жакшы өнүккөн. Ошондуктан образдуу айтып берүү, көрсөтмөлүүлүк методдорунун колдонулушу бир топ натыйжалуу болмокчу. Окуучулар ушунун натыйжасында, өз элинин оозеки чыгармачылыгы жана анын негизиндеги улуттук баалуулуктарды билип, түшүнүп, ага жакындап өсөт, алар аркылуу өзүлөрүнүн ата-бабаларынын, түп аталарынын ой кыялдарын, турмуш-тиричилигин, үмүт максаттарын билет, алардын турмуштук күрөштөрүн, Ата-Журтка болгон сүйүүсүн, тарткан азап-

тозокторун, сырткы душмандардан эли-жерин коргоосун алар эл чыгармаларын: жомокторун, уламыштарын, табышмактарын, элдик ырларын, санат - насыяттарын кандай аздектеп, балдарына айтып, унутпай, ооздон – оозго өткөрүп, ардактап, сактап келгенин жүрөгү менен кабыл алууга үйрөтөт.

Экинчиден, элдик чыгармалар, рухий баалуулуктар аркылуу окуучуларга билим-тарбия берүүнүн ыңгайлуу дагы бир учуру элибиздин эгемендикке жетишиши менен ата -бабалардын таалим-тарбиясына кайрылуу, рухий көтөрүлүү мезгили болду десек болот.

Себеби, элибизде улуттук рухий көтөрүлүү жүрүп жатат жана элдик нарк-насилге калыптандыруу, билим, тарбия берүү салттарын илимий негизде изилдөө, аларды окуу процессинде колдонуу барган сайын өсүүдө. Мурунку СССР мезгилинде улуттук менталитеттен, колориттен ажыратуу саясаты жүрүп, өзүбүздүн тарыхыбызды, маданий мурастарыбызды, элдик оозеки чыгармаларыбызды, каада-салт, үрп-адаттарыбызды, билим жана тарбия берүү салттарыбызды жакшы билбей калдык жана көбүнчө колдонулбай да калган. Аларды колдонууга карата шарт да түзгөн эмес, кызыгуу да азыркыдай болгон эмес. Ошондуктан, учурдагы улуттук кайра жаралуу, рухий көтөрүлүү шартын элдик педагогикалык ойлор аркылуу мектеп педагогикасын өнүктүрүүгө натыйжалуу пайдалануу зарыл.

Элдик оозеки чыгармачылык, анын ичинен элдик ырлар, табышмактар, макал-лакаптар, жомоктор, легендалар улуу муундардын баатырдык күрөштөрүн чагылдыруу менен, балдарды өз эли жерин коргоого, сүйүүгө, ага кызмат кылууга үндөө менен, улуттук аң-сезимди, улутжандуулукту калыптандыруунун эң мыкты каражаты болуп берет жана балдардын социалдык активдүүлүгүн, моралдык активдүүлүгүн, моралдык-этикалык жогорку сапаттарын калыптандырууга кызмат кылат. Ал үчүн, сөзсүз түрдө, баланын мектеп курагындагы окуу-тарбия иштерин элдик таалим-тарбия идеялары, методдору коштоп жүрүүсү кажет.

Белгилүү кыргыз окумуштуусу, профессор И.Б.Бекбоев мындай деп жазат: «Ар бир предмет баланы тарбиялоого өз салымын кошот». Чындыгында ар бир предмет эне тилинин бай элдик каражаттары менен, биринчиден элдик билимдерди берет, экинчиден, тарбиялайт, ошондо да, элдик каражаттары менен гана эмес, тарбиянын элдик методдору менен да тарбия берет десек жаңылышпайбыз.

Окутуу процесси практикада белгилүү болгондой , класстык сабак формасында жүргүзүлсө, тарбиялоо процесси класстык тарбиялык сааттарда, класстан жана мектептен тышкаркы тарбиялык иштерде жүргүзүлөт. Тарбиялап - окутуу идеясы класстык сабак форма аркылуу да эң сонун ишке ашат. Ал класстык тарбиялык сааттардын негизин ээлейт, ага негиз болот. Тарбиялык сааттарда ал идеялар улантылат.

Мугалимдин класстык тарбиялык сааттары ырааттуу түзүлүп, натыйжалуу колдонулушу шарт.

Кыргыз эли башка баардык элдер сыяктуу эле өз урпактарына таалим-тарбия берүүнүн салттуу принциптерин, методдорун иштеп чыгышып, ал элдик педагогикалык маданиятына бекем сиңирилген.

Кыргыз элинде эзелтеден эле баланын жаш курагына жараша мамиле жасап, ага ылайыктуу тарбия-таалим берип, тиешелүү жумуштарды аткартып келгени белгилүү. Демек, элибиз наристени наздап, алдейлеп бешикке салып чоңойтуп, тушоосун кесип ырымын жасаган. Баланы бөпөлөп, жеткинчегинде жетине албай кубанып, дүйнө таануусун кеңейтип, улуулардын кебин тыңшаткан. Өспүрүм курагында көңүлүн өстүрүп, таалим-тарбиясын кеңейткен, көргөн- билгенин көбөйтүп, акылын арбытып, ой-кыялын байытып, эрезеге жеткенде элге кошкон, эне адебине сугарып, ата салтын үйрөтүп, эл уулу-кызы болууга жеткирген.

Элдик таалим-тарбия берүүдө элдик фольклордун, анын ичинде жомоктордун ролун да өзгөчө белгилөөгө болот. Эл жомоктору өзүнүн максаты, табияты боюнча оозеки аткарууга негизделген. Ага сүйлөө тону, лексикасы жана оозеки кептин синтаксиси, кырааты мүнөздүү. Жомокту айткан адам угуучулар менен ал жөнүндө

аңгемелешип, кээде аларга кайрылып, окуялары жөнүндө толуктап айтып берчү. Окуя азыр гана болуп өткөндөй, угуучулар ага чогуу күбө болуп отургандай деңгээлде элестүү, жогорку чеберчиликте эмоционалдуу айтуу менен, ал алардын кызыгуусун күчөткөн. Элдин мындай укмуштуу искусствосу жаш муундарда турмушту оптимисттик духта кабылдоону бышыктайт, жогорку максаттарга умтулууну, кыялданууну үйрөтөт.

Албетте, жакшылык менен адептүүлүктү, сулуулукту даңазалап бекемдөөдө, жамандыктын бетин ачууда жомоктор абдан зор адептик эстетикалык күчкө ээ. Мугалим да жомокторду окутууда эл тарабынан эмнелер кубатталып, эмнелер айыпталгандыгын туура, так көрсөтүп түшүндүрүүгө тийиш. Мына ушундай талкуудан кийин гана окуучулар жыйынттыкка кыйынчылыксыз келишет, жомоктордон эмнелерди үйрөнүшкөндүгүн аңдап, баалашат. Ушуну менен бирге эле, дайыма шаблондуу, мазмундук суроолор менен чектелүүгө жол бербөө керек. Жомоктор боюнча сабактын баалуулугу мугалимдин көркөм сөзгө көңүл буруусуна, көркөм окуу, ык-машыгууларын тарбиялоо жөнүндөгү камкордугу менен да аныкталат.

Практикада бардык эле мугалимдер окуучулардын өздөрү жомокторду ойлоп чыгаруусуна көп көңүл бөлүшпөйт. Биздин изилдөө көрсөткөндөй, окуучулар дайым эле өздөрүнүн кыялдарын, ой-пикирлерин, умтулууларын туура билгизе алышпайт. Сыноо иштерибизде окуучулар окуу китептериндеги жомокторго окшоштуруп, өз алдынча жаңы жомокторду жазышты. Алар боюнча жүргүзүлгөн анализ төмөндөгүнү көрсөттү: окуучулардын көпчүлүгү жомоктун материалын өзү жашап жаткан бүгүнкү күн менен байланыштырууну биле беришпейт.Бүгүнкү күндүн идеясы балдар түзгөн жомоктордун негизги ориентири болуусу кажет эле.Анткени, жомоктогу образдар балдар үчүн адеп-ахлактын ориентири болуп калганда гана мугалим да, окуучу да ийгиликке жетишер эле.

Окуучуларды тарбиялоодогу ийгилик элдик оозеки чыгармаларды класстан тышкаркы окууда, класстан тышкаркы тарбиялык иштерде кеңири пайдаланууну системалуу түрдө текшерүүгө көз каранды экенин тануу болбойт.

Элдик фольклор, анын ичинде жомоктор,табышмактар, макал-лакаптар, санат-насыят ырлары ж.б. жаш муундарды кылымдар бою иштелип чыккан, калыптанган, элдин турмушка тарбиялоого болгон көз карашы, элдик акылмандыктын коомдук-философиялык мааниси менен тааныштырат. Ошондуктан аларды мазмундук негизине ылайык ыктуу натыйжалуу колдонуу келечек муундардын таалим-тарбиясынын жугумдуу, сиңимдүү болушуна шарт түзмөкчү деген ойдобуз.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Б., 2004. 40-бет.
2. Найманбаев М.Ж. Мектеп окуучуларына акыл жана адеп-ахлактык тарбия берүүнүн этнопедагогикалык негиздери. Б.,2009

***

Нусупова Р.С.-ЖАГУ, РИО.

## Толерантность как личностно значимая ценность.

Жизнь в современном мире все больше усложняют как вертикальная, так и горизонтальная мобильность. Темпы миграции, диалог и взаимодействие культур, в масштабе всей планеты, необычайно растут. В мировых мегаполисах миллионы людей различной национальности, этнического происхождения, живут бок о бок, трудятся,

торгуют, демонстрируют и предлагают национальные блюда и различные изделия, стремясь сохранять и развивать собственное культурное наследие. Этот живой межэтнический контакт формирует современное мироoүүүение, люди обогаүают друг друга новым опытом и видением. Однако, нередки и случаи нетерпимости, как например события в апреле-июня 2010 года, когда по этническому маркеру в стране произошли конфликты.

Ключ к решению этих проблем лежит в конструктивном диалоге. Этот диалог подразумевает длинный, тернистый путь, который необходимо пройти и притом приступить к этому незамедлительно. Процесс установления гражданского сознания и демократии тесно связан со способностью лидеров и рядовых граждан конструктивно разрешать острые политические, экономические, межнациональные и межконфессиональные проблемы, предотвраүать конфликты, а в случае возникновения, уметь их разрешать и трансформировать. В этом отношении, важная роль возлагается на систему образования, так как дух терпимости, конструктивности и уважения различий должен воспитываться с детства, для того, чтобы он превратился в стабильную личностную черту человека. В этой связи, соответствуюүая реформа системы образования, специальная подготовка учителей, внесение определенных изменений в куррикулумы и создание специальных модулей для учаүихся и учителей становится актуальной задачей.

Обүество любой эпохи и любой формации стремится к развитию, выбор пути которого во многом обусловлен ценностными приоритетами обүества в целом и человека как его представителя. Определяя ценность в широком смысле как явление, имеюүее для человека большую значимость и отвечаюүее его актуальным потребностям, идеалам, личностным смыслам, а в узком смысле как «психолого - педагогическое образование, в котором в сжатом виде присутствует непосредственное или (чаүе всего) опосредованное отношение человека к среде и самому себе» поэтому одной из важнейших ценностей является толерантность.

Как и любая другая ценность, толерантность может рассматриваться как полиаспектное образование, с одной стороны, детерминированное обүеством и относимое к социальным ценностям (обүечеловеческим нормам), с другой, являюүееся значимым элементом внутренней структуры личности (ценностной ориентацией, личностно - значимой ценностью человека).

Возникает вопрос, почему же, несмотря на очевидную значимость, в реальной практической жизнедеятельности толерантность реализуется не в полной мере?

Анализ теоретических источников и личной жизненной практики позволяет определить ряд значимых в этой области противоречий:

- между декларированием идей толерантности в обүестве и их несоблюдением в жизни;
- между функционированием в обүестве идей толерантности и несформированностью толерантности как личностно значимой ценности у людей данного обүества;
- между наличием у личности толерантных установок, сформированного толерантного сознания, и еө интолерантным поведением.

Необходимость разрешения данных противоречий обуславливает обраүению к подготовке будуүих педагогов как агентов продвижения культуры толерантности и их воспитания среди учаүихся обүеобразовательных учебных заведений.

Толерантность начинает восприниматься как вполне рациональная ценность обүества, которая способна стабилизировать экономические отношения, упорядочить обүественные связи. Постепенно семантическое поле толерантности расширяется за счет включения в него категорий «сотрудничество», «диалог», «партнерство», «взаимообогаүение».

Набираюүая свои обороты своего рода «синдрома настороженности», характеризуюүегося недоверием к определенным представителям другой культуры, социальной группы, вызванный деструктивными явлениями жизни рано или поздно может стать основой интолерантных отношений ко всем представителям другой культуры и обесценить толерантность, как обүественно значимой ценности обүества и человека. Решение этого вопроса требует слаженных действий политики по обеспечению безопасности и

действий системы образования по формированию целого ряда значимых качеств личности, среди которых значимое место занимает толерантность. Значение толерантности как обүественно значимой ценности - ориентация сознания на готовность допускать инакомыслие, разрешать деятельность оппозиций, принимать плюрализм, не ограничивать деятельность национальных групп, этносов, культур рамками конституции и не только оказывается недостаточно реализованным в обүестве.

Толерантность как личностно значимая ценность представляет собой внутренний, эмоционально освоенный субҷектом ориентир на конструктивное взаимодействие с представителями социума, имеюүими суүественные отличия от самого субҷекта, и, сохраняя все характеристики социальной ценности, приобретает ряд дополнительных характеристик:

1) представляет результат интериоризации идей толерантности в систему личностно значимых ценностей личности;

2) является личностным ориентиром деятельности человека в условиях взаимодействия с другими представителями социума;

3) предполагает развитие социальных качеств личности, безусловное принятие личностью различий, способность к сотрудничеству и диалог;

4) опирается на потребности личности в безопасном обүении с социумом, в свободной самореализации в обүестве и выполняет следуюүие функции:

- психологическую: служит основой благоприятной психологической атмосферы в группе, обүестве (атмосфера доверия, уважения, признания, поддержки) формирует и развивает этническое самосознание обеспечивает этническую и социальную самоидентификацию позволяет сдержать неприязнь в сочетании с отложенной негативной реакцией, либо заменить ее на позитивную реакцию снижает порог чувствительности к неблагоприятным факторам, фрустрационным ситуациям
- воспитательную: обеспечивает передачу опыта конструктивного социального взаимодействия; обеспечивает успешную социализацию и инкультурализацию; развивает нравственное сознание, сопереживание, умение лояльно оценивать поступки других и собственные действия и поступки;
- социально-коммуникативную: развивает способность к обүению, сотрудничеству и пониманию; позволяет установить конструктивное обүение с представителями различных групп, носителями иного мировоззрения и обуславливает конструктивный выход из конфликтных ситуаций
- креативную: обеспечивает возможность творческого преобразования окружаюүей действительности и создает условия для безопасного проявления дивергентности, нестандартности мышления, творческой активности; создает условия для творческого самоутверждения личности;
- фелицитологическую: позволяет получить человеку счастье (удовольствие) от обүения с различными представителями обүества, и осознания своей индивидуальности, признания себя другими.

Все это на фоне сегодняшней кыргызской действительности подталкивает системы профессионального образования, подготовки и переподготовки кадров внедрить в программу подготовки курсы воспитания толерантности.

## Использованная литература:

1. Саймон Дженкинс, Рая Кадырова. Обучение толерантности и трансформации конфликта, руководство для учителей. Бишкеке 1997г.

2. Шалин В.В. Толерантность (Культурная норма и политическая необходимость). Ростов-на-Дону, 2000г.

***

**УДК: 17.022.1**

Орунбаев К.К., Исаков Б.М.- преп. ЖАГУ

**Нравственные парадигмы, ценности и ориентиры социальной работы.**

**Аннотация**.
*В статье анализируется духовно - нравственный портрет специалиста социальной работы, его профессиональные качества, специфика навыков и умений работы с различными категориями населения.*

Нравственные парадигмы и ценности - жизнь, достоинство человека, гуманность, добро, социальная справедливость – являются теми основами, на которых строится социальная работа. На практике социальным работникам приходится сталкиваться с разнообразным и этическими проблемами и дилеммами, вследствие их обязательств по отношению к клиентам, коллегам, собственной профессии и обүеству в целом. Большинство затруднений для социального работника обусловлено необходимостью выбора между двумя или более противоречивыми обязанностями и обязательствами.

Законы, постановления и благополучие клиента. Законодательство не может предусмотреть все многообразие социальной жизни, поэтому иногда благополучие клиента вступает с ним в противоречие. Вне которых случаях социальные работники заявляют, что законам, постановлениям не следует подчиняться, в противном случае, будет нанесен вред клиенту.

Личные и профессиональные ценности. В основе этой группы этических дилемм лежит конфликт между личными и профессиональными ценностями социального работника. Он может быть не согласен с клиентом по политическим, религиозным, нравственным или иным мотивам, но обязан исполнить профессиональный долг. Мнения социальных работников о том, каким ценностям отдать предпочтение, далеко не всегда совпадают. Социальный работник должен взвести обязательство перед клиентом, профессией, третьими лицами.

Патернализм и самоопределение. Патерналистские действия включают вмешательство в желания клиентов или их свободу для их собственного блага с целью ограничить само разрушительные действия клиента. Патернализм считает возможным обязывать клиента принимать услуги против желания или принудительно, утаивать информацию или предоставлять дезинформацию. Этот случай вызывает споры о пределах допустимости патернализма. С одной стороны, клиенты имеют право на определенные формы саморазрушительного и рискованного поведения, с другой, социальный работник несет ответственность за заүиту клиентов когда они терпят неудачу. Споры об этом часто связаны с концепцией самоопределения и систем, какие клиенты способны осознать свое положение и принять оптимальное решение.

Необходимость говорить правду. Одним из принципов Этического кодекса НАСР является право клиентов на получение достоверной информации о делах, связанных с их состоянием и благополучием. С одной стороны, это законное право не подвергается сомнению. С другой, - в отдельных случаях представляется этически оправданным и даже необходимым скрыть правду от клиентов или предоставить дезинформацию. Например, в случае, когда дело касается больных клиентов или детей, для которых правдивая информация может считаться вредной при определенных обстоятельствах.

Конфиденциальность и частный характер сообүений. Социальный работник, следуя Этическому кодексу, должен сохранять сведения, полученные от клиента конфиденциально. Хотя это справедливо почти всегда, в отдельных случаях социальный работник

вынужден рассматривать возможность раскрытия информации, когда, например, сууествует угроза того, что клиент может нанести вред третьему лицу. Отсюда возникает необходимость информировать клиента о границах конфиденциальности в той или иной конкретной ситуации, о целях получения информации и ее использовании. С другой стороны, социальный работник может отказаться
раскрыть информацию, данную ему клиентом, например, по запросу суда. В этом случае возникает дилемма по отношению к конфиденциальности сведений клиента и обязательствами перед организацией – работодателем.

Эти и другие этические проблемы социальной работы требуют выработки способов их преодоления. Этические кодексы, в которых социальные работники стремятся найти ответы, составлены в обүих терминах и с относительно высокой степенью абстракции и содержат принципы, которые противоречивы и сами представляют этическую дилемму.

Сохранять нейтралитет, не проявляя, при этом безразличия и незаинтересованности, может только достаточно искусно балансируюүий социальный работник. Другая крайность состоит в недостаточной незаинтересованности в делах клиента, и это проявляется в неумении (нежелании) пробудить его энергию, в худшем случае у клиента пропадает желание проявлять эмоциональную энергию, необходимую для изменения или разрешения своих сложных житейских ситуаций. Кроме того, профессиональная объективность важна для сохранения психического здоровья социального работника. Эмоциональная беспристрастность необходима для поддержания собственной независимость и способности эффективно решать профессиональные задачи.

Социальный работник должен уважать человеческую непохожесть. Деятельность социального работника ориентирована на людей из всех слоев обүества, представляюүих различные национальные и этнические образования, культуры, имеюүих какие-либо физические или умственные недостатки, на людей разных полов, сексуальных предпочтений и возрастов. Он должен это помнить и уважать особенности своих клиентов. То, что иногда может показаться социальному работнику отклонением от нормы, в действительности, скорее всего, является нормальным поведением клиента, соответствуюүим каким – то иным установкам, социальному опыту. Учет этих многообразных восприятий жизни, терпимость по отношению к ним обусловливают эффективность практической социальной работы.

Социальной работник должен добиваться личного и профессионального роста. Социальная работа была и остается одной из самых трудных профессий. Процесс оказания помоүи людям, связанный с изменяюүейся средой, требует, чтобы социальный работник находился в гармонии с миром. Невозможно быть чутким к клиенту и творческим работником, взаимодействовать с широким кругом клиентов, имея узкий, непрофессиональный взгляд на жизнь. Поэтому следует непрерывно добиваться своего роста и развития и в качестве личности, и в качестве профессионала.

Социальный работник должен осознанно применять конкретные знания и навыки в конкретной ситуации. Социальной работник должен постоянно спрашивать себя, какие конкретные знания применимы в данной ситуации. Знания, почерпнуть из самой жизни, в результате практических экспериментов и полученных впечатлений являются ценными, тем не менее, следует түательно искать и осваивать наиболее прогрессивные теоретические новинки, апробированные и доступные для анализа. Социальный работник должен осознавать, что вера клиента является могучим стимулом к действию. Социальный работник обязан воспринимать клиента как неповторимую личность. Полного знания о клиента не может быть никогда, это невозможно. Вместе с тем, следует стремиться к тому, чтобы получить знания, необходимые для оказания помоүи. При этом главным источником информации служит сам клиент.

Социальный работник должен заниматься целостной личностью. Большинство профессий сосредотачиваются только на одном измерении человеческой личности. Социальная работа является уникальной среди профессий, поскольку направлена на

человека целостного – его биологическое, психологическое, социальное и духовное состояние.

Социальный работник должен предоставляет клиенту современное видение проблем. Успех оказания профессиональной помоүи во многом зависит от современного понимания разных подходов к имеюүимся проблемам. Индивид или группа должны быть уверены в том, что их совершенствование возможно, если в трудный процесс изменения будут привнесены новые модели поведения. Раскрывая новые перспективы, предлагая поддержку и методы изменения конкретных ситуаций, социальный работник в т же время должен быть честным относительно их пределов. Клиентам не помогут нереалистические обеүания. Сдержанный прогноз способен пробудить энергию клиента или их групп, чтобы действовать в интересах достижения желаемых социальных результатов.

Кыргызской Республике еүе предстоит фундаментально разработать стандарты и нормы профессионально – этического поведения специалистов по социальной работе. Обүепринятое понимание деятельности социального работника, которое определяет направления подготовки специалистов для различных учреждений социальных служб, сегодня переосмысливается с учетом специфических особенностей России и ее отдельных территорий. Традиционные нормы, ценности и профессиональные стандарты социального работника, выработанные в Европе и Америке, оцениваются в новом свете. Новая парадигма социальной работы выдвигает систему требований к квалификации и морально – этическому поведению специалиста по социальной работе.

Для выполнения предписанных социальным работникам функции и необходимо не только соответствуюүее профессиональное образование, но и личностная готовность соблюдать определенные профессионально – этические нормы.

За последнее время было предложено немало теорий и идей, касаюүихся моральных противоречий. Многие из них могут стать основой решений этических проблем в социальной работе, учитывая свои особенности в силу специфики профессии, времени, страны.

**Список литературы:**

1. Беребешкина З.А. Этика социального работника. Учебное пособие. – М.,2003 г.
2. Козлов А.А. Этический кодекс социальной работы. // Социальная работа, 1988 г.- №4
3. Курбатов В.И. Социальная работа. Учебник. Ростов–на-Дону , 2003г.
4. Холостова Е.И. Теория социальной работы. – М.,2004г.
5. Ценности и этика. Энциклопедия социальной работы. Т.3. – М., 1994г.

* * *

**УДК: 17.022.1+177**

Орунбаев К.К.,Сабиров К.А. - окут. ЖАМУ

**Адам балуулуктарынын негизги өзгөчөлүктөрү**

Айт,айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар туркун өнөр чыгарган,
Ааламдагы Адамды айт…

(Барпы.)

Ар кандай коомдук кубулушта,инсандын кылык-жоругу жана иш-аракеттери аркылуу, анын адептик чени бааланат,материалдын негизги максаты адам баалуулуктарына карата айтылган нарктуулук.Нарк, салт,жорук-жосун, адат,
жол-жобо, адам баркы,бедели ж.б.Мындан; «ар бир салттын жорук -жосундун
адаттын, жол-жобонун өз баасы бар,ар бир адамдын өз бедели,баркы болот».

Илим өңүтүндө а дегенде жаратылыш жаралган, андан адам таралган, анан коом курулаган. Адам- бул экөөнүн данакери. Демек, табият менен коомду таанып - билүү адамдан башталып адамдан бүтүшү керек. Ошондуктан адам «улуу» деп табиятын мыйзамдарын урматтап , «кичүү» деп коомдун эрежесин сыйлашы парз.
Ошону менен катар эле эзелтен бери коомдук турмушта адамдык аң- сезим , адептик, асылдык ажырагыс биримдик катары түшүндүрүлөт. Бул эки түшүнүк бири-бири менен тыгыз байланышпаса, моралдык жактан жакшы деп таанала албайт. Моралдык сапатарды оң жана терс сапаттарга бөлүшөт. Моралдык сапат деген түшүнүк моралдык нормага салыштырганда алда канча жалпы жана татаал түшүнүк болуп саналат. Анда адам кандай аракеттерди жасоого тийиш экендигин жана кандай аркеттерди жасабоого тийиш экендигине карата конкреттүү көрсөтмө берилбейт, анын жүрүш- турушу белгилүү жактарга гана жыйынтыкталган формада мүнөздөлөт жана бааланат. Масален талап коюуучулук сыяктуу сапат жоруктардын бүтүндөй жыйындысына билдирилген моралдык талап.

Адамдар өздөрүнө жана башкаларга карата талаптуу болууга тийиш. Бул менен адам жүрүш-туруштун, кылык- жооруктун бир катар кыйла жеке нормаларын болжолдойт, өзүнүн талап коюуучулугун көрсөтүү үчүн айкын кырдаалга жараша кандай иштөө жана жашоо керектигин адам өзү чечүүгө тийиш.
Абалтан ата-бабабыз Адам насилин артыкча аңдап, астейдил баалаганбы? Насил-түпкү теги,тукуму деген маанилерди билдирет.Көп учурда бул сөздөр «нарк-насил» деп
бирге айтылат.Себеби,ар нерсенин түпкү теги, тукуму өз наркына ,өз беделине ээ.

Эгер адамдар өз касиеттерин барктап, сактап, аздектесе, ар убак жакшысын калкалап, жаманын оңдоп, түздөп турса, нарксыздыгынан нарктуулугу көп экен деп жооп берүүгө болоор эле. Нарк дүйнөсүн бир сөз менен ата-бабалардын акыл эси, ариет-намысы, уюган кут казынасы өлбөс өчпөс улуу мурастары деп атасак болот.
«Адам - адам менен адам» «Адам болоор кишинин адам менен иши бар»- булар адам парасатын ардактоонун өрнөгү. «Адамдан адамы», «Адам экен», «Адам болуптур» - адамга мындан өткөн бийик баа жок. Ал эми «Ал адам эмес», «Адамдык сапаты жок», «Адам сынынан чыгып калыптыр» - булар адамдык касиеттерин жоготкондорго чыгарылган бүтүм.

Кыргыздар баардык нерседен адам сапатын көрүп , ага аяр мамиле жасайт : Теребел уктайт, күн жылмаят, жер ойгонот, бороон ышкырат, арпа-буудайдын башы , жүгөрүнүн чачы бар, боз үйдүн бөйрөгү, керегенин көзү, ууктун чыканагы комуздун кулагы болот. Жаныбарлардын (жаны барлардын) теги бар - Камбар – Ата, Чолпон–Ата, Зенги – Баба. Кулк (кылык) – мүнөздөр да адам сындуу: сезим - уяң, акыл - көрөгөч, достук - чынчыл, пейил - мээримдүү, махабат - ишенчеек, кастык - ташбоор келет…
Ушунун баары адам баласынын айкөлдүгүн, чексиздигин көрсөткөндүгүнүн үзүрү. Кыргыз үчүн көөнөрбөс дөөлөт, алмашкыс асыл нарк - адамдын кандайдыр бир белгиси: улуту, дини, же даражасы эмес, анын адамдык баалуулугу.

Ошондуктан, кыргыздар урпагын «Кыргыз бол» деп эмес «Адам бол» деп тарбиялайт. Адамда ар нерсенин чеги бар, адам болуунун чеги жок. «Адам болуу аста-аста» жүрөт. Ал үчүн адам болууну каалоо талбаган мээнет, тайманбаган эрк керек.« Сулуу эмес адам болбойт, сулуу эмес мүнөз болот». «Ата болуу оңой, ата бойдон калуу кыйын» деп улуу акылмандар айткандай адам чечкиндүү кадамдарды жасоо менен гана адам болуп өсүп өнүгөт.Адептүүлүктүн алтын эрежелерин чыгыш ойчул акылмандары да таамай айтышып, адам мүнөзүн ыйык касиеттүү жер баалуулуктарына салыштырып, тарбиялык

мааниси жеткиликтүү акыл-насааттарды калтырып кетишкен.
1.Жоомарттык жана кайрымдуулукта шаркырап аккан суудай бол.
2.Боорукерлик жана мээримдүүлүктө жадырап тийген күндөй бол.
3.Бирөөнүн кемчилдиктерин жашырууда караңгы түндөй бол.
4.Каарына келип, ачууланганда үн чыгарбас балыктай бол.
5.Токтоолукта жана жөнөкөйлүүлүктө көтөрүмдүү жердей бол.
6.Айкөлдүктө чалкып жаткан деңиздей бол.
7.Кандай болсон ошондой көрүн, же кандай көрүнсөң ошондой бол.

М.Жалалидиндин бул осуяттарынын табыгый баалуулуктары азыркы күндө жана келечекте муундан - муунга өтүп, өз баалуулуктарын жоготпой келет.

Кеп көркү - тил,
Ойдун көркү - сөз болот.
Кишиде-жүз,
Жүздүн көркү - көз болот деп,

Жусуп Баласагын Кыргыздардын адам насилинин барктуулугун жогорку даражадагы накыл сөздөр менен тастыктап берип, «Акыл башта», «Кубат-сөөктө», «Уят-көздө», «Дүйнөдө турмуш-кызык», «Кыял,санаа-күлүк», «Жан-ширин», «Илим-күчтүү», «Уйку таттуу»-деген сөздөрдү адам акыйкатынынын өсүү процестеринде так, даана, таамай айтылган акылман сөздөр менен аныктайт. Демек, баары адамдын өзүнө байланыштуу: «Жакшы болсоң- өзүңө,жаман болсоң-өзүңө,өйдө карап түкүрсөң, кайра түшөт өзүңө». Адам ушундай тандоо жөндөмдүүлүгүнө ээ экендиги менен асыл, талыкпай адам болууга талпынгандыгы менен бийик.

Өкүнүчтүү жери «адам асыл экендигин өзү сезе электиги…»

Адам бул сыноо дүйнөсүндө пенделик кызыгуулары, каалоолору, айрым жагымсыз негативдүү кыял-жоруктары менен адамдык баалуулуктарын, жаман нерселерге азгырылтып, бирде жыгылып, бирде түздөлүп, жолун улайт.

Акыл-эси токтолуп калган улуу муундардын мындай жоругу жалпы коомду сар-санаага салып, жашообузду татаалдаштырган карама-каршылыктардын пайда болушуна алып келет. Башкаларды күнөөлөдөн мурун, адам өзүнө-өзү суроо берип, өзүн-өзү күнөөлөп жана суракка алып турса, ал өзүнүн адамдык баалуулугун сезип, татыктуу жашоого шарт түзөт, жана коомдук көйгөйлөрдүн чечилишине ар бир атуул өз салымын кошкон болоор эле. Анткени, жашоодогу бардык маселе көйгөй адамдан башталат да, адамдан бүтөт. Адамды тандоодо анын нарк насилине ишеним көрсөтүү же ишеним артуу оңой нерсе эмес.

Азыркы коомдук түзүлүштө мамлекеттин келечегин,эл тагдырын туура жолго салалбаган, улут баалуулуктарынын философиясын түшүнбөгөн, көр пенделик кайдыгер мамлекеттик чиновниктердин айынан, улуттук нарк-насилдин жоголуп баратканы байкалат.Бардык кабыл алынып жаткан нормативдик акт мыйзам долбоорлору, элдик салт, наркка, улуттук мамлекеттин жарандарынын менталитетине, шайкеш келалбай жаткандыгында, аны аткаруу же ага баш ийүүдө элдин табигый сезими,маданий ой жүгүртүүсү, батыштын же кайсы бир чет өлкөнүн бизге тааныш эмес инструкцияларын таңуулап, баш айлантышат.

Тилеке карышы,кыргыз мамлекетинин ички нарк парасатынынан тартып, анын тышкы административдик
-аймактык бөлүнүшүнө чейин, социалдык багытынан тартып, рухий-маданий дөөлөттөрүнө чейин, юридикалык, укуктук ченемдеринен тартып, диний ишенимдерине чейин салттуу негизинде, нарктуу сыпатта илимий-методологиялык, тарыхый-диалектикалык өңүттө аңдала да, аныктала да элек. Бардык чечим саясий максаттуулуктун гана нугунда каралып, утурумдук кызыкчылыктын ыңгайынан гана чечилип жатат.

Демек,жакшы адамдардын ак ниетүүлүгү,чынчылдыгы,жан дүйнөсүнүн тазалыгы аларды жаман жолго түшүүдөн сактайт. Башкача айтканда, башкалардын эсебинен «бактылуу» болушуна жол бербейт.

Ошондуктан, алар ак эмгеги менен тапкан ченелүү
каражаттын эсебинен жашашат. Ал эми наадандар ар кыл жол менен байлыкка, бийлике жетип, коомду жана өзүн-өзүн алдоо менен бардар турмушта жашашт да, арам оокат кылуу менен өздөрүн жакшы адамдарга теңешет.

Ошондуктан, Ч.Айтматовдун «Эс-акылы бар адамдын эс акылы жок жаныбардан айрымаланган баштапкы касиет-жакшылык менен боорекерлик» дегенин жадыбызга сактап,адам болууга аракет кылалы. Анткени, «Жакшы адам тирүүсүндө алкыш алат, жамандар өлсө дагы каргыш табат». (Жусуп Баласагын).

**Колдонулган адабияттар:**


1.Даутов К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү.Б «Басма тамга». 2003.
2.Какеев А.Ч. Учурдагы кыргыз маданияты 1994.
3.Токоева Г.С. Барпы Алыкуловдун дүйнө таанымы.Ж-А.2003.
4.Акмолдоев Ж.Б. Байыркы кыргыздардын руханий дүйнөсү.Б.1998.
5.Сабыр Иптар уулу.Кыргыз насилинин нарктуулугу Б.2010.
6.П.С.Таранов Эмоции ума.том 1.Б.1997
7.Эрмекбаева.Н.Санат ырынан кийинки ойлор.Б. 2008.


*******

**УДК: 37.013** Осконбаева С., Боркошова С. ЖАМУ

## Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы экологиялык тарбиянын чагылдырылышы.

Билим берүү системасында ар бир жарандын деги коомдун келечеги турпатын, өлкөнүн эртеңки өнүгүү мүмкүнчүлүгүң аныктоо маселеси турат. Бул процесс жогорку деңгээлдеги квалификациялуу кадрлар ЖОЖдордо даярдоо жана аларды адистиги боюнча жумуш менен камсыздоо жаңы илимий технологияларды жаратуу аларды өндүрүшкө киргизүү, инновациялык экономиканы шарттоо аркылуу ишке ашырылат.

Жогорку билим берүүнүн максаты эмгек базарынын шартына ылайыкташкан, атаандаштыкка жөндөмдүү комплекстүү, жоопкерчиликтүү, өз кесибин терең сүйгөн жана өздөштүргөн, дайыма кесиптик өнүгүүсүн токтотпогон дүйнөлүк ченемдерге туура келгидей мыкты адистерди даярдоо.

Окутуунун түпкү максаты - окуучулардын акылын өстүрүп, ыйманын түптөө экенине, педагогикалык процесс өз табияты боюнча чыгармачылык мүнөздөгү ишмердүүлүк экендигине, окутуу - окуучулардын активдүү акыл ишмердүүлүктөрүн уюштуруучу мугалимдин акыл ишмердүүлүгү экендегине акыл парасаты жетишпейт.

«Бала окутканды окутуучу дейбиз, бирок алардын баары эле устат деген улуу наамды алууга акысы жок» - деп айткан экен немец элинин улуу акыны Гете. «Баланы тарбиялап адам кылып чыгарууда устаттын милдети эбегейсиз зор, ары татаал. Чыныгы устат кандай шартта болсо да, келечектин ээси боло турган инсанды тарбиялайм деген улуу максаттан тайбайт. Ал ушул ыйык нерсеге бүт жан дили менен умтулса гана өз кесибине ыйманы таза болсо гана Ата журт менен эл алдындагы милдетти аткарган болот» - деп жазган профессор Б. Алымов.

Адам баласы жаратылыштын бир бөлүгү. Ал жаратылышсыз жашап күн кечире албайт. Абадан дем алып, азык оокат,күн нурун, жылуулукту, курулуш материалдарын, кийим кече кыскасы бардык керектүү нерсени жаратылыштан алат. Ошондуктан жаратылыш бизге көзүбүздүн карегиндей керек, ага гумандуу мамиле жасап коргообуз зарыл. Адамзаттын жаратылышка жасаган мамилеси анын адамдык сапатына, ыйманына жараша болот. Мурдатан бери эле биздин жети атабыздан мурункулар жаратылышты ыйык тутуп ага гумандуу мамиле жасашкан.

Жараткан теңир жаратылышты абдан ыйык кылып жараткан. Анткени адам тиричилигине керек болгон бардык нерсени жаратылыштан алат. Ошондуктан ал жөнүндө кам көрүүнү эч качан эстен чыгарбоо керек. Ар бир инсан өз баласын кичинесинен эле жан жаныбарларга ырайымдуу мамиле жасоого, аларды сүйүүгө, коргоого тарбиялоо зарыл.

Адамзаттын жан-жаныбарларга көркөмдүүлүккө назик наристеликке болгон аөо сезимдеринин күчү, сүйүүсү илим чөйрөсүндө жаңыдан кадам шилтеген экологияны негиздеп, экологияга салым кошору шексиз.

Адам баласынын жашоо тиричилигиндеги эң асыл баа жеткис зарыл маселелердин бири болуп экология маселеси эсептелет. Бүткүл адамзат, бардык жан жаныбарлар жада калса суусда, деңиз, дарыяларда жашаган балыктардын миңдеген түрлөрү, тоолор, токойлор, агын суулар, жб. баары жаратылыштын бир бөлүгү. Европа мамлекеттеринде көп жерлерди жана аянттарды улуттук бактарга айландыруу маселеси чечилген. Башка маданияты өнүккөн мамлекеттерде, өздөрүн кандай жакшы көрүшсө, жашаган жерин, айбанаттарды, токойлорду, айлана - чөйрөнү жана башка эң бийик даражада урматтап, жаратылыштын өсүп өнүгүшүнө, келечек муундарга берекелүү кызмат көрсөтүшүнө түздөн түз кам көргөн сыяктуу. Ата мекендин табиятын коргоого тарбиялоо үй - бүлөдө ата – эненин, балдар бакчасынын, мектептин орто жана жогорку окуу жайлардын жана коомчулуктун ыйык парзы болуп саналат.

Адам баласынын кайрымдуулугу, боорукерлиги мээнеткечтиги, каниетүүлүгү, адилетүүлүгү, ыймандуулугу, мекенди сүйүүсү, жаратылыштын баа жеткис байлыктарын айлана-чөйрөнүн экологиясын коргоого, сактоого бурулганда гана биз келечектеги жаш муундарга байыркы доорлордон бери жашап жаткан өсүмдүктөрдү, жан-жаныбарларды ж.б. сактап калабыз деген ыйык парз ар бир инсандын оюнан орун алуусу тийиш.

Ар бир эл, улут, мамлекет экологиялык жактан билимдүү, ар тараптан өнүккөн болуп табияттын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен эсептешип, тынымсыз байланышта жашаса гана таза сапаттык генефондко ээ болуп, саясий социалдык жана экономикалык жактан өсүп өнүгөт.

Азыркы мезгилде адам пендеси жеке кызыкчылыгын жогору койгондуктан көптөгөн токойлордогу, бактардагы, эс алуучу жайлардагы ар түрдүү өсүмдүк жыгачтарынын кыйылып, жок болушу, биздин коомчулуктун жаратылышка болгон көз карашын тескери, терс көрүнүштөрү экендигин айтканда зээниң кейийт, ошентип табиятты чоң кыйроого учуратып жатабыз.

Адам баласы жаратылыш процесстерине улам активдүү кийлигишип жаткан илимий техникалык революциянын азыркы шарттарында курчап турган айлана- чөйрөнү коргоо эң бир курч жана актуалдуу проблемалардын бири болуп саналат. Ал глобалдуу мүнөзгө ээ. Аны чечүү биздин планетабызда жашап турган бардык адамзаттын күч аракетин талап кылат.

Ар бир адамда жаратылышка карата сарамжалдуу, аяр мамиле кылууга тарбиялоо, анын билимин кеңейтүү жана жаратылышты коргоого, курчап турган чөйрөнү өзгөртүүгө зарыл болгон ыгын өнүктүрүү азыркы учурдагы тарбия берүүнүн жана жалпы билим берүү системасынын ажырагыс бөлүгү болуп калды.

Үй-бүлөдө, балдар бакчасында, мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында окутуунун жана тарбиялоонун бүтүндөй процесси окуучуда айлана-чөйрөнү коргоо маселесин чечүүгө граждандык жоопкерчилик сезимин тарбиялоого,

жаратылышты сүйүүгө, жаратылышка мамиле кылуунун маданиятын,
Айлана-чөйрөнү коргоонун талаптарын эске алуу менен калыптандырууга багытталган.

Адам баласынын иш аракети илимий техникалык революциянын өнүгүшү жаратылышка терс таасирин тийгизип,жер жүзүндөгү экологиялык тең салмактын бузулушуна алып келди.

Акыркы он жылдыкта планетаны булгоо өсүп кетти. Таза абаны, кычкылтекти берген токой аянттары азайып, жер кыртышы бузулуп, дүйнөлүк океандар булганууда. Ошондой эле дүйнөлук улуу көлдөр менен дарыялар да абдан булганган. Азыркы мезгилде адистердин изилдөөсү боюнча рак жана башка оорулардын сексен пайызы таза эмес суудан улам болгону далилденди.

Жаш муундардын табиятка болгон этият мамилесин калыптандыруу, тарбиялоо, аларды жаратылыш менен тааныштыруу, андагы өсүмдүк, жаныбарларды кеңири тааныштыруудан башталат.

Үй-бүлө жана мектеп, балдарды айлана-чөйрө менен тааныштырганда табияттын айтып бүткүс кооздугун туура кабыл алып түшүнүүсүн камсыз кылууга тийиш. Табиятты кабыл алуудагы сулуулукка таңдануу сезими жаштарды айлана-чөйрөнү жана табиятты коргоого шыктандырат.

Орто мектептерде, атайын жогорку билим берүүчү окуу жайларда жаштарды адабият, көркөм чыгарма менен тарбиялоо, абдан чоң роль ойнойт. Адабият – бул элдин турмушунун күзгүсү. Ошондуктан жашоо турмуш тиричиликте болуп жаткан кубулуштар, окуялар, чагылдырылат. Айрыкча глобалдуу проблемалар адабий чыгармалардын негизги тематикасы. Мындай чыгармалар өз убагында көркөм элестүү чагылдырылган көптүн кызыгуусун көнөрбөс эмгек болуп кала берет.

Кыргыз элин бүт ааламга белгилүү кылган чыныгы инсан, көрүнүктүү жазуучубуз Ч. Айтматов өзүнүн жакынкы Европадагы жолугушууларында «Силер экология жөнүндө азыр айтып жатасыңар. Биздин түрк дүйнөдө мындан миң жыл мурда айтылып келген» - деп белгилеген. Экологиялык маселелер байыртадан эле козголуп келүүдө. Буга эң чоң мисал «Кожожаш» эпосу. Элдин түшүнүгүндө жаратылыш ыйык, аны коргоо инсандык парз. Эпосто Кожожаш мерген менен жаратылыштын ортосундагы мамилени көрсөтөт. Кожожаш өзүнүн колу менен кылганын мойну менен тартты- аскада камалып, сөөгү көмүлбөй карга-кузгунга жем болду. Демек жаратылышка ырайымсыз мамиле жасасаң, ал да ага ошондой мамиле кайтарат тура. Далай элди кызыктырган «Ак кеме» повести, мында Бугу эне жөнүндөгү уламыш аркылуу өткөндө адамзат жаратылышка кандай мамиледе болуп калышты - деген тымызын сырдуу үн угулат. Бул жөнүндө жазуучу жазылыш тарыхын эскерүүдө «Соң көлдөн келе жатып, кокусунан бугу аткандарга жолугуп, анан көңүлүм абдан чөгүп, ушул чыгарманын түпкү түйүлдүгү пайда болду» - деген. Бул повесте Орозкулдун жаратылышка кылган мамилесинен туяксыз калышы жаратылыштан алган жообу деп ойлойбуз.

Чыңгыз атабыздын «Кыямат» романында, экологиялык тарбия абдан курч берилген.Мисалы: карышкыр баланы өч алуу үчүн, ала качышы, өз уясындагы бөлтүрүктөрүнүн жок болгонуна ыза болушу, адам чыдагыс оор жаза. Адам пендесинин табиятка жасаган мыкаачылык мамилеси үчүн тарткан азабы.

Жаратылыш ыйык, анткени адамзат жашоо тиричилигине керек болгон, бардык зарыл нерсени табияттан алат, жаратакндын берекеси.

Жаш муундарды жаш кезинен тартып табият менен этиет, таттуу мамиледе болууга тарбиялоо, ар бир ата-эненин жана педагогдун, коомдун милдети.

Элибизде кеп бар эмеспи «бир даракты кыйсаң, ордуна миң түп дарак эк» - деген, андыктан бир көчөттү кыйсак да, ордуна отургузууда ар бир адамзаттын алдындагы зарыл иш. Курчап турган чөйрөдөгү сулуулук жөнүндөгү ата-энелердин, мугалимдердин элестүү эмоционалдуу сөзү болбосо балдар сулуулукту таанып билүүсү кыйын. Сырттан көрүп байкоо

жана угуу, көргөндү жана укканды баштан кечирүү-бул сулуулук дүйнөсүнө көз чаптыра турган биринчи терезе десек болот.

Табият жараткан жергебиздин теңдеши жок кооздуктары элдин оозеки чыгармаларында, сөз чеберлеринин ырларында шумдуктуудай сүрөттөлөт.

Жаш муундардагы сулуулукка болгон дилгирликти ойготууда Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыркөл, Сары-Челек, Кулунду өңдүү кооздукту, Кара-Алма, Орток, Кадуу, Жылан Темир, Арсланбап өңдүү ааламдагы токойлорду Алай, Суусамыр өңдүү жайытттардын кереметтүү ажайып келбетин жаш муундарга ачып көрсөтө алсак, өлкөбүздүн, жаратылышыбыздын кооздугун жеткирсек, аны сүйүүгө, туюуга, коргоого, ата мекенин жан дили менен ардактоого тарбиялоо баарыбыздын милдетибиз.

Ар бир адам табиятты жан дили менен сүйүп, аны коргоого дайым даяр болуусу керек. Адам өзү жаратылыштын бир бөлүгү экендигин эч качан эстен чыгарбоосу зарыл, ар дайым абанын тазалыгын сактап, ал үчүн кам көрүү ар бир адамзаттын алдындагы милдети.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Комиссаров Б.Д. Методологические проблемы школьного биологического образования-м: «Просвешение 1997.
2. Бабанский Ю.К. Салстенин В.А. Педагогика: Учеб Пособие для студентов пединститутов. М.Просвеүение 1981.
3. Справочник натуралиста М. Мир 1990.


***

Сабиров К.А., Орунбаев К.К.,- окут., ЖАМУ

**Азыркы улуттук аң - сезимдин калыптанышындагы төкмөчүлүктүн орду.**

Эгемендүүлүктүн 20 жылдыгы коомдук аң сезимде эбегейсиз чоң өзгөрүүлөрдү алып келди. Советтик социализмди туу туткан ортодоксалдык ойлор акыры кыйрады, начарлады.

Кыргыз улуту улут катары өзүнүн баалуулуктарын иликтеп, коомчулуктун обьектисине коюп, ийгиликтүү жыйынтыктын чыгышынан үмүт этип, эгемендүүлүктүн жолунда бара жатат. Жалпы адамзатка тиешелүү болгон баалуулуктардан айырмаланып, «жалпылык жана өзгөчөлүк» категориясында кыргыздардын өзгөчөлөнүп, улут катары карманып сыймыктанаар эмнеси бар? Дүйнөлүк цивилизацияда орду кандай? Улуттук баалуулуктарга нигилистик көз караште да болуп жүрөбүз жана маалымат каражаттарынын Европа цивилизациясынын колунда болгондугуна байланыштуу алардын маданиятына акырындап интеграцияланып баратабыз. Европа маданияты жаштарыбызды өзүнө тартып бара жаткандыктан биздин улуттун, коомдун тагдырын ойлогон инсандарыбыз ошончолук кооптонуу менен ойлорун айтып жатышат. Жашоонун чындыгы катары жаштарыбызда Евро борбодук маданий көз караш күчтүүрөөк экендигин танбашыбыз керек.

Профессор Ж. Бөкөшев «Адам болмушту өзгөртүп курат, жаңы нерселерди жасайт, башка адамдар менен мамиле түзүп, коом турмушуна аралашат. Бул анын практикасы (практическая деятельность) аркылуу иш жүзүнө ашат. Ошол эле учурда адамдын жошоо - турмушунун дагы бир маанилүү жагы бар. Ал ой-түшүнүк түрүндө курчаган дүйнөнү аңдап-түшүнүү, иш жүзүндө аны өзгөртүп-өнүктүрүү менен катар аны баалайт, болмуштагы нерселердин маанисин аныктап, баа берет,баасын бычат, жактырып-жактырбаганы болот, жакшы-жаман көргөнү болот,Кымбатын аздектеп, жакпаганын четке кагат. Баарынан кымбат көргөн, эч нерсеге теңебеген, баа жеткис нерселер бар. Бул – баалоо иш аракети (оценочная деятельность) аркылуу жүрөт. Философиянын ушундай кымбат, баалуу, барктуу нерселер дүйнөсүн иликтеген бөлүгү аксиология аталат.

Байыркы гректер негизинен үч нерсени баалап – барктаган; чындык, сулуулук жана жакшылык (истина, красота, добро). Ошондой эле аларды үчилтик санап, бир бүтүн, туташ кейипте баалашкан.

Кымбат зат – бул адамдын жашоосунда, коомдук турмушунда белгилүү бир мааниси, баасы бар нерсе(зат, кубулуш,окуя, идея,? ж.б.). Албетте, бул так аныктама (дефиниция) эмес. Бирок, талкууга алынып жаткан маселенин маңызын туюнтат» деп жазат.

Профессор В.Н. Лавриненко «Различные историчекие эпохи и разные философские системы накладывают свой отпечаток на понимание ценностей. В средние века они связываются с божественной суүностью , приобретают религиозный характер. Эпоха Возрождения выдвигает на первый план ценности гуманизма. В новое время развитие науки и новых обүественных отношений во многом определяют и основной подход к рассмотрению предметов и явлений как ценностей.

Если иметь в виду самое обүее понимание ценностей, то можно сказать, что ценность – это понятие, указываюүее на культурное обүественное или личностное значения явлений и фактов в действительность.

Ценности личности образуют систему ее ценностных ориентации, под которыми имеются в виду совокупность важнейших качеств внутренней структуры личности являюүихся для не особо значимыми. Эти ценностные ориентации и образуют некую основу сознания и поведения личности и непосредственно влияют на ее развитие» деп жазат.

Коомдук өнүгүүбүздө жаштарыбызга багыт берүү улутук баалуулуктарды алардын жан дүйнөсүнө айландыруу кыйын болуп жаткандыгын президенттерибиз, саясатчыларыбыз, телекөрсөтүү, пресса, коомчулук баары айтып жатышат, бирок эмне себептен дүйнөдөгү эң керемет, феноменалдык көрүнүш, сулуулук, шедевр болгон башка элдер арасында теңдеши жок, бүтүн дүйнө эли суктанаарлык, жана сыйынаарлык кыргыз төкмөлүгү кыргыз улутунун колунда жаштарына сиңирилбей, алар тарабынан берилип терең бааланбай, төкмөлүккө караганда «Реп», «КВНдер»(Тама шоу) «Жан» дүйнөсүн ээлеп алганын көрүп туруп төкмөлүктү жаштар арасында жайылтышпайт. Эмне себептен студенттер жана мектеп окучууларынын арасында төкмөлүк айтыштарды өткөрсө болбойт. «РЕП» менен «Тамашоу» негизинен жаштардын обьектисине Европанын жаштарынын кылык жоругун камтып анда сахнаны ээлегендер кыргыз эмес «киргиздер» берет? Ага караганда төкмөлүк конкурсу жаштарга ак менен караны, жакшы менен жаманды, сулуулук, чындык, актык өңдүү баалуулуктарын философиялык ойлордо акыл калчап иргеп бермек.

Аң – сезим эмне дегенде биз бул – обьективдүү реалдуулуктун адамдын мээсинде чагылдырылган субьективдүү образы – дейбиз. Андай болсо студенттердин обьектисине «РЕП», «КВН» коюшубуз керекпи же эчен кылымдар, жылдар кыргыздарды сактап, кубандырып улуттук баалуулуктарды жалпы адамдык баалуулуктарды иргеп көрсөтүп берген төкмөлүгүбүздү жаштардын обьектисине коюшубуз керекпи? Жаштардын обьектисинде кайсынысы болсо улуттук баалуулуктарды көбүрөөк камтыган аң-сезимди алабыз.

Академик В.В. Бартольддун айтуусу боюнча «Киргизы (кыргыз) принадлежат к числу древнейших народов Средней Азии. Из народов, живуүих в Средней Азии в настояүее время, нет, по-видимому, ни одного, название которого так рано встречалось бы в истории ». Ушунча убакыт жашап келген элди «РЕП», «КВН» сактап келдиби же кыргыз төкмөлүгүбү? Эгерде төкмөчүлүк идеология, руханий дүйнө катары элди сактап, асырап келсе эмне себептен аны биз жаштар арасына таркатуудан уялабыз, же таркатууга жана андан кандай жыйынтык болоруна акылыбыз жетпейт? Манас эпосун төктүрүп айттырып жатабыз, бирок аны жаттап айтып жатышат да. Чыныгы адамды таң калтырган, турган жеринен эле төккөн айтыш төкмөлүктү жасалма түрдө биз жаштар арасында бут тосуп таратпай, ал боштукту совет мезгилинен келе жаткан киргиздердин «КВНи», суверендүүлүктөгү кыйшык кепка афро-американдык жигиттердин «РЕП» сахнасы ээледи да калды.

Жалал-Абад мамлекеттик университети Жалал-Абад облусунун мээси, акыл – эси катары кызмат кылышы керек.

Маданиятты антропологиялык, социологиялык, философиялык жолдор менен талдап караганда аалым В.И. Полиүуктун айтымында …«Что в кождом обүестве (как каждом живом организме) есть некие культуротворческие «силы» направляюүие его жизнь по организационному, а не хаостическому пути развития. Культуры ценности создаются самим обүеством, но они же затем и определяют развитие этого обүества, жизнь которого начиняет все больше зависеть от произведенных им ценностей».

Караңызчы, коомдо белгилүү бир маданият түзүүчү күчтөр аракет кылат. Маселен, үйлөнүүдө кыз алып качуу маданияты адам укугу тепселенип кордолуп жатса да маданият түзүүчүлөр - саксайган жеңелер коомдо терс көрүнүштөгү маданиятты колдон чыгарбай келе жатышат. Өзбек кино жаатын алып караңыз, улуттук деңгээлде карманып калгандыктан маданият түзүүчүлөрү жакшынакай кино фильмдерди чыгарып жана башка элдердин кино фильмдерин которуп тартуулады, аны биздин кыргыздар да жата калып көрүшөт. Эмне себептен дүйнөлүк деңгээлдеги маданиятыбыз - төкмөлүктү жаштар арасында жөн эле конкурс катарында системалуу уюштуруп коө албайбыз? Эмне себептен жок дегенде «КВН» менен катарлаш коюлбайт? Эмне себептен жаштар арасында «КВН» культ болуш керек да, төкмөлүк культ болбош керек?

Эмне себептен мектептерде «чоң муштум» культунун ордуна төкмөлүктүн сөз баккан жаштарды культка айландырып, окучуулардын обңектисине коюп, аң-сезимин жакшы жакка буруп койсо болбойт.

Эгерде мектептер аралык төкмөлөрдүн айтыш конкурсун өткөрсөк, Кыргызстанда 2-3 жылдан кийин комуз кармаган жаштар козу карындай жайнап чыгат. Алар жөн эле комуз кармабай керемет төкмөлүк аң-сезим менен жүрүп калышат.

Бейиш кайда? Бейиш кыргыз төкмөлүгүндө! Кыргыз тилин билбеген, түшүнбөгөн башка элдер бул керемет менен тааныш болбой бейиштин четинен сызып өтүп, жошоонун шербетинен ооз тийбей, мөндүрдөй жаап, тиги дүйнөнүн тууруна конуп жатышат.

Бүгүнкү күндөгү Жеңишбек, Элмирбек, Замирбек деген залкарларыбыз, Буга чейин Эстебес, Токтосун, Ашыралы, Тууганбай, Алымкул, Калыгул, Токогул, Барпы, ЖеңиЖок, Тоголок Молдо, Арстанбек ж.б. не деген залкарларыбыз өттү бул дүйнөдөн. Алар коомго адамдык, улуттук баалуулуктарды көрсөтө билип, элибизди сактап келишти, цивилизацияга кошушту. Алардын бизге калтырган төкмөлүк баалуулугу цивилизациянын курмандыгы болбош керек. Тескерисинче модернизацияланыш керек, себеби бул дүйнөлүк феномен, шедевр.

**Колдонулган адабияттар:**

1. В. И. Полуүук, Культурология / М., 1998
2. Кыргыз тарыхы: энциклопедия. - Бишкек, 2003.
3. Философия . Учебное пособие .Под.ред. В.И. Лавриненко М., 1996
4. Ж. Бөкөшөв Философия, Жалал- Абад 2003

***

Суленов К.Ж.,Мурзалиев К.А.,Таирбеков С.Т- ЖАМУ

**Физиканын кыргыз тилинде окутуунун азыркы абалы тууралуу**

Кыргыз элинин улуу саясий ишмери Исхак Раззаков орус тилинин гегемондугу гүлдөп, кыргыз тилинин баркы түшүп, жок болуп кетүү жолуна түшкөн кезде, тил жоголсо эл да кошо жоголоорун даана сезип, аны сактап калуу багытында иштиктүү алгачкы кадамдарды, ошол учурдун конңюнктурасына тетири келээрине карабай белсенип жасаган. Ал - орус жана

башка тилдүү мектептерге кыргыз тилин окутуунун милдеттүү түрдө праграммага киргизген. Ушул, жана башка «элим»-деп жасаган жигердүү иштери тескери бааланып, «улутчул» аталып, Кыргызстанды жетектөө кызматынан четтетилип, куугунтука алынган. Башка кызмат берилбей пенсияга чыгарылып, өзгө жерде кайтыш болгон. Москвада көмүлгөн сөөгү, эгемендик жылдарында элдин эркине ылайык өз жерине – Бишкекке алып келинип, кайрадан жерге берилген.

Анткен менин кыргыз тилинин баркын көтөрүп сактап калуу аракеттерин башатында турган Исхак Раззаковдун эмгеги элдин эсинен чыкпай турганына, анын жүз жылдык мааракесин арналган ушул илимий - практикалык конференция да күбө. Бирок анын көксөө - тилектери ушул күнгө чейин арзуу боюнча гана калып келет. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил - кыргыз тилинин абалы чар тараптан, айрыкча билим берүү тармагында абдан начар. Аны жакшыртуу боюнча иш-чаралардын саны жана сапаты аз жана төмөн болгондуктан иш алдыга анча жылбай жатат. Андыктан, кыргыз тилин өркүндөтүп, сактап калуунун көйгөйлөрү дагы деле кечиктирилбей чечиле турган актуалдуу курч проблемалардын бири болуп калууда. Бул ишке дараметинин жетишинче салым кошуу – ар бир кыргыз атуулунун ыйык милдети.

Физика илими жалпы табият таануу жана техникалык илимдеринин методологиялык негизи. Ошондуктан жалпы билим берүү жана алуу жараянында физика илиминин орду өзгөчө. Физикалык билими таптакыр жок адам болбосо керек, болсо да аны чыныгы билимдүү адам деп эсептөөгө болбойт. Азыркы заманда маалымат - коммуникация технологиялары авансценага чыгып отурат. Анткен менен анын да өзөгүндө физика тураарын эстен чыгарбоо абзел. Кетменден баштап компьютерге, космос корабль-станцияларына чейинки бардык каражаттарды физикалык жабдыктар десек анча деле жаңылбайбыз. Айрыкча электр энергиясы бүгүнкү турмушка аябай сиңген. Анын келечеги да кең. Ошентип азыркы адамзат коомун учурдун техникасысыз элестетүүгө мүмкүн эле физика илиминен билим алуусуз өнүгүүнү элестетип болбойт. Дегенде:

Бардык шартты түзүп турган ток болот,
Ток болбосо жыргал турмуш жок болот.
Бир ток эмес, бүт табият сырлары
Билип алгын-физикада топтолот.

Физикалык билимдердин, деги эли баардык илимдерден билимдердин фундаменти жалпы билим берүүчү орто мектептерде коюлат. Ал эми мектеп окуучулары мектепке өз эне тилинин кору (запасы) менен келишет, андыктан алар алгачкы билимди өз эне тилинде гана ала алышат. Анын үстүнө ошол эне тилин, кыргыздар үчүн - кыргыз тилин, андан ары окуучулардын дилине бекем сиңирип өстүрүүдө, ошол тилде, мисалы - кыргыз тилинде, сапаттуу окутуунун ролу эч нерсе менен алмаштыргыс түрдө эбегейсиз зор.

Элге билим берүү, башкача айтканда педагогикалык процесстин өзөгүн эмнеге, кантип окутуу менен кошо тарбия берүү түзот. Ошол процессте кыргыз улутун өз Ата-Мекенинин, элинин, дилинин, тилинин патриоту кылып тарбиялоодо конкреттүү илимдерди мектептен баштап жогорку окуу жана илим жайларына чейинки бардык тармактарында кыргыз тилин колдонуу абадай эле керек. Бул айтылган ой кыргыз тилинде физика илимин окутууга айрыкча тиешелүү. Себеби, башка илимдерге караганда физикада спецификалык өзгөчөлүктөр арбын. Жаратылыштын кандайдыр бир кубулушун, законун түшүндүрүүдө аны тили менен физикалык маанисин бузбай, нагыз кыргыз тилинин стилистикасы, башкача айтканда түшүнүктүү тил менен жеткириш зарыл. Мында кыргыз тилинин бардык мүмкүнчүлүктөрүн, ал эми кыргыз тилинин мүмкүнчүлүктөрү жетишээрлик түрдө ар тараптуу, толугу менен колдонуш керек. Антпегенде орус тилинен ал тилдин стилистикасын ээрчип, келегейлентип которулган китептер окуучуларды жана студенттерди өзүнө тарта албайт. Физика - кайсы тилде болбосун түшүүнүүгө татаал илим, аны жогоруда айткандай кыргыз тилине сапатсыз которгондо, андан бетер башты айландырган тексттер жаралат. Кээде котормодо физикалык маани теңиринен тескери болуп бузулат. Ошентип адамча

сүйлөгөн тоту куштай болгон китептер кыргыз окурмандарынын колуна тийет. Алардан толук билим алууга мүмкүн эмес. Бул көрүнүш бир гана физикада эмес, массалык түрдө бардык илимдердин котормосунда кездешет. Аны билген ата-энелер балдарын орус тилинде окутууга тырышат. Мындан кыргыз тилинин баркы түшүп, билим алууда керексиз тил жагына оойт да, кийинки муундар аны жээрип, колдонбойт. Ошентип ал жок болуп кетет. Буга «вестернизация» («батышташуу»), «глобализация» («ааламдашуу») процесстери кошулганда бечара кыргыз тилинин, демек кыргыз элинин абалына «мышык ыйлап», жолдо изи, сайда саны табылбай калчуудай көрүнөт. Бирок бул бир тараптуу ой жүгүртүү. Ал эми азыркы заманда дүйнөдө, ошондой эле Кыргызстанда, эки тенденция өкүм сүрүүдө. Биринчиси айтылды. Экинчиси – ар бир улуттун, кыргыздардын да, өзүн-өзү сактап калуу инстинктти иштеп, баардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, сактап калуу аракетин катуу жасап жатышат (кудай ийгилигин берсин). Кудай «аракетке береке берем» дейт. Жогоруда айтылган жаман абалдан чыгуу учун жасалып жаткан аракеттерге кошумча кандай аркеттерди жасоо керектигине карата өз ойлорубузду ортого салсак, алар төмөнкүлөр:

Үйдө жана бала бакчаларында кыргыз тилинде гана тарбиялоого өтүү жана ал тарбияны башка тилдер менен айкалыштыруу;

Кыргыз элинин фольклордук жана классикалык маданиятынын негизинде балдар, тестиерлер, өспүрүмдөр үчүн ар түрдүү жанрларда жазылган адабияттардын санын көбөйтүп, сапатын жакшыртуу;

Мектептен баштап жогорку окуу жайларына, илим изилдөө мекемелерине чейин кыргыз тилин гана колдонуу;

Массалык маалымат каражаттары, маалымат-коммуникация технологиялары (телевидение, радио, кино-мультфилим, гезит-журнал, интернет, уюлдук телефон ж.б.) жааттарында кыргыз тилинин сапаттуу түрдө колдонулушун өөрчүтүү;

Мамлекеттик расмий иш кагаздарын, эл аралык дипломатиялык мамилелерди, чогулуш-отурумдарды кыргыз тилинде тайманбай жүргүзүү;

Иш билги котормочулардын институттарын түзүү, аларда бардык тармактардын тилин кыргыз тилине сапаттуу которуу;

Жогоруда айтылгандар жалпылап айтылган иш чаралар. Физика илими айрым түрдө тактап айтсак:

Физика боюнча кыргыз тилине жазылган же которулган ар бир адабиятты колдоп-кубаттап турушубуз абзел. Анкени бир гана физика эмес жалпы табият таануу илимдерин кыргыз тилине которуу же өз алдынча китеп жазуу мүшкүл иш, бирок компетенттүүлүк менен катуу киришсе мүмкүн иш.

Бул багытта Э. Мамбетакунов, А. Марипов, Т.Карашев, А.Кидибаев, Б. Шаршеев, Т. Айтмурзаев ж.б. сыяктуу физик-окумуштууларыбыздын оозго аларлык эмгектери бар. Бирок плагиат менен компиляциядан сактанып, сапатка дагы орчундуу көнүл бурулушу дагын деле актуалдуу зарылчылык.

Котормо ишинде сөз кууп которбой маанисине көңүл буруп которууга өтүү керек. Антпегенде котормо келегей тилде сүйлөп, орус жана башка тилдердин стилистикасын ээрчип, кээ бир учурларда күлкү келтирээрлик абалда болуп, физикалык мааниси да ката чыгып калат. Буга грамматикалык каталар кошулганда кыргызчасынын деңгээли жараксыз деп айтса болчуудай абалга түшүп кетет. Мындай учурлар жок эмес, бар.

Колго алына турган дагы бир орчундуу иш-бул физикада (башка илимдерде да) жалаң котормо менен отуруп калбай кыргызча өз алдынча китеп жазууга өтүү. Бул ишти эч убакта филологдорго кармата бербеш керек, аткени физика боюнча адис болбогондон кийин алардын колунан келбейт. Бул иш тилди да, материалды да жатык билген, физиканы окутууда көп жылдык тажрыйбасы бар ардагер педагогдордун колунан келет. Илимий даражасына таянып жазыш да опурталдуу. Окумуштуу болгон менен билгенин жеткиликтүү тил менен бере албай калышы абдан эле ыктымал. Тил билиш кесип же илимий даража тандабайт. Түрдүү кесиптеги акын-жазуучулар тарыхта жыш кездешет. «Физиктер-лириктер» демекчи,

андайлар бизде да бар. Төгөрөгү төп келишип калса кандай сонун болоор эле, бирок окумуштуулар тил жагынан көбүнчө чоркок, нонок келишет, анын үстүнө алар окутуу адабияттарын жазууга анча ынтызар болушпайт. Алардын жазгандары илимий тилде болуп, окутууга анча ыңгайлуу болбойт. Буга көбүнчө окутуунун азабын тартышкан жөнөкөй мугалимдер ынтызар болушат. Андыктан аларды тоотпой коюуга болбойт. Ошолорду шарт түзүп, кызыктырып ишке тартып, аларга диссертация жазбаса да, илимий даражаны күмөн санабай берүүнү практикалаш керек. Мындай учурлар дүйнөлүк илимде түзүк эле кездешет.

Албетте, бир макаланын көлөмүндө физиканы ж.б. илимдерди кыргыз тилинде окутуунун бардык проблемаларын камтып чагылдырууга мүмкүнчүлүк жок. Андыктан жогоркудай тыянак-кеңештерди айтуу менен бул макаланы аяктайбыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын окумуштуу физиктери (энциклопедия)
КР ИА нын академиги К.Жээнбаевдин редакторлугу астында, Бишкек, «Бийиктик», 2000.
2.Физика боюнча кыскача энциклопедия, Авторлор коллективи,Ф.,1985.
3.Э.Мамбетакунов, У.Мамбетакунов Физика, 7-класс үчүн окуу китеби, Б. «Билим-компьютер», 2000.
4.Т.Карашев, Э.Мамбетакунов, У.Мамбетакунов Физика, 8-класс үчүн окуу китеби.
5.Т.Айтмурзаев, Электродинамика, Б. «Билим-компьютер»,2006.
6. Т.Карашев, Механика,Ф. «Билим»,1965.

***

Суленов К.Ж, Мурзалиев К, Эгембердиева Р,- ЖАМУ

**Исламды тарбия иштеринде колдонуунун принциптери жөнүндө**

Кыргыз Республикасы көп жылдар бою алгач падышалык, кийин большевиктик Орусиянын таасиринде жана курамында жарандык (светское) секулярдашкан мамлекет болуп калыптанып, эгемендик алгандан берки аз десе да, көп десе да болчудай он сегиз жыл ичинде, ар кандай оош - кыйыштарга карабастан, укуктук – демократиялык коомду куруунун аракети менен келе жатат. Мындай кыйын кезең өткөөл мезгилди баштан кечирип жаткан өлкөнүн келечеги, анын өсүп келе жаткан муундарынын тарбиясынан жана билиминен чукул учурда эле жогорку деңгээлде көз каранды болору өзүнөн – өзү түшүнүктүү болсо керек. Билим берүү жагынан өткөн доордон өксүбөй турган мурас калды десек жаңылышпайбыз. Ал эми тарбия берүү жагынан баардык идеалдардан айрылып калдык, дей берсек жаңылышабыз, себеби жалпы адамзаттык баалуулуктарды идеал кылып алууга болот эмеспи. Жаңы муундардын руханий, адептик, моралдык нормалардагы жүрүш турушун, мүнөзүндөгү оң белгилерди калыптандырыш үчүн кыргыз педагогдоруна мурдагыга караганда эселенген изденүү менен көп күч жумшоого туура келет. Тарбия берүүнүн жаңы парадигмасы бул ишке динди да колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Биз дүйнөлүк диндерди бири болгон исламдын тарбиялык потенциалын учкай айталык дедик, анткени кыргыз эли баардыгы дээрлик мусулманчылыкты карманат эмеспи. Бирок диний эмес коомдо диний маселелерди көтөрүүдө өтө кылдаттык талап кылынат, антпесе бирине жаккан менен экинчисине жакпай, үчүнчүсү кайдыгер калып, түшүнбөстүктөр, карама каршылыктар келип чыгышы мүмкүн.

Исламды тарбия иштеринде колдонуунун педагогикалык регламенти төмөнкү принциптерге негизделиши керек: жарандуулук
( светкость), маданиятка шайкештик, улуттук өзгөчөлүк, маданий көп түрдүүлүк,

гумандуулук жана руханийлик. Бул принциптердин ичинен жарандуулук принципби – исламдын маданий адептик баалулуктарын тарбия иштеринде колдонууда методологиялык негиз болушу зарыл. Жарандуулук принциби дегенде кээ бирөөлөр атеисттик мектепти, кээ бирөөлөр диний тарбия, агартууну кошо берүүчү мектепти түшүнүшөт. «Жарандуулук – светское» деген термин орус тилинде В. Дальдын сөздүгүндө «гражданское», «мирское» дегенди билдирет (ошондуктан биз аны «жарандуулук» деп котордук). С.Ожеговдун сөздүгү «нецерковное» деген маанини кошту, демек жарандык принцип – бул чиркөөдөн (мечиттен) демек динден көз каранды эмес, жашоо турмуштук принцип. СССРдин негизи болгон Орусияда 23 – январь 1918- жылдагы Декрет менен мамлекет, мектеп динден ажыратылган болсо дагы ал чыныгы жарандык коомго айлана албады, анткени алар каардуу (воинствуюүий) атеизмдин расмий саясатын ишке ашырып келген. Айтылгындар СССРдин курамына кирген Кыргыз Республикасына да тиешелүү. Эгемендүүлүк алынган 1991- жылдан баштап Кыргызстан чыныгы жарандык мамлекетке айланды, анткени анда абиир эркиндиги, дин тутуу же тутпоо эркиндиги жарандардын өз ыктыярына берилди. Ошондуктан, жарандуулук принцибин сактап диндерди, исламды да тарбия иштерине колдонууга мүмкүнчүлүк ачылды.

Мамлекетти динден ажыратууга мүмкүн болсо дагы адамдарды ишенимден ажыратууга мүмкүн эместигин убакыт өзү көрсөттү. Жер жүзүндөгү бейишти – коммунизмди куруунун жетимиш ашык убаракерчилик жылдарында « кудай адамды эмес, адам кудайды жараткан» деген дөөдүр принципти мээлерге куюп, ыйык китептердеги баалуу, өтө бай мурастардан куру калтырып, алардан жат кылууга жасалган аркеттерден кийин, адашкан уул атасына кайта келүүгө убакыт жетти көрүнөт. Мектеп менен диндин байланышынын феноменинин натыйжасында азыркы коомдо маданиятты, руханийликти, адептүүлүктү жана моралды динсиз сактап калууга, башкача айтканда дүйнөнү динсиз сактап калууга мүмкүн эмес деген көз караш басымдуулук кылып бара жатканы чындык.

Бир статья эмес, бир нече томдордун ичине баткыс идеялары бар багытка арналган бул тырнактай эмгекти төмөнкү тыянактар менен аяктайбыз:

Дин – бул ар кандай маданияттын, цивилизациянын негизи болуп келген, таң калаарлыктай ыйык, көп кырлуу, түбөлүктүү феномен. Аны айтылып жүргөндөй маданияттын бир тармагы дешке болбойт, тескеринче маданият диндин бир тармагы болуп, андан келип чыккан. Чындап айта келгенде атеизм деле дин, диндин бир тармагы болуп ажыралып чыккан. Ошондуктан жарандуулуктун принцибин бекем сактап динди, айрым алганда исламды тарбия иштерине фанатизм, фундаментализм, эгоизм, сеператизм, экстремизм сыяктуу негативдик көрүнүштөрдүн бетин ачуу, алардан сактануу менен кошо коркпой этпей колдоно берсе болот.

Акырында Ф.Достоевский «Дин болбосо, бир да цивилизация болмок эмес», Л. Сенеканын «Кудайга ишенүү, кудайга ишенбөө сыяктуу эле акылы жоктук», А.Эйнштейндин « Илимге дин, динге илим керек, экөө бирдикте, бирин-бири толуктап адамзатты прогресске алып келет» дешкен. Ушул макаланын авторлорун бири К. Суленовдун « Молдолор интеллигент, интеллигенттер ыймандуу болмоюнча коом оңолбойт» деген пикири менен өз позициябызды билдиребиз.

**Адабияттар:**

1. Спиркин Г.В. Философия. Окуу китеби. М «Гардарика» 2000 ж.
2. Народы и религии мира. Энциклопедия М. 1998 г.
3. Маритен Жак. Знание и мудрость. М. 1999 г
4. Абузяров Р.А, Туева З.А Исламдын башаттары. Уфа 1996 ж
5. Карпеньков М.А КСЕ М. «Гардарика» 2003 г

***

Токоева Г.С. – ф.и.к.,
Шерматов А.О., -улук окут.

**Топчубек Тургуналиев – эгемендүү Кыргыз Республикасынын демократы**

XX-кылымдын 80-жылдарынын аягы 90-жылдардын башы коомдук саясий турмуштагы зор өзгөрүүлөр менен коштолгон. Өткөн кылымдын 80-жылдарынын орто ченинде улуу держава болуп эсептелген СССРде революциялык кайра куруулар башталат, бул биз жакшы билген М.Горбачевдун КПСС БКнын генералдык секретарлыкка келгени менен байланыштуу болуп каралат. Революция “реформа” деген ат менен жогору жактан башталат жана үч ураан менен коштолот: “Айкындык”, “Тездетүү”, “Кайра куруу”. Реформанын негизги максаты – социалисттик коомдук түзүлүшкө түп тамырынан бери реконструкция жасоо жана адамга багытталган социализмди куруу болгон. Иш жүзүндө бул реформа системанын өзүнүн талкаланышына жана өзүнөн өзү кулоосуна алып келди. Бул боюнча посткоммунисттик саясат таануучулар социалисттик системанын кулоосун табигый жол менен болбостон батыштын атайын кызматынын 70-жылдардагы иштеп чыккан сценарийи менен болгонун белгилешет.

М.Горбачев тарабынан сунушталган ураандар негизинен марксистик-ленииндик идеологиянын чегинде жана ага каршы келбеген маанайда болгон. Бирок 80-жылдардын орто чениндеги кризис тереңдеп кеткен жана ал “төмөнкүлөрдүн” колдоосуна ээ болгон. Бирок жүргүзүлгөн реформалар ырааттуу болбой кээ бир учурларда карама каршылыктуу жыйынтыктарды чыгарган учурлар болгон.

Реформанын бирдей эмес, бытыранды жүргүзүлүшү бир эле борбордо эмес чет жакаларда да ар түрдүү ойлорду жаратткан. Натыйжада калктын калың катмарынын активдүүлүгүн пайда кылат. Кыргызстанда да саясий активдүүлүктү жаратып, ачык-айкындуулукту, кыргыз тилинин маанисин жогорулатуу, кыргыз элинин үрп-адатын, рухий баалуулуктарын, тарыхын көтөрүү маселесин кое башташкан. Акырындык менен улутчулдуктун толкуну күчөй баштайт, бийлик структуралары экономикалык жана саясий маселелерди чечүүдө алсыздыгын көрсөткөн.

Мындан сырткары шаарга көчүп келген жаштардын турак жай маселесин чечүү талабы, бирдиктүү мамлекеттик тил маселеси коюла баштаган. Ушундай тарыхый учурда Кыргызстандын өз алдынча мамлекет болуусун талап кылган саясий акциялар уюштурула баштаган.

1989-жылы жазында улуттук кыймыл күч алган. Июнда кыргыз жаштары Бишкектин түштүк чыгышында массалык түрдө жер тилкелерин өз бетинче ээлеп алып, жеке турак жайларды кура башташат. Алар өздөрүнүн маселелерин чечүү үчүн “Ашар” коомуна биригишкен. Акырындык менен бул коом саясий активдүүлүккө ээ болуп, 1989-жылы июлда алгачкы конференциясын өткөрүшкөн. Конференцияга 32 алгачкы уюшулган топтордун эки жүз элүүдөн ашык делегаты катышып уставын кабыл алышкан. Кыймылдын мүчөлөрү, кеңештин төрагасы, аткаруу комитетинин мүчөлөрү бийлик тарабынан кысым көрсөтүүгө дуушар болушкан. Бул коом акырындык менен саясатташып, Кыргызстанда көп партиялуулуктун түзүлүшүнө зор таасирин тийгизген жана улуттук кайра жаралуу мүнөзүндө ишмердүүлүгүн уланткан. Ошентип Кыргызстанда алгачкы саясий мүнөзгө ээ болгон уюм түзүлөт. Бул уюмдун башында кыргыз жаштары туруп республикадагы коомдук саясий абалды аңдап билип жеке пикирлерин билдире башташкан. Уюмдун атынан коюлган максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруунун үстүндө саясий ишмердүүлүктү улантышкан. Ушул эле жылы “Асаба” жана “Атуулдук демилге” улуттук демократиялык бирикмелер түзүлгөн. Бул уюмдар 1990-жылы майда түзүлгөн республикалык

"Кыргызстан демократиялык кыймылынын" (КДК) өзөгүн түзгөн.

Бүгүнкү биз сөз кылып жаткан Топчубек Тургуналиев ушул партиянын негизги уюштурууучуларынан жана партиянын теңтөрагасы болгон. Республикада пайда болгон саясий партиялардын көпчүлүгү ушул КДКнын ичинен калыптанышып, бөлүнүп чыккан. КДКдан биринчи болуп 1991-жылы февралда "Эркин Кыргызстан", 1991-жылы ноябрда "Асаба" улуттук кайра жаралуу партиялары бөлүнүп чыккан. 1991-жылдын 9-10-февралында партиянын уюштуруу сьезди өтөт. Анын пресс-релизинде партия 9 радикалдуу-демократиялык партиянын негизинде түзүлгөндүгү, тоталитардык бийликке каршы экендиги, республикада жашаган элдердин конституциялык укуктары мамлекеттик бийликтен жогору турары, менчиктин ар кандай түрүнө болгон эркиндиктин болушу, менчиктин түрүнө карабастан экономикалык эркиндик жана теңдиктин зарылдыгы белгиленет[1].

"Эркин Кыргызстан" (ЭрК) демократиялык партиясынын негизги уюштурууучусу жана жетекчиси болуп Топчубек Тургуналиев эсептелет. 1990-жылдын башында кыргыз жаштарынын коммунисттик башкарууга каршы күрөштүн жана наразычылыктын формасы катары митингге чыга башташкан. Ошол эле учурда алар турак жай маселесин, кыргыз тилинин ролун көтөрүү маселесин коюшкан. Мына ушундай шартта Топчубек Тургуналиев өзүнүн жеке пикири менен катар жалпы жаштардын идеясын колдоп, саясий ишмердүүлүгүн чоң аренада улантат.

1990-жылы Коммунисттик партиянын жүргүзгөн саясатына каршы туруп, Кыргызстандын өз алдынчалыгын талап кылып, саясий ачкачылыкка чыккан инсан ушул Топчубек Тургуналиев болгон. Мен ал убакта студент кезим. Биздин тарых факультетинде иштеп, бизге сабак берген Тынчтыкбек Чоротегин агайыбыз, Жыпар Жекшеев да саясий ачкачылыкка чыкканы эсимде. Биз студенттер ачкачылык жарыялагандарга күн сайын барып, коюп жаткан талаптарын угуп, мындай акцияга коркпостон, чыгып жатканына таң калганбыз. 1990-жылдын күз айлары саясий окуяларга жык толгон десем да болот. Анткени, 1990-жылдын март айында СССР Эл депутаттарынын III сьезди өлкөдө Президенттик бийликти белгилеген. Мамлекеттик башкаруунун бул формасынын киргизилиши улут аралык мамилелердин өзгөрүшү, плюрализмдин өнүгүшү, көп партиялуулуктун киргизилиши менен шартталган.

1990-жылы 27-октябрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында Аскар Акаев Кыргызстандын алгачкы Президенти болуп шайланат. Ал бийликке жаңыдан келип жатып саясий ачкачылыкка чыккандар жана жаштар менен Ак үйдө жолугушкан. Мына ошол жолугушууда мен катышып күбө болуп калгамын. Ошондо Топчубек Тургуналиевдин сөзгө чечендик жагын, оюн тайманбай сүйлөгөн инсан экендиги мага чоң таасир калтырган. Кыргызстандын Президенти болгон Аскар Акаевге ак батасын берип, демократ адам бийликке келди деп жакшы үмүттөрүн билдирген. Ал демократиялык коомчулуктун атынан Аскар Акаевге ак калпак кийгизип, эркиндиктин символу экендигин белгилеп, демократ киши Президент болгонун айтып, жаш баладай абдан кубанган деп анын жакын адамдары 70 жылдык юбилейинде айтып эскерип жатышат.

Ушундай 70 жашка чыгып жаткан Топчубек Тургуналиевдин өмүр жолу татаал жана мазмундуу деп айтсам жаңылышпайм. Ал 1941-жылы 5-июлда Аксы районунун Тегирмен-Сай айылында туулган. 1965-жылы Москва мамлекеттик маданият институтун бүтүргөн.

1975-жылы Москвада философия адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. 1986-жылы МГУда докторантураны аяктап, доктордук диссертациясын жазып бүткөн, бирок аны коргогон эмес. Бирден бир негизги себеби болуп марксисттик идеология менен идеялык жактан көз карашынын дал келбегендиги болгон. Бул жөнүндө И.Арабаев атындагы КМУнун ректору Т.Абдрахманов Т.Тургуналиевдин 70-жылдык юбилейине карата өткөрүлгөн конференцияда мындай деп айтат: "МГУнун марксисттик-лениндик философия тарыхы кафедрасынын башчысы Косалаповдун мүнөздөмөсү бар экендигин, жана ал

[1] ЭрК. Пресс-релиз // Кыргыз Туусу, 26-июль, 1991-ж.

мүнөздөмөдө Т.Тургуналиев доктордук диссертациясын бүтүрүп, монографиясын тапшырып. Докторантуранын мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу Кыргызстанга кайра кетти”[1] деп жазганын белгилеп көрсөтөт. Демек Т.Тургуналиев философия илиминин өнүгүшүнө салымын кошкон, саясий коомдук иштерди жакшы аңдап билген философ катары бааланууга татыктуу.

Аны педагог катары Москвадан жогорку билимди алып, жаш муундарга тарбия берген тасыккан окутуучу катары да баалоо ашыктык кылбайт. Анткени ал студент кезинде эле 2-курста Москва областындагы Солнечногорск мектебинде мугалим болуп да иштеген.

1975-1980-жылдары опера жана балет театрында директор болуп иштеген жана өз арызы менен ал жерден кетип, пединститутта окутуучулук жана илимий иш менен алектенет, институтта философия кафедрасынын башчысы болуп эмгектенет.

1990-жылдагы саясий ачкачылыкка чыгып жаткан убагында ал философияны окуткан педагог катары белгилүү эле.

Бирок ал 20 жылдын ичинде Кыргызстандын саясий тарыхынын өзгөрүшүнө таасир тийгизе алды. Бул жөнүндө Азимбек Бекназаров мындайча эскерет: “Топчуке жыйырма жылдын ичинде үч ханды алмаштырды. Апсамат Масалиевди ачкачылык жарыялап отуруп кетирди. 1990-жылы Аскар Акаевди алып келди. 2005-жылы Курманбек Бакиевди алып келди. Ал 2010-жылы 7-апрелде кандай болуп кеткенин өзүңүздөр билесиздер. Апрель революциясында Топчукенин ролу абдан чоң”[2].

Топчубек Тургуналиев чыныгы демократ инсан экендигин ошол эле А.Акаевге түз айткан сөзү далилдейт. Ал 1993-жылы 17-октябрда 24 саясий партиянын жана коомдук уюмдардын лидерлеринин А.Акаев менен болгон жолугушуу учурунда анын отставкага кетишин айтып чыгат. Бул анын эркинин күчтүүлүгүн, тайманбастыгынан кабар берип турат. Ушул жылдары Топчубек Тургуналиев саясий турмушка активдүү аралашып өзүнүн принципиалдуу ойлору менен коомчулукта демократ катары таанылган.

Т.Тургуналиев Кыргызстандын мамлекеттик суверенитети жөнүндөгү декларациянын автору болгон жана ал Жогорку Кеңеш тарабынан 1990-жылы 15-декабрда кабыл алынган. Анын ишмердүүлүгүнүн дагы бир жагы Топчубек Тургуналиевдин 1993-жылы кабыл алынган Кыргыз Респубилкасынын Конституциясынын түзүүчүлөрүнөн болгондугу.

Топчубек Тургуналиевдин ысымын бир гана кыргыз эли эмес башка элдер да жакшы билишет. Анткени бул Кыргызстандын чегинен сырткары жакта да демократ катары таанылууга жетишти. Анын күбөсү болуп 1991-жылы Бишкекте түзүлгөн Орто Азия демократиялык Конгрессинин төрагасынын милдетин аткарып келгендиги.

1995-жылы Т.Тургуналиев демократиялык Кыргызстандын саясий туткунуна кабылат. Ошол мезгилден бери ал Эл Аралык Мунапыс (Амнистия) уюму тарабынан “Абийир туткуну” деген наамды үч жолу алат.

1995-жылы 22-декабрда Жумагазы Усупов менен бирге М.Шеримкуловдун пайдасына агитация жүргүзүү мезгилинде “жазуу жүзүндө ушак”, “жазуу жүзүндө инсандыгына доо кетирген”, “атайылап улуттук араздашууну пайда кылган” деген шылтоолор менен камакка алынат.

1996-жылы 17-29-апрелде Каракол шаарында сот болуп, шарттуу түрдө бир жылга соттолот. Мына ушундай кырдаалга карабастан ал өзүнүн саясий ишмердүүлүгүн уланта берет.

1996-жылы 17-декабрда пенсионерлерге пенсиясын жогорулатуу маселеси менен премьер-министр Апас Жумагуловго жолугуп, чыгып кеткенден кийин Бишкек шаарында убактылуу кармоочу жайга камалат. Бул учурдагы кармалуусуна шылтоо болуп университеттеги ректор мезгилиндеги ишмердүүлүгүнө карата каралып, токтотулган иш кайра козголот. Натыйжасында аны 1997-жылы 8-январда Бишкек шаарынын соту 10 жылга

[1] Сиз баатырсыз, Топчуке // Кыргыз Туусу, 11-ноябрь, 2011-жыл
[2] Сиз баатырсыз, Топчуке // Кыргыз Туусу, 11-ноябрь, 2011-жыл

эркинен ажыратат. Бул иш боюнча Жогорку сот 1997-жылы 18-февралда кайра карап, анын жаза алуусун 4 жылдык мөөнөткө эркинен ажыратуу чечимин чыгарат. Т.Тургуналиев 1184 күн абактарда жатат.

2000-жылы дагы 16 жылга эркинен ажыратылат. 2001-жылы гана эл аралык жана республикалык коомчулуктун талабы менен абактан бошотулат.

Топчубек Тургуналиев Аксы окуясын иликтөө боюнча көз карандысыз комиссияны түзүүнүн демилгечиси жана ошол комиссиянын жетекчиси болгон. Ал 2005-жылдагы март революциясынын да активдүү катышуучуларынан. Биз баарыбыз жакшы билебиз март революциясы Жалал-Абад жергесинен башталган. Мына ушул куттуу жерге Топчубек Тургуналиев келип элдин алдына чыгып сүйлөп, элдин негизги мүдөөсүн айтып турган. Ушул жерде өткөн курултайга келген К.Бакиев, А.Бекназаров, И.Болжурова, Р.Отунбаева менен чогуу курултайда сүйлөп А.Акаевдик бийликти сындаган.

Бул революциянын натыйжасында А.Акаевдин бийлиги кулап, Кыргызстандын тарыхында чоң өзгөрүүлөр болгон. Курманбек Бакиевдин бийликке келишинде да бул инсан чоң роль ойногон. Курманбек Бакиевдин Президенттик башкаруу мезгилинде коомдук саясий иштерге аралашып жүрүп ага карата өзүнүн оюн ачык айтып турган. 2006-жылы түзүлгөн конституциялык реформа боюнча жумушчу топтун курамында болуп Т.Тургуналиев өз салымын кошкон. К.Бакиевдин башкаруу мезгилинде өз позициясында бекем турган, бетке чабар тайманбас инсан экендигин көрсөтө алды. Ошол эле учурда үй бүлөлүк башкаруунун бийлигинен бошонууда Т.Тургуналиев чоң роль ойногон.

Бул жылдары Топчубек Тургуналиев "Эркиндик" партиясындагы санаалаштары менен Башмыйзамдын эң кыска долбоорун элге сунуштаган.

2010-жылдын апрелинен тартып Убактылуу Өкмөттүн курамында болгон жана саясий иштер боюнча Президенттин кеңешчиси болгон. 2010-жылдын июль айында Т.Тургуналиев "Революцияны коргоо жана мамлекеттик бийликти тазалоо боюнча" уюштуруу комитетин түзүү жөнүндө айтып чыкканы баарыбызга маалым. Акыркы жылдарда Т.Тургуналиев титулдук улут жөнүндөгү мыйзамдын долбоорун жана улуттук идеология жөнүндө да өзүнүн пикирин айтып келүүдө. Анын пикиринде "Манас" эпосу кыргыздардын улуттук идеологиясынын негизи болуш керек. Мындан сырткары Т.Тургуналиевдин көз карашы боюнча улуттук диаспоралар жөнүндөгү мыйзамда Кыргызстанда жашаган бир дагы улуттук топтор автономия алууга укугу жок, ал эми "Мекендештер жөнүндөгү" мыйзам боюнча мекенден сырткары жашаган кыргыз элинин укугун коргоо зарыл.

Топчубек Тургуналиевдин ушундай идеялары коомчулук тарабынан ар түрдүү пикирди жаратууда. Биздин оюбузча мындай ар түрдүү пикирди жарата турган идеяны сунуштагандын өзү эле көп нерсе жөнүндө кабарлап турат. Бул болсо жаңы пикирдин пайда болушуна жана аны коомчулук талдап, Кыргызстан үчүн оң мааниге ээ болгон прогрессивдүү маанайларды жарата тургандыгына шек жок.

2011-жылдын 1-сентябрынан бери "ААК РСК" банктын директорлор кеңешинин мүчөсү болгон Т.Тургуналиевдин эмгеги баалана баштады десем да болот анын күбөсү болуп 1-баскычтагы "Манас" ордени менен сыйлангандыгы.

Сөзүмдүн аягында муну айтмакчымын Кыргызстаныбызда Топчубек Тургуналиевге окшогон мекенчил, өз принцибинен тайбаган, демократ инсандарыбыз көп болсун, мекенибиз тынчтык күндө өнүгүп, ушундай инсандарыбыз жаштарды тарбиялоого салымын кошо берсин. Топчубек Тургуналиев 70 жашка чыгып отурса да К.Исаев айткандай "демократияны коргоо, жайылтуу боюнча баатыр" бойдон каларына ишенем.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алгачкы ачкачылык жарыялаган инсан. // Эркин тоо, 2011-жыл 18-ноябрь
2. Введение в истории кыргызской государственности. – Бишкек, 2003. -240 с.
3. Кыргыз туусу, 2011-жыл 11-ноябрь

4. Кыргыз туусу, 2011-жыл 1-ноябрь
5. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы. – Бишкек, 2003. –564 б.
6. Чотонов У. Суверенний Кыргызстан: выбор исторического пути. – Бишкек, 1995.
7. Элебаева А., Бешимов Б. Современные гражданские движения в Кыргызстане: Аналитический обзор // Гражданское движение в Кыргызстане. – М., 1991.

***

**УДК: 37. 013. 3**
**Т51**

Токтогулов С. - д.п.н., и.о. проф. ЖАГУ,
Разаков М. - ст.преп. Жалалабдский колледж.

**Формирования здорового образа жизни студентов – как один из подходов модернизации содержание обучения физического воспитания в колледжах Кыргызской Республики (на примере педагогических специальностей)**

Современные социальные изменения в экономической и духовной жизни в Кыргызстане, преднявляют новые и высокие требования к образовательной системе в колледжах по качественной и профессиональной подготовке к здоровому образу жизни студентов.

Но как оказалось,что специальная профессиональная подготовка студентов в современных колледжах осуүествляютя с недостаточно отведенными учебными нагрузками для физического воспитания, где в этой связи, требуется ввести изменения и в организции учебного и внеучебного процесса и дидактичеки обоснованных новых дисциплин.

Такой поход физического воспитания в колледжах не только сформировали бы здоровому образу жизни студентов, но и детально информировали бы различных оздоровительных видах спорта способствуюүие их пожизненному занятию.

В этой связи, если идея Бекбоева И.Б.[1] заключается в том, чтобы ориентировать образовательного процесса на личность, то это положение нами рассматривается с точки зрения здоровьесбережения студентов

Физическая культура – часть обүей культуры, совокупность специальных духовных ценностей способов их производства ииспользования в целях оздоровления людей и их физических способностей [3].

Физическая культура человека(индивидуума) рассматривается как процесс овладения знаниями, умениями и навыками воспитательной, учебной, оздоровительной, рекреакционной деятельности для последуюүего использования в процессе самосовершенствования, и как результат-уровень физического здоровья благодаря своему желанию, знаниям, здоровому образу жизни и двигательной активности[4].

В целом под физическим воспитанием понимается, как вид воспитания, специфическим содержанием которого являются обучение движениям, физических качеств, овладение специальными физкультурными знаниями и формирование осознанной потребности в физкультурных занятиях[7].

В нашем понимании,формирования здорового образа жизни студентов – этодидактически обоснованная и своеобразная форма организации учебного и внеучебного процесса студентов, где в единстве предусматривается их проведения, которые способствуют к пониманию студентов о необходимости ежедневного тренинга по одной из видов оздоровительного спорта на протяжения всего жизненного периода, без вредных привычек.

Однако педагогический процесс в колледжах недостаточно подготовлена к

таким требованиям, где ограничиваются в основном с дисциплинами профессионального направления. Это обусловлено тем, что традиционные учебно-нормативные документы в основномприменяются, по сей день без достаточного учѳтасостояния здоровья студентов.

По суүеству, по возрасту студенты в колледжах это те же школьники старших классов в обүеобразовательных школах. И это дает основание применять отдельные подходы здоровьесбережения

С. Токтогулова для студентов в колледжах[5]. В этой работе автор в свою очередь опирается на методическую систему известного педагога-новатора Шаталова В. Ф. [6], где педагогический процесс организуется так, что выходными являются четверг и воскресенье.

В этом контексте, нами полагается, именно в четверг необходимо минимизируя количество занятий, необходимо дополнительно организовть работы кураторов, где содержания их работ будут ориентированы для формированию здорового образа жизни студентов.

Ибо, в нашем интерпретации, сформировать у студентов в колледжах здоровый образ жизни становятся возможным, если педагогический процесс осуүествляется в три этапа(см. Рис. 1.):

**Модель учебного и внеучебного процесса в формировании здорового образа жизни студентов в колледжах КР**



**Рис. 1.**

- внеучебное время является как подготовительным этапом к проведению занятий по физическому воспитанию преподавателя, где со стороны тренера студентам предлагается освоение техники двигательного действия и комплекс приемов по отдельным видам восточного единоборства;
- занятия проводятся совмеүенными с гимнастикой и дыхательной гимнастикой(цигун), силовой гимнастикой(мальчики) аэробикой(девочки) и тд;
- предлагается студентам виды занятий в спортивных секциях.

Такой подход организации педагогического процесса в колледжах способствует двухкратному увеличению времени для физического воспитания за счет четверга и повышению ответственности совместной работы преподавателя и кураторов групп, также и заместителя по воспитательной работе.

Внеаудиторные занятия нами рассматривается, как одна из структурных единиц, т.е. составляюүая физического воспитания студентов для формирования здорового образа жизни студентов, где последовательно планируется и проводятся со стороны кураторов групп и преподавателя лекции и беседы:

- о личной гигиене;
- о вреде алкоголя и спиртных напитков, которые связаны с проблемами детерождения с участием нарколога и зав. отделениями акушерского отделения горбольницы;
- гастроэнтерологом горбольницы о функции желудочно-кишечного тракта и правильном питании;
- по теоретическим вопросам карате-до, айкидо, дыхательной и атлетической гимнастики с участием их тренеров по видам спорта.

В этих условиях реализуются в едином режиме проведения аудиторных и внеаудиторных занятий, которые не только приводят к здоровесбережению студентов, но и будут способствовать их занятию с любимым видом спорта в спортивных секциях.

При этом, почему не были использованы различные виды фитнеса, которые преследуют те же цели? Это обңясняется тем, что во-первых, для чего придется использовать дорогостояүие оборудования и специальные станки, во-вторых тренеры восточного единоборства тренирют молодежь рядом.

Таким образом, в нашем понимании, занятия физического воспитания в колледжах и занятия в секции по видам спорта, также и внеаудиторные занятия кураторов, которые рассматривается в комплексе в четверг, где проводятся минимальные занятия, за счет которых реализуются внеаудиторные занятия, что могут являться основой для формирования здорового образа жизни студентов. Вместе с тем, студенту информируют о том, что примерно до 25-летнего возраста большинство морфологических показателей увеличивается в размерах и совершенствуются функции организма. До 45-50 лет физическое развитие имеет стабильном уровне. В дальнейшем функциональная деятельность постепенно ослабевают и ухудшаются[7].

Все это в конечном счете, могут закладывать фундамент для пожизненного занятия студента одним из видов оздоровительного спорта, что могут привести массовому оздоровлению населения.

В этой связи, как мы полагаем одним из подходов модернизации содержания обучения физического воспитания может являться разработка дидактических и организационных основ формирования здорового образа жизни студентов в колледжах Кыргызской Республики.

Отсюда следует, что проблемы формирования здорового образа жизни студентов в колледжах сводится к проблемам изменения подходов к программам структурных единиц содержания обучения, для чего нами планируются дидактически обоснованные дополнительные дисциплины включить в состав спортивных видов игр, не выходя за пределов, в рамкахсууествуюүих обүих учебных нагрузок

отведенные для физического воспитания в колледжах.

**В этой связи, нами впервые осуүествлена попытка обобүения теоретических и прикладных исследований, направленных на формированииздорового образа жизни студентов в колледжах, которые могут способствовать к установлению сбалансированного соотношения учебных нагрузок между предпрофессиональными, профессиональными дисциплинами и с дисциплиной “Физическое воспитание”.**

Не разработанность данной проблемы приводитк противоречию между необходимостью разработки дидактических и организационных основ формирования здорового образа жизни студентов в колледжах Кыргызской Республики и отсутствием ее научно-педагогических основ в реализации адекватные к социальным изменениям, происходяүим в экономической и духовной жизни Кыргызстана, где в реальных условиях требуются подготовить к жизни физически здорового, духовно зрелого, нравственно устойчивого, профессионально подготовленного молодого поколения.

### Использованные литературы:


1. Бекбоев И.Б. Ориентация на личность: Пути совершенствования обучения. - Бишкек, 2000.-205с.
2. Деминский А.Ц. Основы теории и методики физического воспитания: Донецк, АО Курамшина Донеччина, 1986 – 366с.(15)
3. Матвеев Л.П. Теория и методика физ.культуры. Введение в предмет:учебник для высших физкультурных учебных заведений / Л.П. Матвеев. – 4-е изд.-М.:Лань, 2004. -160с.(4)
4. Теория и методика физического воспитания: учеб. для ин-тов физкультуры / Матвеев Л.П. и др. / под ред. Л.П. Матвеева, А.Д. Новикова.-М.: Физкультура и спорт. 1976. Т.1. -304с.(5)
5. Токтогулов С.Т. Научно-педагогические основы здоровье сберегаюүего обучения школьников в обүеобразовательных школах Кыргызской Республики (Монография). - Бишкек: Изд. Бийиктик. - Бишкек: 2008, -230с.
6. Российская педагогическая энциклопедия, М.;1999, с.574
7. Харабуги Г.Д. Теория и методика физического воспитания. Изд. 2-е, дополн. Учебник для техникумов физической культуры. М., “Физкультура и спорт”, 1974.-157с.(11)


***

Шамшиев Р.К.- ф.и.к., доцент

### Илимдеги улуулукту жөнөкөйлүк менен түшүндүргөн устат.

Мезгилинде кыргыздын белгилүү, философ окумуштуусу, академик А. Салиев өзүнүн «Мурас» аттуу эмгегинде мындай деп жазган жери бар «Калыптанып калган ар бир элдин арасында илгертен бери эле дүйнөнүн, коомдук турмуштун түйүндүү маселелерине карата ой жүгүртүп, жалпы жобо же эреже катарындагы керемет сөздөрдү жаратуу тажрыйбасы орун алып келген. Цивилизацияга аралашып, жазма маданиятка ээ болгон көп өлкөлөрдө ошол багыт өнүгүү жолуна өткөндө жалпы жоболорду өзүнчө ыраатка салып, теория түзгөн адамдар китептерин чыгарышкан, философия илимине жол ачышкан. Ал эми андай маданиятка жетишпеген көчмөн калктарда философиялык теориялар түзүлө албаса да, жалпылоо багытында ой жүгүртүүлөр эч качан өксүбөй, ооз жүзүндө толук улантылып келе

берген. Андай адамдар акылмандар, улукмандар, даанышмандар делип аталышкан.

Демек, биз ушундай бийиктикте туруп жөнөкөй адамгерчиликти тааныткан профессор агайыбыз Ш.М. Ниязалиевди да даанышман, улукман деп атоого толук мүмкүнчүлүк бар.

Анткени, агайдын көпчүлүк эмгектеринде негизги маселе болуп, адам маселеси, анын социалдык абалы, ой жүгүртүүсү, дүйнөтаанымы эсептелет. Адам жаралуусунан таза жаралат. Ал коомдо, чөйрөдө өзүнө керектүү жана кээде керексиз нерселерди да кабыл алат.

Алгач келген күндөн баштап Жалал-Абад мамлекеттик университетине анын ичинде шаардын элине өзгөчө илим, маданият өтө зарыл экендигин даана байкап, аны жаратууну жана жайылтууну өзүнө милдет кылып алган. Анын бир мисалы катары өзүбүздүн, кесиптештердин, элдин жүрүм турумунунун өзгөрүүсүнөн жана илимге болгон кызыгуусунан байкоого болот. Айтылган ийгиликтерди агай жөнөкөй адамгерчилик маанайы менен жарата алды деп айтсак туура болчудай. Анткени, агай кайсыл жерде болбосун адамдарга өзүнүн улукман сөзүн айтып, (кафедранын жыйынына өтүгүңдү тазалап, галстук тагынып кел) деп,- далай окутуучуларды уялтып турчу.

1995-жылы январь айында Жогорку Кеңешке шайлоо болуп, ректор У.Н. Бримкулов баш болуп талапкер катары аттанышкан жана катталышкан. Бирок, тилеке каршы эч кимиси шайлоодон татыктуу добуш ала алган жок. Жыйынтыгында окуу жайга кайра келишкен, бул мезгилде кышкы сессия жүрүп турган ар кандай туура эмес маалыматтардын пайда болушунан ректорат тарабынан таяк жегенбиз. Ошондо да агай өз оюн ачык айтып, келечекте ушул балдар университеттин керектүү илимпоз - окутуучулары болушат деп көрөгөчтүк сөзүн белгилеп айткан.

Профессор, Ниязалиев Шайлообай Мамасалиевич 1938-жылы 12-декабрда Токтогул районуна караштуу Ак-Тектир айылында жарык дүйнөгө келген.

1960-1965-жылдары Кыргыз малекеттик улуттук университетинин «Тарых» факультетинде окуган.

1965-1971-жылдары Фрунзе политехникалык институтунда окутуучу болуп иштеген.

1971-жылы Ленинград мамлекеттик университетинин аспирантурасын ийгиликтүү аяктап, кандидаттык диссертациясын коргогон.

1987-1990-жылдары Ленинград мамлекеттик университетинин докторантурасында окуп, 1990-жылы докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактаган.

1990-1993-жылдары Кыргыз архитектура жана курулуш институтунун коомдук илимдер кафедрасынын профессору, кафедра башчысы болуп иштеген.

1993-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетине атайын чакыруу менен келип, «Коомдук-гуманитардык илимдер» кафедрасын жетектеген.

2003-2007-жылдары Социалдык-гуманитардык факультетинин деканы болуп иштеген.

Жалал –Абад мамлекеттик университетинде иштеген 15 жыл ичинде агай жалгыз дипломдуу профессор катары окуу жайдын түптөлүшүнө үзүрлүү чоң салым кошо алды. Анткени, агай аспирантуранын ачылышына түздөн-түз салым кошуп өзүнүн философиялык мектебин түзүп кетти десек жаңылыш болбос. Устаттын жетекчилиги менен 8 кандидаттык диссертация корголгон. Алар алтоосу Жалал-Абад мамлекеттик университетинин аспиранттары. Алар, Шамшиев Р.К., Токоева Г.С., Сүйүналиева Э., Атамурзаева Г., Токтогулова Г.Т., Мамадалиев А. эле.

Жогорку квалификациядагы илимий адистерди ийгиликтүү даярдагандыгы жана республикалык жогорку окуу жайларында үзүрлүү эмгегин жогору баалап, 2000-жылы агайга «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» деген ардактуу наам берилген.

Ниязалиев Ш.М. өзүнүн эмгекчилдиги, тактыгы, өз кесибинин татыктуу ээси, бийик адамгерчилиги менен эл арасында чоң кадыр баркка ээ болгон.

Агай философ-агартуучу катары белгилүү философтор Т.Аскаров, О. Тогусаков, А. Исмаилов, Ж. Жаныбеков, Ш. Базарбаев ж.б. бирге бир топ жаңы багыттагы идеяларды киргизишкен. Ал идеялар бүгүнкү күндө жаштарды тарбиялоодо жана окутууда өз

жемишин берүүдө. Айтылган ойлор жаштарды мекенчил болууга, улууну урматтоого, кичүүнү ызаттоого чакырган.

Жаратылыштын мыйзамы ушунчалык каттуу беле бүгүнкү күнү жогоруда биз белгилеп өткөн агайларыбыздын көбү арабызда жок. Алар, А. Исмаилов, Ш. Базарбаев, Ж. Жаныбеков. Агайыбыз ушул агайлар менен тирүүлүктө катарлаш жүрүп, эми наркы дүйнөдө да катарлаш жүрүүгө шашып кеткендей. Ошентип, өзүңүздөргө маалым болгондой кыргыз философиясы акыркы эки жылда аябай чоң жоготууга учурады.

Убагында Таластан чыккан агартуучу Үмөт молдо мындай деп айткан жери бар. «Адамга санак жашты- кудай таала берет, билим жашка адам болуп жаралгандан кийин ар бир инсан өзү жетүүгө аракеттенүүсү керек. Кудай улуу кудурети менен тубаса билим жаш берип койгон көкүрөгү таза, таланттуу, адилет, илимдүү адамдар да болот, бирок ага дүйнөлүк маанидеги ар түркүн илим билимди кошкондо, ал киши эли-журту үчүн көп ишти аркалап берер улуу инсандыкка жетет». Демек, агай да жогоруда белгиленген касиеттерди жаратып бере алды десек болот. Анткени, агайдын да кудай берген санак жашы токтоп, билим жашы биз менен калды.

Эзелтен, тирүүлүк—адамга кубаныч, күлкү, жигер үмүт тартууласа, өлүм—адамга күйүт, коркунуч, ый, өксүү алып келүүчү жаратылыштын эч ким, эч качан өзгөртө алгыс мыйзам ченемдүү улуу күчү турбайбы. Өлүм, жалпыбыз аздектеп, керек болсо башыбызды ийген сулуулукту, күчтүүнү, атак-даңкты, байлыкты, генийди, бийликти да аябайт экен.

Адамзат тарыхы жылдыз толгон көк теңир болсо, анын түңкү жарыгын күчөтүп, нурун жерге төгүп берүүчүлөр байыртадан билимдүү адамдар болуп келген экен. Агайыбыз да ошол билимдүүлөрдүн бири.

Чынында, устат илимдеги улуулукту жөнөкөй турмуштук диалектикалык түшүнүктөр менен калктын калың катмарына жеткирүүгө аракет кылган. Демек, агай өз өмүрүн керектүү илим-билим алуу багытына жумшап, көптөгөн жаштарды илимдүү адам ким экендигин таанытып, артына жакшы сөз калтырды.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. А. Салиев – «Мурас» - Бишкек, Кыргызстан – 1990ж.
2. К. Жусупов – Кыргыздар. Бишкек – 1991ж.
3. М. Иманкулов – Кыргызстан тарыхы. Бишкек – 1998ж.
4. Э. Үмөтов – Үмөт молдо. Бишкек – 2001ж.

***

**УДК: 124.5:316.3 (0.43.3)**

Шарипова Э., Кедейбаева Ж., Эркебаев Э. - ОшТУ

## Жаштардын баалуулук багыттарынын жаңы геосаясий мейкиндиктеги өзгөчөлүктөрү

Азыркы геосаясий мейкиндикте мурда калыптанып калган жашоо ишмердүүлүгү өзгөрүп, адамдын ички дүйнөсү, анын коомдун мүчөлөрү менен болгон мамилелер системасы татаалдашууда. Жаңы социалдык-экономикалык жана саясий маданиятка ыңгайлашуу зарылдыгы индивиддин психологиясында да тиешелүү өзгөрүүлөрдү пайда кылган. Социумда индивидуализм философиясы жана психологиясы тез өнүгө баштаган, анда негизги орунда уруунун, топтун, элдин кызыкчылыгы эмес, индивиддин жеке кызыкчылыгы турат. Бүгүнку экономикалык шарттар базар экономикасына мүнөздүү тенденцияларды калыптандырат, ага көпчүлүк учурда салттуулук жана ага ылайык келген психологиялык тип ыңгайлаша алган эмес. Бул кырдаалда жүрүм-турумдун бекемделип жаткан стандарттары салттуу стереотиптер, баалуулуктар менен дал келбей калган; натыйжада мындай абал коомду бузуп, белгилүү психологиялык чыңалууну пайда кылат. Акырында жалгыз эле мурунку

экономикалык тартип таныльбастан, аны менен байланышкан бардык нерселер, адаттар, баалуулуктар, ошондой эле көпчүлүк адамдардын жашоо образы да четке кагылат. «Базар экономикасынын эфемердүү табияты ишенимдүүлүк, айкөлдүк сыяктуу социум тарабынан колдоого алынган мүнөздөргө терс таасирин тийгизип, эгоисттик жүрүм-турумду тандап алууга өбөлгө түзөт[1]» .

Эгерде мурун инсан топтун нормаларын жана баалуулуктарын колдогон салтка таянса, Кыргызстанда реформалардын башталышы менен индивидуалисттик принциптерди жана баалуулуктарды биринчи орунга койгон инсан басымдуулук кыла баштаган. Бул жагдайда В.И. Кумсков мындай дейт: «Жеке менчик базасындагы экономикалык эркиндик эч кимдин тагдыры, кызыкчылыгы менен эсептешпей туруп, өзүн-өзү тобокелдикке салып аракеттенүүнү, өзү үчүн өзүнүн гана күрөшүүсүн билдирет[2]».

Тарыхый көз караштан алып караганда өтө тез убакытта коомдук - экономикалык формациянын алмашышы, республиканын калкынын ар кандай топторунун билим деңгээлинин түрдүүлүгү, алардын жаш курагынан, этникалык өзгөчөлүктөрүнүн, жашоо аймагынан кнз каранды болгон ыңгайлашуусунун ар кандай даражасы – ушулардын бардыгы кыргызстандыктардын аң-сезиминде салттуу, советтик жана постсоветтик типтеринин аралашуусун пайда кылды[3]. «Массалык аң-сезимде коомдук маанилүү процесстер, кубулуштар жөнүндө карама-каршылыктуу стереотиптер пайда болгондо социалдык таанып-билүүгө күч келет[4]».

«Туура дүйнө жөнүндө так элестүү жана образ болбогон учурда, базар экономикасында карама-каршылыктуу мүнөздөр басымдуулук кылганда, массалык жана индивидуалдык аң-сезимде баалуулуктук дезориентация менен шартталган татаал проблема келип чыгат. Баалуулук багыттарынын, маданияттын түпкү элементтеринин колдонуудан чыгышы трагедиялуу мүнөзгө ээ, анткени мындай кырдаалда мурунку муундар аралык аларга көндүм болгон дүйнөкөрүм менен дүйнө сезүүнүн ортосунда байланыш үзүлөт[5].

Баалуулуктар системасы индивиддин ички дүйнөсүндө, ошондой эле этностун массалык аң-сезиминде туруктуулукка, консервативизмге ээ болгондугуна байланыштуу өзгөрүлүп жаткан кырдаалга кыйынчылык менен ыңгайлашат. Натыйжада жаңы менен эскинин ортосунда синтез жүрүп, архаикалык элементтер жаңы тарабынан сүрүлүп, четке чыгарылат.

Анкеталык суроолор көрсөткөндөй, кыргызстандык жаштар үй-бүлөө, достук, ден-соолук, материалдык жетишкендик сыяктуу баалуулуктарды биринчи орунга коюшат. Ошону менен катар эле турмушта ийгиликке жетишүүнүн жаңы өбөлгөлөрү кеңири жайылууда (экономикалык демилге, ишкердик, жеке ишканаларды түзүү жана башкалар).

Бирок көпчүлүк жагдайларда азыркы жаштардын жашоо негиздемелери жана баалуулук багыттары туруксуз жана бир жактуу экендиги көрүнүп турат. Базар мамилелеринин кеңейиши жаштардын баалуулуктар системасына белгилүү деңгээлде терс таасирин тийгизип, прагматизмдин калыптанышына жана акчага болгон кызыгуунун артышына алып келди. Келечекке карата батыш жана менталдык көз караштардын айкалышы жаштардын аң-сезимин мүнөздөөчү негизги факторлордун бири болуп саналат[6].

Ошону менен бирге жаңы муундун бир топ социалдык сапаттары көңүл бурууга татыктуу. Билим алууга умтулуу, кадыр-барктуу кесипке ээ болууга аракет жасоо, чыгармачыл эмгекте өзүн реализациялоо, максатка умтулуу, жеке өзүнүн күчүнө жана

---

[1] Фенько А.Б. Дети и деньги: особенности экономической социализации // Вопросы психологии, 2000. - №2. – 97-б.
[2] Кумсков В.И. Рыночный переход в прямом и непосредственном восприятии. – Бишкек, 2006. – 126-б.
[3] Курманов З. Особенности социального поведения и исторического сознания. – Бишкек, 1997.
[4] Андреева Г.М. Психология познания. – М., 1999.- 220-б.
[5] Стамова Р.Д. Личность в современном мире.-Бишкек, 2008.-148-б.
[6] Караёыз: Айтбаев А. Менталитет кыргызского народа как объект философского исследования. Дисс.... д-ра филос.наук: 09.00.11. – Бишкек, 2007. – 14-16 беттер

ийгиликке жетишине ишеним сыяктуу сапаттар жаштарга келечектин потенциалдуу субңектиси катары болгон ишенимди арттырат.

Азыркы Кыргызстандын коомдук турмушундагы өзгөрүүлөр, тагыраак айтканда, коомдук мамилелердин өнүгүшү, экономикалык, саясий жана социалдык-маданий чөйрөнүн өсүшү баалуулук багыттарынын, нравалык парадигмалардын алмашышына алып келди. Аталган процесстер коомдун негизин аныктаган детерминанттардын, башкача айтканда мотивдердин, керектөөлөрдүн жана кызыкчылыктардын глобалдуу түрдө өзгөрүшү менен коштолууда.

Көптөгөн батыш өлкөлөрүнүн баалуулуктарынын динамикасынын негизги мүнөзү катары индустриалдык коомдун баалуулуктарынын маанисинин төмөндөшүн жана постиндустриалдык коомдун гуманисттик баалуулуктарынын мазмунунун жогорулашын кароого болот. Бул процесс биздин коомдун баалуулуктарынын абалына да белгилүү таасир тийгизет, ошол эле учурда социумдун коомдук - экономикалык, саясий жана маданий өнүгүүсү баалуулуктардын жаңы системасынын калыптанышына шарт түзөт.

Баалуулуктар социалдык институттардын аракеттенүү механизмин жана коомдук байланыштарды аныктоого мүмкүндүк түзгөн каражат катары изилденет. Баалуулук – адам баласы үчүн зарыл, керектүү болгон материалдык жана руханий обңектилер. Аксиологиялык негиздемелерди классификациялоонун негиздемелери болуп адам ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү, баалуулуктардын жалпылыгынын жана универсалдуулугунун даражасы, ошондой эле формалары жана башкалар эсептелет.

Жалпы коомдун баалуулуктарынын динамикасын социалдык топтордун, жеке инсандардын баалуулук багыттарынын өнүгүшүнүн натыйжасы катары кароо максатка ылайыктуу. Ошол себептүү түрдүү муундардын, айрыкча динамикалык топ катары белгилүү болгон жаштардын баалуулуктарын изилдөө актуалдуу мүнөзгө ээ. Жаштардын аксиологиялык багыттарына болгон кызыгууну төмөнкү жагдайлар менен түшүндүрүүгө болот: жаштар келечекте негизги өндүргүч күчкө жана потенциалдык интеллектуалдык, саясий, экономикалык, маданий элитага айланат, демек, алардын баалуулуктары жалпы коомдун багыттарын, массалык пикирин аныктайт.

Социалдык жүрүм-турумдун жөнгө салуучусу катары баалуулуктар адамдарга жүрүм-турумунун жеке парадигмаларын, жашоо образын калыптандырууда жана ишке ашырууда бир топ өз алдынчалыктарды берет. Ошондуктан, социалдык баалуулуктардын аракети субңекттин өз керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын ишке ашырууга багытталган ички умтулуусу катары көрүнөт[1]. Баалуулуктук мамиле обңективдүүлүк менен субңективдүүлүктүн, сезимдик менен рационалдуулуктун, инстинктивдүүлүк менен аң - сезимдүүлүктүн, биологиялык менен социалдыктын биримдигинен куралат. Баалуулуктардын негизи болуп тигил же бул максатка багытталган ишмердүүлүк катары белгилүү болгон практика эсептелет. Баалуулуктардын булактарын адамдардын аң-сезиминен эмес, социалдык практикадан, коомдук эмгектин натыйжасынан издөө зарыл.

Азыркы коомдун жаштарында саясий, укуктук жана нравалык маданиятты айкалыштырган баалуулук багыттарын, ошондой эле жаңы макроэкономикалык мамилелер шартында демилге, ишкердик, активдүүлүк, эмгекчилдик сыяктуу сапаттарды, татаал социомаданий кырдаалда кыйынчылыктарга туруштук берүү сыяктуу касиеттерди өнүктүрүү зарыл. Бүгүнкү кыргызстандык жаштар динамикалык өзгөрүүлөрдүн субңектиси болууга жөндөмдүү муун катары көз караштардын жаңы системасынын мүнөзүн өзүнө айкалыштыра алабы? Цивилизациялык келечекке карай кадам шилтөөдө өзүнүн улуттук социалдык руханий идеалдарын, нравалык баалуулуктарын жана маданий салттарын жоготуп албайбы? деген суроолор мезгилдин актуалдуу маселесине айланууда. Демек, коомдук өнүгүү процессинде базистик негиздемелер жана баалуулуктар кайра бааланып, субңекттердин жүрүм-турум, ой

---

[1] Караңыз: Соколов А.В. Ценностные ориентации постсоветского гуманитарного студенчества // Социол.исслед.-2003. №1.-115-123-б;Социальные и гуманитарные науки. - 2005. № 1. – 35- бет.

жүгүртүү нормаларынын, үлгүлөрүнүн тынымсыз модификацияланышы ишке ашып, өзгөрүп туруучу социалдык шарттарга карата ыңгайлануу деңгээли жогорулоодо.

Коомдук пикирдин натыйжалары көрсөткөндөй, жаңы экономикалык мамилелерге өтүү бир жагынан жаштардын баалуулук багыттар системасындагы жогорку билимдин ролун актуалдаштырса, экинчи жагынан, студенттердин окуу процессине, кесибине карата мамилесин, окууга кирүү мотивин өзгөртүүдө. Кыргызстандын өнүгүү процессинин азыркы баскычында жаштардын этникалык өздүк аң-сезиминин маанилүү индикатору болгон этникалык өздүк идентификациясын аныктоо негизги маселелердин бири болуп саналат. Жаштар арасында улуттук маданияттын сакталып калышынын критерийлеринин бири катары эне тилин билүү каралат. үрп-адаттарды сактоо, өз тарыхын, тилин, дилин терең өздөштүрүү сыяктуу баалуулуктарды кайра жаратуу зарыл. Жаш муундардын коомдук өнүгүүсүн изилдөөдө социалдашуу категориясы негизги орунда турушу абзел. Бүгүнкү күндө жаштардын социалдашуу процесси баалуулуктар, идеалдар системасынын өзгөрүү шартында өтүүдө. Социомаданий, экономикалык, саясий чөйрөлөрдөгү айрым кыйынчылыктарга карабастан, социалдашуу калыптанып калган моделдердин жана эрежелердин негизинде ишке ашып жатат.

Жаштардын баалуулуктук аң-сезиминин бүгүнкү абалы жөнүндөгү коомдук пикирди талдоо коомдо болуп жаткан социалдык өзгөрүүлөрдүн динамикасы жаштардын аң-сезиминин ийкемдүүлүгү, мобилдүүлүктүн жогорку даражасы, баалуулук позицияларынын динамизми, ички карама-каршылык, индивидуалдык баалуулук системаларынын туруксуздугу сыяктуу типтүү мүнөздөмөлөр менен шартталышын көрсөтөт. Демек, жаштардын баалуулук багыттары жөнүндөгү коомдук пикир көрсөткөндөй, келечек муундарынын аксиологиялык негиздемелери жаңы геосаясий кырдаалга ылайык өзгөрүүгө дуушар болууда. Аталган тенденциянын өнүгүшүндө базар экономикасы, батыш маданияты да өзгөчө орунда турат. Аталган жагдайлар сөзсүз түрдө мамлекеттик деңгээлде эске алынып, бул багытта конструктивдүү иш-чаралар иштелип чыгышы зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бакиева Г.А. Национальная идентичность и гражданство в условиях модернизации обүества. – Бишкек, 1998. -150-б.
2. Батунский М.А. Влияние Запада на развитие культурного самосознания мусульманских мыслителей России конца XIX – начала XX вв. // Цивилизации и культуры. – М., 1994. – Вып. I.-56-б.
3. Кумсков В. И. Рыночный переход в прямом и непосредственном восприятии. – Бишкек, 2006. -155-б.
4. Курманов З. Воспоминания о будуүем, или к вопросу о кризисе национальной идентичности // Слово Кыргызстана, 2007. 16 марта.
5. Урманбетова Ж.К. Мышление кыргызов в проекции философии истории. – Бишкек, 1997. -98-б.
6. Урманбетова Ж.К. Культура кыргызов в проекции философии истории. – Бишкек, 1997.-85-б.
7. Федорова Л.И. Изменения культуры в эпоху глобализации // Культурное разнообразие в эпоху глобализации, 2006. – Мурманск: МГПУ, 2006. – 4.1.
8. Фенько А.Б. Дети и деньги: особенности экономической социализации // Вопросы психологии, 2000. – №2.
9. Элебаева А.Б. Межэтнические отношения в постсоветских государствах Центральной Азии: динамика развития. – Бишкек, 2001.-108-б.


* * *

Шерматов А.О., - улук окут., Сабиров К.А.,- окут.

**Азыркы коомдун баалуулуктар тутуму**

Азыркы мезгилде Жер жүзүндөгү көп өлкөлөр демократиялык болуп саналышат же артыкчылык катары демократиялык өнүгүү жолун тандап алышкан. Демократиялык коомдо адам ишмердигин маданий жөнгө салуу баалуулуктар тутуму аркылуу ишке ашырылат.

Маданий тутумдун баалуулуктары — бул өзүнө тарыхый жана социалдык текшерүүлөрдөн, сыноодон өткөндөрдү киргизип алган жалпылоочу түшүнүктөр, ошондуктан жашоо жүрүшүндө адамдардын жүрүш-турушун жөнгө салуучу жана коомдогу социалдык топторду бириктирүүнү камсыз кылуучу эл умтулган туруктуураак идеялар, мүдөөлөр, максаттар.

Баалуулуктар түзүлүшүндө төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:
*универсалдуу* (Ата-Мекенди сүйүү жана аны коргоо; үй-бүлө; эркиндик; ден соолук; билим, адептик, диний, эстетикалык, саясий, укуктук чен-өлчөмдөрдү сактоо ж.б.);
*таптык, ички топтук* (социалдык мартабага, улутка, мансапка ж.б.);
*индивидуалдык* (адамга болгон сүйүү; белгилүү бир ишмердиктин түрүнө, жашаган жерге байлануу ж.б.).

Баалуулуктар өзү кандайдыр-бир иерархиялык түзүлүштү көрсөткөн тутумга бириккен. Ал дайыма эле туруктуу бойдон кала бербейт, көптөгөн себептердин таасири менен өзгөрүп турат:
тышкы — убактылуу (20 жаштагылар 60 жашта башкача бааланып калат),мейкиндүү (мисалы, башка өлкөгө көчүп кетүү);
ички — (мисалы, адептик катуу толкундоо, башка динге өтүп кетүү, өзүндүн улуттук же маданий окшоштугуну жаңыдан түшүнүү ж.б.).

Жеке адамдын жана бүтүндөй коомдун турмушундагы баалуулуктар милдети ар түрдүү:
алар жеке адамдын, ошондой эле адамдардын бүтүндөй муунунун (бүтүндөй коомдун) турмушуна багыт (адептик, этикалык, эстетикалык ж.б.) болуп берет;
алар коомдун өнүгүшүндө өтүүчүлүктү жана маданияттын өнүгүүсүндө үзүлбөстүктү камсыз кылышат;
алар социалдык көзөмөл механизми сапатында чыгышат, ошондуктан коомдогу тартипти жана социалдык тең салмактуулукту кармап туруу үчүн керек болушат;
алар коомдо алдын ала айтуунун кандайдыр-бир деңгээлин жана кырдаалды көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу өзгөчө бир психологиялык коргоонун ордунда болушат.

Ницше: «Эмнеге жашаарын билген, кандайдын баарын көтөрө алат»,-деп жазган. Ынандыруунун мындай тутуму жокто адамдар алсыздыгын сезишет, ал депрессияга, кайдыгерликке, фаталдуулукка, унчукпай баш ийүүгө же, тескерисинче, козголоңго, ичкиликти же баңгини көп пайдаланууга алып келет.

Баалуулуктардын ар кандай  бөлүштүрүлүшү түрү жана деңгээли боюнча

сөзсүз түрдө шарттуу болот, анткени ага социалдык жана маданий маанилер киргизилет. Анын үстүнө көп маанилүү (мисалы, үй-бүлө) тигил же бул баалуулуктарды кайсы-бир графага кошууга болбойт. Ошентсе да баалуулуктардын бир нече бөлүштүрүлүшү бар.

Мисалы, баалуулуктар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлүшү мүмкүн:
*материалдык;*
*руханий.*

Башка бөлүштүрүүдө (Б.С.Ерасов) баалуулуктар төмөндөгүдөй болгон:

*Виталдык:* өмүр, ден соолук, дене, коопсуздук, жыргалчылык, адамдын физикалык абалы (токтук, тынчтык, сергектик), күч, чыдамдуулук, турмуш сапаты, жаратылыш чөйрөсү (экологиялык баалуулуктар), тажрыйбалуулук, керектөө, жайлуулук ж.б.

*Социалдык:* социалдык абал, мартаба, эмгекти сүйүү, байлык, кесип, үй-бүлө, мекенчилдик, чыдам, тартип, демилгелүүлүк, социалдык теңдик, жыныстардын теңдиги, жетишкендиктерге жөндөмдүүлүк, жеке көз карандысыздык, коомдун турмушуна жигердүү катышуу, өткөнгө же келечекке багыттануу, жергиликтүү (кыртыштуу) же чоң аймактык (мамлекеттик, интернационалдык) багыттануу.

*Саясий:* сөз эркиндиги, жарандык эркиндиктер, мамлекеттүүлүк, мыйзамдуулук, жакшы башкаруучу, тартип, жарандык тынчтык.

*Моралдык:* жакшылык, жыргал, сүйүү, достук, милдет, абийир, чынчылдык, өзүн аябоочулук, ак ниеттүүлүк, берилгендик, өз ара жардам, акыйкаттык, улууларды урматтоо жана балдарга болгон сүйүү.

*Диний:* Кудай, кудайдын мыйзамы, ишеним, куткаруу, жыргал, үрп-адат, Ыйык Жазуу,

*Эстетикалык:* сулуулук (же тескерисинче түрү сууктук), мүдөө, эриш-ар-кактык, салтты улантуу же жаңылык, маданий өз алдынчалык же тууроо ж.б.

Америкалык окумуштуу Ж.Рокич баалуулуктардын эки классын бөлүп көргөзөт:
терминалдыкты (базалык) окумуштуу жеке жашоонун кандайдыр-бир түпкү максаты жеке жана коомдук көз караштан алганда, ага умтулууга татырлык ишеним катары аныктайт.
инструменталдыкты — иш-аракеттин кандайдыр-бир элеси (мисалы, чынчылдык, рационалдуулук) жеке жана коомдук көз караштан алганда кандай гана жагдай болбосун артыгыраак болуп эсептелген ишеним катары аныктайт. Рокичтин ою боюнча, дал мына ошол тигил же бул улуттук маданиятка таандыктык көрсөтүлгөн деңгээлдер боюнча баалуулуктарды бөлүштүрүүнү шарттайт жана тигиндей же мындай жүрүш-туруш эрежелерин болжолдойт.

В.А. Ядовдун бөлүштүрүүсүндө *инсандын баалуулук багыттары, мүдөө менен макулдукка келип, турмуштук максаттардын — алыскы, ортоңку, жакынкы баалуулук иерархиясын, ошондой эле үлгү катарында жүрө турган жүрүш-туруштун (баалуулуктар-каражаттар) чен-өлчөмдөр жөнүндөгү түшүнүгүн түзөт. Инсандын баалуулук багыт алуу тутумунун чокусунун келечекте эңсеткен— турмуштук мүдөө болуп эсептелет.*

Окумуштуунун пикири боюнча баалуулук багыттар — көп комплекстүү түзүлүш. Ал өзүнө инсандын социалдык тажрыйбасын чагылткан *когнитивдик (маанилик) курамчаны;* инсандын баалуулуктарга болгон мамилесин жана бул мамиленин мазмунун ачып берген *эмоционалдык курамчаны;* конкрет кырдаалга карата иш-аракеттин планын камтыган *жүрүш-туруштук курамчаны* киргизет.

Адамдык баалуулуктарды талдоого алуу менен алардын төмөндөгүдөй мүнөздөмөлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот: адамдын энчисине тийген баалуулуктардын жалпы саны анча деле көп эмес;

- адамдардын баары ар кандай деңгээлде болгону менен, бирдей эле баалуу луктарга ээ;
- адамдардын баалуулуктарынын булагы маданиятта, коомдо жана анын институттары менен инсанда байкалып турат;

- баалуулуктардын таасири окуп-үйрөнүүгө татыктуу, бардык социалдык феномендерде байкалып турат.

Дүйнөнүн ар кандай маданияттарындагы баалуулуктарды түшүнүү жана алардын катышы ар кандай. Ошондуктан ар кандай маданияттарда биринчи орунга баалуулуктардын ар түрдүү топтору чыгат.

Батыш коомдорунда, бул кейпи, инсандын автономиясын жана демократияны сактоону камсыз кылуучу социалдык жана саясый баалуулуктар болот; Чыгышта биринчи планга диний баалуулуктар чыгышы ыктымал (мисалы ислам дүйнөсүндө); ошол эле учурда Япониянын баалуулуктар тутумунда эстетикалык баалуулуктар өтө чоң мааниге ээ болот. Мисалы, Япониянын маданиятында гүлдөгөн сакураны жана клендун күзгү кызарып келаткан жалбырактарын суктанып карап олтуруу салтка айланган... Өлкөнүн ири газеталары күн сайын кайсы префектурадагы сакуранын гүлдөрү ачылганы тууралуу кулактандыруу басып турат; корпорациялар жана чакан ишканалар атайын транспорт жалдашат да, өз кызматкерлерин гүлдөгөн дарак менен бир нече саат суктанышы үчүн, табиятка алып чыгышат. Көптөгөн илимпоздордун пикири боюнча, япондордо бала кезинен баштап эле дал мына ошол эстетикага, шөкөткө бурулган өзгөчө көңүл 1960-жылдардагы «экономикалык керемет-тин» негизги себеби болуп калган жана мисалы, ар бир ишканадагы болуучу «сапат ийрими» аркылуу, дагы эле өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө жардам кылуусун улантууда.

Эгер Кыргызстанга кайрыла турган болсок, анда биринчи орунга, балким социалдык баалуулуктар чыгат, бирок батыш өлкөлөрүнөн айырмаланып,үй-бүлөлүк, уруулук жана кландык байланыштар, өткөнгө багыттануу (келечекке эмес) ж.б. сакталып калган.

Экинчи дүйнөлүк согуштан жана БУУ түзүлгөндөн кийин, негизине туруктуу жана коопсуз дүйнө курууга боло турган баалуулуктар маселеси өтө курч болуп калды. Жалпы адамзаттык баалуулуктар адамзаттын турмуштук тажрыйбасынын бирдигин чагылтып, маданияттын бүтүндүгүн камсыз кылышы керек болчу. Ар бир элдин маданиятынын түпкү негиздеринде бардык маданияттар үчүн көбүрөөк же азыраак окшош баалуулуктар болот. Алар маданий универсалиялардын милдетин аткарышат.

Адамзаттын өнүгүшүнүн улам жаңы баскычы, анын жашоосунун шарттарына адекваттуу ылайыгыраак келген баалуулуктардын өз тутумун түзөт. Бирок, ал өткөн доорлордун баалуулуктарын коомдук мамилелердин жаңы тутумуна киргизүү аркылуу, зарылдык менен мурастап алат. Маданий универсалияларда бекитилген жалпы адамзаттык баалуулуктар жана мүдөөлөр адамзаттын аман калуусун жана өркүндөшүн камсыз кылышат.

Азыркы маданиятта адамдын адамга, өз шеригинин эркиндигин таанууга болгон маектик мамилеси түзүлөт. Өз тарыхында адамзат тарабынан түзүлгөн баалуулуктарды маанилердин мухитинен тандап алууну адам өзү ишке ашырат. Ошол эле мезгилде жалпыадамзаттык баалуулуктар — абстрактуу түшүнүк эмес. Алар улуттук баалуулуктардан өсүп чыккан, ал эми азыр болсо ар бир улуттук маданиятта конкреттүү түрдө ишке ашып жатат. Николай Бердяев: «Улут сапаты анда катылган адамгерчиликке байланыштуу», — деп жазган.

В.В. Лыкова «Улуттук окшоштукту ааламдашуу мазмунунда өзгөртүү» аттуу макаласында: «баалуулуктардын, эрежелердин, диний ишенимдердин, багыттардын, көз караштардын тутуму катары түшүнүлгөн маданиятты өзгөртүү жүрүшү бир топ деңгээлде обңективдүү жана зарыл болот. Бирок, ал башка жүрүп жаткан ааламдык жүрүштөр сыяктуу эле дүйнөлүк аренада алдыга озгон өлкөлөрдүн кызыкчылыктары үчүн жасалат», — деп белгилейт.

Айрым өлкөлөрдө калктын бөлүгү жашоонун батыш үлгүсүн алууга даяр; бирок, ааламдашуунун натыйжаларынын бири болуп, С.Хантингтон белгилегендей «бөлүнгөн цивилизациялар» феномени болуп калды. Бул калктын элитасы жана массасы өздөрүн баалуулуктардын ар кандай тутумдарына таандык экенин түшүнгөн цивилизациялар.

Ошондой болсо да ааламдашуу жаңы ааламдык баалуулуктарды түзүү үчүн бардык улуттук маданияттардын дүйнө сүрөтүн «кайра түзүүсүн» обңективдүү түрдө талап кылат. Жада калса Кыргызстандын мисалында деле улуттук  тарыхый окшоштуктарды «кайра жасоо»

жүрүшү батыштан башка өлкөлөрдө деле башталганын белгилөөгө болот. Тарыхты «кайра жазуу», геосаясый мейкиндиктеги өзүнүн ордун котоpуу жүрө баштады, улуттук маданий катмарлар баасын жоготууда. Биздин дүйнөдөгү аз гана өлкөлөргө өзүнүн маданий мурасын «жууп кетүүдөн» сактап калуу мүмкүн болууда. Ааламдашуу дүйнөсүндө маданий жана улуттук окшоштукту сактап калуунун классикалык мисалы катары Японияны көрсөтүүгө болот.

Бирок, Япония деле, дүйнөнүн калган башка өлкөлөрү деле биз жалпы адамзаттык деп атаган баалуулуктарды кабыл алышат.

Философиялык энциклопедия жалпыадамзаттык баалуулуктарды төмөндөгүдөй аныктайт: бул «адам жөнүндөгү философиялык окуунун тутумуна кирген түшүнүктөрдүн жыйындысы... Жалпы адамзаттык баалуулуктар дагы башка баалуулуктардан саясый, диний жана башка ышкылардан эркин адам уруусунун жалпы кызыкчылыктарын билдирип тургандыгы менен бөлүнүп турат, жана бул сапатта адам цивилизациясынын императиви катары аракеттенишет...

Дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган жалпыадамзаттык баалуулуктарга жашоо, эркиндик, бакыт, ошондой эле өзү өндүүлөр менен мамилелешүүдө ачылган адам табиятынын жогорку көрүнүштөрү таандык. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды тебелөө адамзатка каршы жасалган кылмыш катары каралат.

Өткөн мезгилдерде азыр биз жалпыадамзаттык деп атап жүргөн баалуулуктардын универсалдуулугу этномаданий жана социалдык коомчулуктардын алкагында гана ишке ашуучу, алардын маанилүүлүгү кудайдын эрежелерине негизделген. Бирок, мезгилдин өтүшү менен, адам табиятынын бирдейлигин түшүнүү жана эң төмөнкү турмушта жашап жүргөн элдердин дүйнөлүк адамзат цивилизациясына кошулуу аракеттеринен улам жалпыадамзаттык баалуулуктар бүтүндөй планеталык деңгээлде бекемделе баштады. Жалпыадамзаттык баалуулуктарды бекемдөө үчүн адамдын табигый укуктарынын концепциясы аябагандай чоң мааниге ээ болду.

Адамзат цивилизациясынын бирдигин түшүнүү эл аралык маанилүү документтердин, биринчи кезекте адам укугунун Жалпы Декларациясынын негизи болуп калды.

Декларациянын беренелери укуктук мейкиндикте жашоо, эркиндик жана жеке кол тийбестик, басмырлоолордон коргоо, үй-бүлө ж.б. жалпыадамзаттык баалуулуктарды киргизди. Декларацияны ратификациялаган өлкөлөр адамдардын аң-сезиминде жалпыадамзаттык баалуулуктардын инсандын эркиндигинин жана укуктарынын негизи катары бекемдешип, өздөрүнүн мыйзам чыгарууларын эл аралык чен-өлчөмдөр менен тууралоого милдеттеништи.

*Патриот* (грек. Patriots — жердеш, мекендеш) — өз өмүрүн мекендин кызыкчылыктарына баш ийдирген инсан.

*Мекенчилдик* — мекенге кызмат кылууга жана аны душмандардан коргоого даярдыктан көрүнгөн эмоционалдык мамиле. Бул түшүнүктүн моралдык мазмуну философиялык сөздүктө толугураак аныкталган: «Патриоттуулук (грек. Patris — мекен) — адептик жана саясый негиз, мазмуну мекенди сүйүү, ага берилгендик, өткөндөрү менен учурдагыларына сыймыктануу, анын кызыкчылыктарын коргоого умтулуудан турган социалдык сезим». Мекенчилдик кыргыз маданияты үчүн дайыма негизги түшүнүк болуп келген.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бакиева Г. Социальная память и современность. — Б., 2000
2. Буровскии А.М. Мировая цивилизация: генезис, сууность, перспективы// Цивилизация. — Вып. 5. — Проблемы глобалистики и глобальной истории. — М, 2002.
3.Какеев А.Ч. Идеи патриотизма в творчестве кыргызских мыслителей//Диалог цивилизаций. №2 (5). 2004.
4.Намазова А.Ж., Иманбакаева М.Г. С чего начинается гражданин. — Бишкек, 2004.

***

## БИЗДИН АВТОРЛОР

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Абдирашитова Н.А. | - КМАКТУ, окутуучу |
| 2. | Абдылдаев А.А. | - ЖАМУ, |
| 3. | Абдырахманова Г.Б. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 4. | Абжалиева Н. | - ОшМУ |
| 5. | Айтикеев Н.Ж. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 6. | Айылчиева М.А. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 7. | Акматалиев А. | - ОшМУ |
| 8. | Алибаева М. А. | - ЖАМУ |
| 9. | Алыканов Ж.Т. | - ЖАМУ, изденүүчү |
| 10. | Асанова К.А. | - ЖАМУ, |
| 11. | Аскарова А.К. | - ЖАМУ,э.и.к., доцент |
| 12. | Ашипалиева Б.А | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 13. | Аюпов Ф. Г. | - ИО и ПК ЮО НАН КР |
| 14. | Бакалаева Л.К. | - ЖАМУ, улук окут. |
| 15. | Бакирова А.А. | - ЖАМУ, |
| 16. | БараковаА.А. | - КК колледжи, окутуучу |
| 17. | Батырова Ы. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 18. | Бекболотова Э.О. | - ЖАМУ, |
| 19. | Беккулов М.И. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 20. | Белекова К. | - К-УУ |
| 21. | Бечелова А. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 22. | Божуева Э. | - ЖАМУ, доценттин м.а. |
| 23. | Боркошова.С.М. | - ЖАМУ, |
| 24. | Джаманбаев Ж.А. | - ЖАМУ, |
| 25. | Дүйшеев Ж.К. | - УЭП, к.и.н., доцент |
| 26. | Жамашева Н.С. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 27. | Жолболдуева Д.Ш. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 28. | Жолдошалиева Н.С. | - ЖАМУ, |
| 29. | Илиясова О. | - ЖАМУ |
| 30. | Иманкулов З.И. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 31. | Исаков Б.М. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 32. | Исмаилова К.Д. | - ЖАМУ, |
| 33. | Кадыров Т.А. | - КМТУ, КТИ, улук окутуучу |

| | | |
|---|---|---|
| 34. | Кадырова Ч.Т. | - ЖАМУ |
| 35. | Карабекова Ч.К. | - ЖАМУ |
| 36. | Карбекова А.Б. | - ЖАМУ, э.и.к. доц.м.а. |
| 37. | Каримов А. | - ЖАМУ, т.и.д. |
| 38. | Каримова С. | - ОшМУ |
| 39. | Касымбеков С.Н. | - ЖАМУ |
| 40. | Качкынбаев Н. | - АКК, а.и.к., доцент |
| 41. | Кедейбаева Ж. | - ОшТУ |
| 42. | Кенжекулов И. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 43. | Кенжекулов К. Н. | - ЖАМУ, ТИПИ окутуучу |
| 44. | Кожалиев А. | - ЖАМУ |
| 45. | Кулназаров А | - К-УУ |
| 46. | Курбанбаев К. | - ОшМУ |
| 47. | Курманбекова Д.Д. | - ЖАМУ |
| 48. | Кыдыралиев С. | - ЖАМУ, т.и.д., проф. |
| 49. | Мамыралиева А.Т. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 50. | Мамырасулов А.С. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 51. | Мамырова Т.О. | - КК колледжи, цикл башчысы |
| 52. | Махмудова Г.У. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 53. | Молдокеев М.Т. | - ЖАМУ |
| 54. | Мурзалиев К. | - ЖАМУ |
| 55. | Мусакулов Н.К. | -ЖАМУ, окутуучу |
| 56. | Мырзаибраимова И.Р. | - ОшМУ, улук окутуучу |
| 57. | Найманбаев М.Ж. | - ЖАМУ, п.и.к. доцент |
| 58. | Нарматова К.К. | - ЖАМУ |
| 59. | Носиров Ш. | -К-УУ |
| 60. | Нусупова Р.С. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 61. | Оморов Н.А. | - ЖАМУ |
| 62. | Ормогоева А.А. | - ЖАМУ |
| 63. | Орозбаев Б.С. | - КУАУ,а. и. к, доцент |
| 64. | Орозбаева Ж.М. | - ЖАМУ |
| 65. | Орунбаев К.К. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 66. | Осконбаева С. | - ЖАМУ |
| 67. | Осмонова Б.М. | - ЖАМУ,улук окутуучу |
| 68. | Пратова А.Т. | - ЖАМУ, үйрөнчүк окутуучу |
| 69. | Пулатова Г.Т. | - КМТУ, КТИ, улук окутуучу |
| 70. | Разаков М. | - ЖАК, улук окутуучу |
| 71. | Сабиров К.А. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 72. | Садыралиев Ж. | - Жалал - Абад обл. стат. башк. жетекчиси |
| 73. | Садыралиева Г.Р. | - ЖАМУ, ТИПИ улук окутуучу |
| 74. | Сакибаев К.Ш. | - ОшМУ |
| 75. | Самиева А. | -ОшМУ |
| 76. | Салимов Р. | - К-УУ |
| 77. | Сатканкулов Э.С. | - ЖАМУ |
| 78. | Сатканкулова М. | - ЖАМУ |
| 79. | Сейталиева Т.Ж. | - КК колледжи, окутуучу |
| 80. | Сулайманова Ч.А. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 81. | Суленов К.Ж. | - ЖАМУ |

| | | |
|---|---|---|
| 82. | Сыдыков С.Ш. | - ЖАМУ |
| 83. | Тавалдиев К.А. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 84. | Таирбеков С.Т. | - ЖАМУ |
| 85. | Танаков Н.Т. | -ОшМУ |
| 86. | Ташиева К.М. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 87. | Ташкулова Ш.Б. | - К-УУ |
| 88. | Темирова А.А. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 89. | Термечикова А.М. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 90. | Термечикова С.М. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 91. | Токоева Г.С. | - ЖАМУ, ф.и.к., доцент |
| 92. | Токтогулов С. | - ЖАМУ, п.и.д., проф. |
| 93. | Толонов Э.Н. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 94. | Турдубеков Б.М. | - ЖАМУ, э.и.к. проф. |
| 95. | Чортонбаев Т.Дж. | - КУАУ, а.и.д. |
| 96. | Чоюнова А.Т. | - ЖАМУ, доцент. м.а. |
| 97. | Шакирова Н.А. | - ОшМУ, улук окутуучу |
| 98. | Шамшиев Р.К. | - ЖАМУ, ф.и.к., доцент |
| 99. | Шарипова Э. | - ОшМУ |
| 100. | Шекерова Г. | - ЖАМУ, окутуучу |
| 101. | Шерматов А.О. | - ЖАМУ, улук окутуучу |
| 102. | Эгембердиева Р. | - ЖАМУ |
| 103. | Эргешов Б.Т. | - ЖАМУ |
| 104. | Эргешов М.К. | - УЭП |
| 105. | Эркебаев Э.М. | - К-УУ |
| 106. | Эрназарова Б.К. | - ЖАГУ |

# МАЗМУНУ

## ӨНӨР ЖАЙ, ТРАНСПОРТ, КУРУЛУШ, ЭНЕРГЕТИКА ЖАНА ТУРИЗМ


1 *З.И.Иманкулов, А.М.Термечикова, Ы.Батырова*
Роль физики в перспективе развития информационных технологий……………………………………………………….......... 3

2 *З.И.Иманкулов, Ы.Батырова, А.Термечикова*
Возможности создания электронной среды обучения на ЖАГУ на основе открытых ресурсов……………………………………….......... 5

3 *А.Каримов, Шекерова*
Особенности трансформаторного парка Жалал-Абадского предприятия высоковольтных электрических сетей…………….......... 7

4 *Касымбеков С.Н., Молдокеев М.Т., Эргешов Б.Т.*
Кинематический анализ ударного МПС перфоратора с ручным приводом........................................................................................ 11

5 *Кенжекулов К.Н.*
Методы определения уүерба от нарушения электроснабжения промышленных предприятий со стороны энергосистемы …………...... 15

6 *Мырзаибраимова И.Р.*
Современное состояние и развития жилиүно-строительного комплекса в КР………………………………………………............................ 20

7 *Мырзаибраимова И.Р.*
Жилиүное строительство как важная сфера приложения социальных затрат………………………………………………............................ 26

8 *Оморов Н.А.*
Формирование структуры алюминиевого сплава 1561 в режимах сверхпластичности……………………………………………....... 35

9 *Сулайманова Ч.А., Мусакулов Н.К.*
Туризм в Жалал-Абадской области: состояние и перспективы…....... 37

10 *Эрназарова Б.К., Ж. А. Джаманбаев, Бакирова А.А., Сатканкулова М., Бечелова А.*
Синтез производных пиразола на основе гликозилметилмочевин......... 40

## *ЭКОНОМИКА ЖАНА АГРО-ӨНӨР ЖАЙ КОМПЛЕКСИ*

*Абдырахманова Г.Б., Махмудова Г.У.*
11 Роль бухгалтерского учета в страховых компаниях…………………….. 46

*Айылчиева М.А.,Тавалдиев К.А.*
12 Элетти көтөрүүдөгү чет элдик инвестициялардын ролу…………… 49

*Айылчиева М. А, Турдубеков Б.*
13 Айыл жергесиндеги кыз - келиндердин жумушсуздугун жоюу.................. 53

*Ашыралиева Б.А., Жолболдуева Д.Ш.*
14 Социально-экономическая природа малого и среднего предпринимательства в странах с развитой экономикой………………... 56

15 *Жамашева Г.С., Ашыралиева Б.А.*
«Инфляция и антиинфляционная политика в условиях перехода к рыночной экономике»……………………………………………......... 61

16 *Жолболдуева Д.Ш., Махмудова Г.У.*
Проблемы малого и среднего предпринимательства в Кыргызской Республики и пути их решения………………………………….......... 64

*Кадыров Т.А., Пулатова Г.Т.*
17 Концепция и экономические рычаги реализации инвестиционной политики Кыргызской Республики…………………………….......... 69

18 *Кадырова Ч.Т., Чортонбаев Т.Дж., Сатканкулов Э.С., О. Илиясов.*
Молочная продуктивность и биохимический состав молока помесей коз кыргызской пуховой породы с козлами Зааненской породы…......... 75

19 *Качкынбаев Н., Орозбаев Б.С., Чортонбаев Т.Дж.*
Гиссар тукумундагы койлорду өстүрүүнүн өзгөчөлүктөрү……….. 78

20 *Кенжекулов И.*
Роль финансов в регулировании экономики и его совершенствовании..... 81

|  |  |  |
|---|---|---|
| 21 | *Мамырова Т.О., Баракова А.А., Сейталиева Т.Ж.*<br>Актуальность логистики товародвижения в условиях реформируемого Кыргызстана……………………………………………………........................................... | 83 |
| 22 | *Мамырова Т., БараковаА.А.*<br>«Научно-технический прогресс в области экономики»............................ | 85 |
| 23 | *Мамыралиева А.Т., Аскарова А.К.*<br>Айыл чарба өндүрүшүн математикалык моделдештирүүнүн негизинде оптималдаштыруу………………………………………….............. | 90 |
| 24 | *Мусакулов Н.К, Сулайманова Ч.А.*<br>Роль бизнес инкубаторов в решении проблем занятости и развитии малого предпринимательства……………………….............................. | 93 |
| 25 | *Садыралиева Г.Р.*<br>Собственность в сельском хозяйстве - основа производства сельхозпродукции…………………………………………………….............. | 96 |
| 26 | *Сакибаев К.Ш., Танаков Н. Т.*<br>Современное состояние производство фасоли в Кыргызстане ................ | 99 |
| 27 | *Сакибаев К. Ш., Танаков Н. Т.*<br>Подбор сортимента и разработка элементов технологии возделывания фасоли обыкновенной.......................................................................... | 104 |
| 28 | *Сыдыков С.Ш.*<br>Айыл турмушу - өлкө күзгүсү………………………………................... | 110 |
| 29 | *Толонов Э.Н.*<br>Экономический эффективность и проблемы использования водных ресурсов Кыргызской Республики…………………............................... | 112 |
| 30 | *Турдубеков Б.М., Жолболдуева Д.Ш.*<br>Малое и среднее предпринимательство - как приоритетный сектор в переходной экономике стран СНГ……………………...................... | 116 |
| 31 | *Шакирова Н.А.*<br>Влияния банковских услуг на эффективность работы предприятий……........................................................................... | 120 |
| 32 | *Эргешов М.К.*<br>Основные проблемы финансовой самообеспеченность органов местного самоуправления в Жалал-Абадской области.............................. | 124 |

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗҮН-ӨЗҮ БАШКАРУУ ЖАНА КООМДУК САЯСАТ


*Исмаилова К. Д.*
33 Совершенствование практики трудоустройства молодых специалистов с высшим образованием……………………….................................. 128

*Тавалдиев К.А., Айылчиева М.*
34 Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансалык-экономикалык негизи жана бюджеттик түзүмү…………………........ 130

*Шамшиев Р. К.,Ташиева К. М.*
35 Кыргыз Республикасында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун укуктук-экономикалык негиздери………….......................... 133


## МЕДИЦИНА ЖАНА ЖАЛПЫ ЭКОЛОГИЯ


*Абдылдаев А.А.*
36 Роль повышения среднегодовой температуры воздуха и проживание вблизи урановых хвостохранилиү в развитии злокачественных и врожденных заболеваний у населения Кыргызской Республики ............ 137

*Асанова К.А. Нарматова К.К. Термечикова С.М.*
37 Нейрохимические исследования при зимней спячке…………................... 142

*Аюпов Ф.Г.*
38 О зависимости между временем удвоения веса новорожденных и содержанием белка в материнском молоке................................................ 145

*Беккулов М.И., Айтикеев Н.Ж., Осмонова Б.М.*
39 Некоторые вопросы интеграции профилактических программ, связанных с ВИЧ-инфекцией и смежными проблемами в учебный процесс образовательных организаций...................................................... 147

40 *Белекова К., Носиров Ш., Ташкулова Ш.*
Экологическое сознание Кыргызского этноса........................................... 150

*Боркошова.С.М., Алибаева М. А., Бекболотова Э.О.*
41 «В» тобундагы витаминдердин организмге тийгизген таасири жана аз кандуулук............................................................................................ 153

*Карабекова Ч.К., Темирова А.А.*
42 Учурдагы айрым экологиялык проблемаларды кыскартуунун жолу.................................................................................................................. 156

43 *Карбекова А.Б., Алыканов Ж. Т.*
Эффективность использования земельных ресурсов Жалал-Абадской области........................................................................................................ 160

44 *Кожалиев А.*
Природный йододефицит в условиях Жалал-Абадской области Кыргызской Республики......................................................................... 166

45 *Курбанбаев К., Каримова С.*
Экологические проблемы Кыргызстана.................................................... 169

46 *Курманбекова Д., Бекболотова Э., Ормогоева А., Жолдошалиева Н.*
Түндүк Фергана тоо кыркаларындагы жер көчкү процесстеринин пайда болуу себептери жана аларды болтурбай коюунун иш чаралары......................................................... 172

47 *Садыралиев Ж.*
Жалал- Абад областынын ресурстарын натыйжалуу пайдалануу........................................................................................ 174

48 *Орозбаева Ж.М., Бакалаева Л.К.*
Определение органолептических показателей питьевой воды г. Жалал-Абад и Жалал-Абадской области.............................................................. 180

49 *Осмонова Б.М., Беккулов М.И., Абдирашитова Н.А.*
Экология и здоровье человека................................................................... 186

50 *Толонов Э.Н.*
Экономический эффективность и проблемы использования водных ресурсов Кыргызской Республики........................................................... 189

51 *Шарипова Э., Абжалиева Н., Самиева А.*
Экологические воззрения Джоомарта Боконбаева.................................... 192

52 *Эркебаев Э.М, Ташкулова Ш.Б.*
Проблема природы и человека в условиях глобализации......................... 196

## ***ФИЛОСОФИЯ ЖАНА ИНСАНДАГЫ БААЛУУЛУКТАР***

53 *Дүйшеев Ж.К., Нусупова Р.С.*
Не которые вопросы региональной этнопсихологии................................. 200

54 *Исаков Б.М., Орунбаев К.К.*
Нравственные учения в трудах Аль-Фараби.............................................. 201

*Кулназаров А., Акматалиев А., Курбанбаев К.*
55 Инсандын нравалык аң-сезимин калыптандыруу маселелери........ 204

56 *Кулназаров А., Салимов Р., Белекова К.* 208
Религиозные взгляды восточных мыслителей.........................................

57 *Кулназаров А., Шарипова Э., Ташкулова Ш.*
Глобализация и особенности исламской религии..................................... 212

*Кыдыралиев С.*
58 Кыргыз улутунун жана билим берүүсүнүн учурдагы көйгөйлөрү........................................................................................ 214
*Кыдыралиев С.*
59 Алымбек датка жана кыргыз улутунун азыркы акыбалы................ 219

*Мамырасулов А.С. Пратова А.Т.*
60 Профессор ХасановА.Х.- чебер устат, тарбиячы жана чыгаан окумуштуу ......................................................................................... 223

*Найманбаев М.Ж., Чоюнова А.Т., Божуева Э.*
61 Жаш муундарды фольклор аркылуу тарбиялоо................................ 227

*Нусупова Р.С.*
62 Толерантность как личностно значимая ценность……………................ 231

*Орунбаев К.К., Исаков Б.М.*
63 Нравственные парадигмы, ценности и ориентиры социальной работы.................................................................................................... 233

*Орунбаев К.К., Сабиров К.А.*
64 Адам балуулуктарынын негизги өзгөчөлүктөрү............................ 236

*Осконбаева С., Боркошова С.*
65 Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы экологиялык тарбиянын чагылдырылышы.......................................................................... 239

*Сабиров К.А., Орунбаев К.К.*
66 Азыркы улуттук аң-сезимдин калыптанышындагы төкмөчүлүктүн орду.................................................................................................... 242

*Суленов К.Ж.,Мурзалиев К.А.,Таирбеков С.Т.*
67 Физиканын кыргыз тилинде окутуунун азыркы абалы тууралуу.............................................................................................. 245

| | | |
|---|---|---|
| 68 | *Суленов К.Ж, Мурзалиев К.А., Эгембердиева Р*<br>Исламды тарбия иштеринде колдонуунун принциптери жөнүндө...................................................................................... | 248 |
| 69 | *Токоева Г.С. Шерматов А.О.*<br>Топчубек Тургуналиев – эгемендүү Кыргыз Республикасынын демократы...................................................................................... | 250 |
| 70 | *Токтогулов С., Разаков М.*<br>Формирования здорового образа жизни студентов – как один из подходов модернизации содержание обучения физического воспитания в колледжах Кыргызской Республики........................................................ | 255 |
| 71 | *Шамшиев Р.К.*<br>Илимдеги улуулукту жөнөкөйлүк менен түшүндүргөн устат.......... | 258 |
| 72 | *Шарипова Э., Кедейбаева Ж., Эркебаев Э.*<br>Жаштардын баалуулук багыттарынын жаңы геосаясий мейкиндиктеги өзгөчөлүктөрү............................................................... | 261 |
| 73 | *Шерматов А.О., Сабиров К.А.*<br>Азыркы коомдун баалуулуктар тутуму................................... | 265 |
| 74 | *Биздин авторлор*.................................................................... | 270 |